Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК Ошского государственного университета

№3 - 2013

ISBN 9967-03-032-1 ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ
КООМДУК, САЯСИЙ ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ

ISBN 9967-03-030-5 ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ

«ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ»

ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

2013-жыл, №3

Башкы редактор,
ф.и.д., профессор Исаков К.А.

Башкы редактордун орун басары,
б.и.д., профессор Жумабаева Т.Т.

ISBN 9967-03-032-1

ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ
КООМДУК, САЯСИЙ ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ

ISBN 9967-03-030-5

ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ:

1. Зулпукаров К.З. – филол.и.д., проф.
2. Жусупакматов Л. - филол.и.д., проф.
3. Абдувалиев И.А. - филол.и.д., проф.
4. Калыгулова С.Ш. – фил.и.к., доц.

ПЕДАГОГИКА-ПСИХОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ:

1. Анаркулов Х.Ф. – пед.и.д., проф.
2. Бабаев Д.Б. – пед.и.д., проф.
3. Момуналиев С.М. – пед.и.д., проф.
4. Алтыбаева М.А. - пед.и.к., проф.
5. Батыралиев А. – пед.и.к., доц.
6. Закиров А.З. – психол. и.к., проф.
7. Турдубаева Г.Т. – п.и.к., проф.
8. Акматова Т.А. – п.и.к., доц.
9. Эгембердиев Ж. – ф.-м.и.к., доц.

ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕРИ:

1. Купуев П.К. - э.и.д., проф., КР УИА нын мүчө-корреспонденти
2. Тургунбаев Ж.Т. - э.и.д., проф.
3. Эргешбаев У.Ж. - э.и.д., доц.
4. Култаев Т.Ч. - э.и.д., доц.

МЕДИЦИНАЛЫК ИЛИМДЕРИ:

1. Жээнбаев Ж.Ж. – мед.и.д., проф.
2. Жолдубаев Р.Дж - мед.и.д., проф.
3. Жумабаев А.Р. - мед.и.д., проф.
4. Тайчиев И.Т. - мед.и.д., проф.
5. Осумбеков Б.З. - мед.и.д., проф.
6. Эшиев А. - мед.и.д., проф.

БИОЛОГИЯЛЫК ИЛИМДЕР:

1. Каримова Б.К. - б.и.д., проф.
2. Кулназаров Б.К. - б.и.д., проф.
3. Соорбеков Ж.С. – б.и.д., проф.

ТЕХНИКАЛЫК ИЛИМДЕРИ:

***Энергетика*:**

1. Кенжаев И.Г. - тех.и.д., проф. (теплофизика, теор. механика).
2. Абдуллаева М.Д. - тех.и.д., д., проф.

Ош МУнун редакциялык-басма кеңешинин чечими менен басууга сунушталды

***Берилген материалдардын сапаттуулук деңгээлине, илимий мазмунуна, жаңылыгына, автор, сунуштаган кафедра жана рецензиялаган окумуштуу жооптуу**

МАЗМУНУ

1.	***М.Н. Абдикаримова, Ж. Нуракова, Ч.А. Тыныбекова*** Салыштырма тил илиминде интонациянын изилдениши жөнүндө …….....	7
2.	***Д.Т. Айылчиева, А. А. Жусупова, М. А. Атакулова*** Пословичная инвариантность как объект киргизской лингвопаремиологии …….....	11
3.	***Ф.Э. Алиева*** Мазмуну терең макала …….....	14
4.	***С.М. Амиралиев*** «Ит» фрейминин концептуалдык мазмуну: денотаттын касиеттери, түрлөрү (породалары) жана функциялары …….....	17
5.	***С. М. Амиралиев*** «Ит» концепти социумдун аксиологиялык парадигмасында	20
6.	***Г.С. Бакирова*** Т. Сыдыкбековдун жазуучулук чеберчилиги	23
7.	***З.Т. Бекмуратов*** Что такое «направление движения» и как оно выражается в языке	25
8.	***Ж.Т. Джумаева*** Түгөлбай Сыдыкбеков кеп маданиятынын тазалыгы жөнүндө	27
9.	***А.А. Жусупова, Д.Т. Айылчиева*** О провербиальном пространстве языка ……..	30
10.	***А.А. Жусупова, Д.Т. Айылчиева, К.З. Зулпукаров*** Константы и переменные в содержании изречений	33
11.	***С.Ш. Калыгулова, А.К. Раззакова*** Методика работы с газетой – с заголовками	36
12.	***Т.П. Кенжебаева*** **Концепт и понятие .....**	39
13.	***А.З. Маликова, К. Акбар кызы, Р.Б. Дыйканбаева*** Некоторые особенности англоязычной деловой корреспонденции	42
14.	***М. Мамутов, А. Жумабаева*** Кыргыз тилиндеги аффиксалдык плеоназмдар жөнүндө	45
15.	***М. Мамутов, А. Жумабаева*** Кыргыз тилиндеги плеоназм кубулушу	48
16.	***Б.К. Орозбаева, Р.Б. Дыйканбаева*** О развитии навыков чтения научно-популярных и профессиональных текстов	51
17.	***А.К. Раззакова*** Сложные глаголы в кыргызском, английском и японском языках	54
18.	***А.К. Раззакова*** Сравнительно-сопоставительный анализ сложных глаголов в кыргызском, английском и японском языках	57
19.	***Ж.Ф. Сарыкбаева, З.А. Мураталиева*** Spiele als Unterrichtsmethode ……	61
20.	***Д. Суркеева*** Sound similarities of certain interjectional words in some Indo-European, Kyrgyz and Russian languages	65
21.	***А.М. Турдубаева*** Кыргыз тилинде жаңы маанилердин пайда болушу (неологизмдер) жөнүндө	68
22.	***А.М. Турдубаева*** К.К. Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” жыйналган сөздөрдүн ичинен, адамдардын социалдык абалын, туугандык катышын билдирген сөздөрдүн архаизмдерге өтүп кеткендери	71
23.	***Э.Н. Ыбрайымова*** Лингвопоэтический анализ произведения Джека Лондона «Белый Клык»	73
24.	***Г.А. Жутанова*** Жогорку окуу жайында дидактикалык оюндарды уюштуруунун өзгөчөлүктөрү	78
25.	***Г.А. Жутанова*** Дидактикалык оюндарды өткөрүүнүн педагогикалык шарттары	80

26.	***К.М. Капарова*** Коммуникативная направленность в обучении русскому языку студентов неязыковых вузов	84
27.	**А.А. Осмонова** Роль и место критического мышления в формировании профессиональной компетентности будущего юриста	87
28.	***Б. Секимова*** Оюндардын сабактагы ролу	91
29.	***Т.Д. Сыдыкова, К.Т. Дуванаева*** Организация самостоятельной работы студентов на практических занятиях по иностранному языку	95
30.	***Н.К. Шамшиева, Г.З. Абдрасакова, У.А. Чотурова, Кудиева А.И.*** Интерактивдүү усулдарды медицина багытындагы сабактарда колдонуу ...	99
31.	***Т.Ш. Ысаков, Шарип кызы А., М. Ысакова*** Мектеп окуучуларына педагогикалык инновациялык усулдарды колдонуу менен сабактарды уюштуруунун эфективдүүлүгүн жогорулатуу	103
32.	***А.Т. Бердиев*** А. Масалиевдин башкаруу мезгилиндеги тил маселесинин актуалдуулугунун жогорулашы	105
33.	***А.Т. Бердиев*** А. Масалиевдин мамлекетти башкаруудагы адамдык жогорку сапаттары бүгүнкү, эртеңки жетекчилер үчүн үлгү (А. Масалиевдин 80 жылдыгына арналат)	108
34.	***А. Закиров, Г.Т. Каримбекова*** Этнический стереотип: семейно-бытовых стереотипов на материале кыргызского этноса	112
35.	***А. Закиров, Г.Т. Каримбекова*** Этнос как особая социально-психологическая категория …….....	119
36.	***М.Ж. Абдиев*** Составление финансовой отчетности по МСФО согласно разработанной Концепции финансовой отчетности	123
37.	***Т.К. Амиров, Р.И. Самадов*** Генезис теоретических концепций инновационного развития	126
38.	***А.Б.Карбекова*** Проблемы государственного регулирования земельных отношений в условиях рынка	130
39.	***А.Б. Карбекова*** Методологические аспекты оценки земельных ресурсов	134
40.	***Н.Ш. Султаналиева*** Некоторые аспекты развития муниципальных образований в городах и горных местностях	137
41.	***Н.Ш. Султаналиева*** Развитие территориальных органов общественного самоуправления в городах и в горных местностях	141
42.	***Б. Тойчиева*** Концептуальные подходы к улучшению результативности подготовки специалистов высшей квалификации	145
43.	***Б. Тойчиева*** Управление подготовкой и распределением специалистов на рынке труда	148
44.	***А.Т. Аргынбаева, Р.М. Тойчуев, М.Ш. Хаметова, А.Р. Рахматиллаев*** Влияние загрязнения окружающей среды и пищевых продуктов, контамированных пестицидами, на состояние кишечного биоценоза	152
45.	***А.А. Исмаилов*** Профилактика стоматологических заболеваний у школьников	154
46.	***З.А. Исраилова, Ж.А. Кыдыршаева, Ж.А. Уметова, Ч.И. Тайчиева*** Маалыматтуулук – эненин өмүрүнүн сактайт	159
47.	***З.А. Исраилова, Ж.А. Уметова, Ч.И. Тайчиева, Ж.А. Кыдыршаева, Муратали уулу К*** Эрте энеликтин көйгөйлөрү	166
48.	***Т.М. Мамаев, Т.А. Мамаева, А.Т. Туташева, Р.Г. Гайназарова*** Анализ эпидемии ВИЧ-инфекции среди детей Карасуйского района	171
49.	***Т.М. Мамаев, Т А. Мамаева, А.Т. Туташева, Р.Г. Гайназарова*** Региональные особенности эпидемии ВИЧ-инфекции в Ошской области	174
50.	***И.Т. Тайчиев, С. Т. Жолдошов, З.Ю. Атаджанова, А.Т. Туташева, У.И. Кучкаров, Д.М. Сайдалимова, Г. Тойгомбаева*** Оценка социально-	177

	экономической значимости сибирской язвы	
51.	***И.Т. Тайчиев, А.А. Байгасиева, А.Н. Насиров, Ч.И. Тайчиева, З.Ю. Атаджанова, Д.М. Сайдалимова, А.Т. Туташева, У.И. Кучкаров, А. Ибрагимова*** Эпидемиологический и микробиологический мониторинг динамики формирования резистентности микроорганизмов к антибиотикам ...	180
52	***У.М. Тилекеев, А.К. Жанбаева*** Оценка рациональности использования антибиотиков при внебольничной пневмонии у пожилых людей в реальной клинической практике	183
53.	***Эсекеев Б.Б.*** Результаты посева раневой жидкости и эффективность оперативного лечения больных с острым эпидидимоорхитом ……	187
54.	***Эсекеев Б.Б.*** Ультразвуковая допплерография при остром эпидидимоорхите и оперативное лечение в сочетании с магнитотерапией	190
55.	***Н.О. Бопоев, Т.Т. Жумабаева, Ж.Т. Молдалиев*** Очищение урана с помощью растений ……..	193
56.	***Н.О. Бопоев, Т.Т. Жумабаева, Ж.Т. Молдалиев*** Очищения загрязненной воды дешевыми отходами …….	197
57.	***Д. Идирис уулу., Т.К. Эркебаев*** Ош шаарынын шартында интродукцияланган дарак-бадал өсүмдүктөрүнүн кээ бир түрлөрүнүн ысыкка чыдамдуулугун аныктоо	200
58.	***С. Эргашов, Д.С. Кенешбаева, Г. Абдурасикова, Н.К. Шамшиева, Ж.А. Карабаев*** Охрана ландшафтов крупных впадин и долин юго-западного Тенир-Тоо (на примере территории Сары-Челекского и Беш-Аральского заповедника)	203
59.	***Д.А. Абжапарова*** Геодезические сети спутниковых систем ГЛОНАСС, GPS в стереографической проекции Гаусса	205
60.	***Д.А. Абжапарова*** **Разработке теоретических основ оптимальной секущей конформной стереографической проекции в определении Гаусса .....**	208
61.	***М.К. Жанқуанышев*** Методика исследования и выбора оптимальных параметров активно-индуктивного сопротивления в нейтрали	213
62.	***Ы.Т. Ташполотов, Б.Ж. Акматов, Н.Т. Алдашева*** Энергия – реалдуу дүйнөнүн негизи ……	216
63.	***С.Б. Смирнов, К.Б. Бактыгулов, А.М. Зулпуев, Б.С. Ордобаев*** Исследование колебательной модели сейсмического разрушения сооружений	218
64.	***Аматов С.Ю., Каримова З.Х.*** Роль практического занятия в подготовке специалиста «Агронома» в Ошском сельскохозяйственном техникуме	223
	Мүчөлтойлор	
65.	***Джолдубаев Ырысбай Джолдубаевич***	226
66.	***Ташполотов Ысламидин Ташполотович***	227
	Эс тутум	
67.	***Анарбаев Мамат Анарбаевич***	228
68.	***Эсекеев Базарбай Сатыбалдиевич***	229

УДК: 414.8:43:494, 3

М.Н. Абдикаримова, Ж. Нуракова,
Ч.А. Тыныбекова, ОшМУ

Салыштырма тил илиминде интонациянын изилдениши жөнүндө

Макалада тилдердеги интонациянын типологиялык касиеттерин, англис жана кыргыз тилдерине мүнөздүү жалпы тилдик окшош каражаттар, өзгөчөлүктөр бар экени белгиленди.

Основываясь научным трудам, в данной статье рассматриваются типологические особенности интонаций между языками, а также обще-языковые средства сходств и различий, характерных для английского и кыргызского языков.

In this article were considered typological peculiarities of intonationbetweensome languages and general linguistic similarities and differences of English and Kyrgyz languages.

Англис тили дүйнөдөгү эң көп таралган тилдерден болгондуктан анын ар түрдүү маселелери көп өлкөлөрдө, анын ичинде биздин өлкөбүздө да изилденет. Англис тилинин интонациясы боюнча чет өлкөлөрдө жүргүзүлгөн изилдөөлөргө бир жактуулук мүнөздүү. Ошондуктан аны лексика-грамматикалык каражаттар менен байланышта талдабастан, көбүнчө интонациянын акустикалык компоненттеринин негизинде гана аныкташат. Аларга, негизинен, тондун түрдүү өзгөрүүлөрүн, басымдын түрлөрүн (фразалык, логикалык) жана ритмди кошушат.

Англис тилинин интонациясы, жалпысынан эки түргө-эмфатикалык жана эмфатикалык эмес болуп бөлүнөт. Ал эми анын интонациялык типтери негизги тондун диапозондорунун айырмаларына карата 6 типке-тондун жогорку бийиктиктен же белгилүү жапыздыктан ылдыйлашы жана анын өтө жогору же белгилүү деңгээлде (жапыздыкка) көтөрүлүшүнө карата ажыратылат. Бирок көпчүлүк адабияттарда англис тилинин интонациясынын төмөнкү беш тиби эске алынат. Аларга эки эмфатикалык интонациянын типтери-жогорулоочу тон, төмөндөөчү тон жана үч эмфатикалык эмес – төмөндөн жогорулоочу, жогорудан төмөндөөчү жана жогорудан төмөндөп кайра жогорулоочу тондору кирет. Кийинки кездердеги изилдөөлөр көрсөткөндөй жана жогоруда белгиленгендей, ушул интонациялык типтердин ажыратылышы акустикалык мүнөздөмөлөр менен фразанын (сүйлөмдүн) лексикалык, грамматикалык каражаттарынын, ошондой эле экстралингвистикалык факторлордун белгилүү деңгээлдеги өз ара таасири жана байланышы менен шартталат.

Кыргыз жана англис тилдеринин интонациялык өзгөчөлүктөрүн жалпы мүнөздөөдө төмөнкүлөрдө белгилөөгө болот:

1. Жогорудагы келтирилген интонациялык жалпы түшүнүк, анын негизги функциялары тилдик коммуникацияны камсыз кылуудагы интонациянын маанилүү ролу дүйнөнүн көп тилдерине, анын ичинде кыргыз жана англис тилдерине да толук мүнөздүү.

2. Эки тилдин интонациясындагы негизги компоненттерге үн ыргагы (тон), фразалык басым, темпоралдык жана динамикалык каражаттар кирет. Бирок англис тилинин интонациялык типтерин ажыратууда үн ыргагынын (тондун) басымдуулугу даана байкалса, кыргыз тилинин жогоруда кеп кылынган сүйлөмдөрүнүн интонациясын аныктоодо үн ыргагы менен бирге темпоралдык жана динамикалык, башкача айтканда, интонациялык компоненттердин комплексинин катышуусу сезилет.

3. Кыргыз тилинин интонациясынын компоненттеринин акустикалык мүнөздөмөлөрүнүн (көрсөткүчтөрүнүн) негизги өзгөрүүлөрү көбүнчө фразанын аягында байкалат, ал эми англис тилинде фразанын ядросунда (ортосунда) билинет. Ошол интонациялык каражаттардын сүйлөө учурунда тигил же бул лингвистикалык же экстралингвистикалык шарттарга карата кескин түрдө көтөрүлүшү же төмөн түшүшү кыргыз тилине караганда англис тилине көбүрөөк мүнөздүү. Ошол себептүү кыргыз оозеки кеби англис тилине жалпы салыштырганда, белгилүү бир деңгээлде жана ыраттуулукта айтылат.

4. Англис тилинин интонациясынын эмфатикалык жана эмфатикалык эмес түрлөрүнө бөлүнүшү жана эмоционалдык мааниге ээ болушу, анын белгилүү интонациялык типтерден

негизделиши анын коммуникациядагы ар тараптуулугунун лингвистикалык жана эскстралингвистикалык белгилүү маанилерге ээ экендигин айгинелейт. Ошол өзгөчөлүктөрдү атайын изилдөөлөрдө жана аларды башка тилдердин мисалдарында да талдоо, тактоо жана салыштырып изилдөө интонация теориясынын (интонологиянын) жалпы тилдик-универсалдык жана тигил же бул тилге мүнөздүү өзгөчөлүк жактарын даана аныктоого алып келерлиги шексиз.

Жогоруда кеп кылынган кыргыз жана англис тилдеринин суперсегменттик кубулуштарын-басым жана интонациянын белгилүү деңгээлде салыштырып талдоону жыйынтыктоо менен эки тилге тең мүнөздүү жалпы тилдик окшош каражаттар менен бирге кыргыз жана англис тилдерине мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн бардыгын белгилемекчибиз. Ал өзгөчөлүктөр биринчи иретте, ар бир тилдеги басымдын жана интонациялык татаал кубулуштардын тилдик коммуникациядагы акустикалык компоненттеринин өзгөчө функционалдык кызматтары (өзгөрүүлөрү) менен аныкталмакчы.

Салыштырма тил илиминдеги интонацияны изилдөөдөгү жетишилген ийгиликтерди аныктоо үчүн тилдин фонетикалык жагынын интонациялык структурасынын проблемалары биз салыштырып жаткан кыргыз жана англис тилдеринин жок дегенде бирөөсүнүн материалында изилдөө жүргүзүлгөн типологиялык эмгектер обзордук лингвистикалык аспектиде талдоого алынды. Биз салыштыруу иштерин жүргүзгөн 6 илимий эмгекти карап чыктык. Мында профессор Ж.К. Сыдыковдун эмгектерине өзгөчө кызыгуу менен басым жасадык, себеби аларда интонацияны салыштырып изилдөөнүн обьектиси кыргыз тили гана эмес, англис тили да болгон. Демек, бул тема боюнча адабияттарды обзордук-лингвистикалык талдоого алуубуз эки блоктон туруп, анын предмети англис жана кыргыз тилдериндеги интонациялык өзгөчөлүктөрдү контрасттык түрдө салыштырып изилдөө болмокчу.

З.З. Гатиатуллина англис жана татар тилдериндеги басымды салыштырып изилдеп, айрым учурларда эки тилдеги интонациянын өзгөчөлүктөрүнө да токтолгон. Салыштырып жаткан тилдердеги интонациялардын маселелери анын англис жана татар тилдериндеги басымдын тигил же бул аспектисине тиешеси бардыгы үчүн гана каралып өтөт [1].

Флективдик герман, -англис тилиндеги жана агглютинативдик түрк, татар тилдериндеги басымдар төмөнкү параметр боюнча изилденери белгилүү: табияты боюнча (күчү, обондуулугу, саны боюнча); орду боюнча (туруктуу-кыймылсыз, туруксуз-кыймылдуу) сапаты боюнча (башкы, көмөкчү); кызматы боюнча (сөз айырмалоочу жана форма айырмалоочу). Табияты боюнча салыштырылып жаткан тилдердеги басымдар окшош. Эки тилдеги басым тең динамикалуу, башкача айтканда басымдуу муун басымсыз муунга караганда чоңураак күч менен айтылат [1].

Эки тилдеги басымдын коюлуш орду боюнча да окшоштуктар бар, англис тилиндеги басым туруктуу же башкача айтканда кыймылсыз жана татар тилиндеги басым да дал ушундай. Салыштырылып жаткан эки тилде башкы жана көмөкчү басымдар боюнча да окшоштуктар байкалат. Жогоруда аталган үч параметрде окшош эместиктерге караганда окшоштуктардын көбүрөөк экендигин айта турган болсок, акыркы төртүнчү параметрде баары тескерисинче (окшоштуктарга караганда окшош эместиктер көп). Англис тилиндеги басымдын кызматы форма ажыратуучу болсо, татар тилиндеги басымдын кызматымаани ажыратуучу, бирок да англис тилинин да басымдын маани ажыраткан учурлары жок эмес. “Англис тилиндеги басымдын бул кызматы салыштырмалуу түрдө айрым сөздөрдө гана учурайт, мына ошондуктан басымдын типологиялык мүнөздөмөсүнө кирбейт”. Автор басым жана интонация, айрыкча басымдын сапаттык параметри (башкы же көмөкчү) боюнча өз ара тыгыз байланышта экендигин белгилейт. Бул параметр англис жана татар тилдериндеги интонациянын ыргактык мүнөзүн шарттайт. Англис тилиндеги басымдуу жана басымсыз муундар бирин бири текши бир калыпта алмаштырып келсе, татар тилинде мындай эмес, мында түрк тилдеринин агглютинативдик татаалдыгына ылайык”… күчтүү болгон басымдуу муунга биринчи түшүп, кийинки муундарга көмөкчү басым түшөт” [1]. Албетте, басымдын бул сапаты флективдүү англис тилинин жана агглютинативдик татар тилинин интонацияларынын табиятына жана касиеттерине таасирин тийгизбей койбойт жана бул тилдердин интонациялык структураларында айырмачылыктарды жаратат.

Д.Х. Бакеева англис жана татар тилдеринин фонетикалык системасын салыштырып, бул тилдердин ыргак жана интонация маселелерин карайт. Интонация- анын пикири боюнча, тондун, үн күчүнүн, тембрдин бийиктигинин жана кептин темпинин өз ара айкалышкан биримдиги. Кептеги интонациянын ыргактуулугунун сакталышы «...басымдуу жана басымсыз тыбыштардын,

сөз, синтагма, сүйлөм ичиндеги муундардын алмашып келишин тондун бийиктигинин ырааттуу өзгөрүшү, башкача айтканда, кепте обондуулукту жаратуучу үндүн тонунун кыймылын камсыз кылат» [2].

Окумуштуу англис жана татар тилдериндеги жөнөкөй жай, илептүү-буйрук жана суроолуу сүйлөмдөрдүн эмоционалдык эмес интонациясын гана талдоого алып, интонация сүйлөмдүн маанилик борборун, анын коммуникативдик тибин ажыратат жана бөлүп көрсөтөт деп белгилейт. «Англис жана татар тилдериндеги интонация негизги эки обондуу тондун (төмөндөөчү жана жогорулоочу) өз ара биргелешкен комбинациясынан куралат [2].

Изилдөөчү англис жана татар тилдери үчүн синтагманын жалпы тиби болуп башкы-басымдуу муундагы үндүк тондун төмөндөшү эсептелинет да, татар тилинде мындай синтагмалык типтин түрдүү вариациялары байкалат деп белгилейт. Англис тилинде салыштырылып жаткан татар тилинде төмөнкүчө төрт синтагмалык типти бөлүп көрсөтүүгө болот: башкы-басымдуу муундагы үндүн жогорулашы; башкы басымдуу муундагы үндүн жогорулап-төмөн түшүшү; башкы-басымдуу муундагы үндүн төмөндөп- жогорулашы; башкы-басымдуу муундагы бир калыптагы тон. Англис тили татар тилинен сүйлөмдүн интонацияланышынан бир топ күчтүү энергетикалык базасы менен айырмаланат…бул татар тилдүү аудиторияларда англис тилин үйрөнүүгө терс таасирин тийгизерин дайыма эсте тутуу зарыл. Татар тилдүүлөр үчүн англис тилиндеги фразаларды туура айтууга үйрөнүүдөгү негизги кемчиликтердин бири англис тилине салыштырмалуу татар тилиндеги интонациянын энергетикалык базасынын алсыздыгы болуп саналат» [2].

М.К. Исаев казак-англис тилдериндеги фонетикалык интерференциянын акценттелиш маселелерин, тактап айтканда, казак тилинин акценттик системасынын англис тилин үйрөнүүчүлөргө тийгизген таасирин талдоого алат. Ал казак тилиндеги орто мектепти аяктаган жана англис тили факультетинде окуган 12 студент менен эки этаптагы эксперимент иштерин жүргүзгөн. Биринчи этап (шарттуу түрдө нөлдүк этап деп аталган) биринчи семестрдин алгачкы аптасында, экинчи этап (шарттуу түрдө негизги этап деп аталган) биринчи семестрдин эң аягында жүргүзүлгөн. Адегенде эксперименталдык материал угуп кайра кайталоо үчүн, андан соң ошол эле материал барактан окуу үчүн берилген.

Эксперименталдык материал биринчи муунунда басымдуу экинчи даражадагы татаалдыктагы жана үчүнчү даражадагы татаалдыктагы сөздөр жыш англис тилиндеги бир барак тексттен жана ал англис-диктордун окуусунда угуп кабыл алуу үчүн магниттик лентага жазылган. Биринчи нөлдүк этапта сүйлөмдөрдүн курамындагы экинчи-үчүнчү даражадагы татаалдыктагы англис сөздөрүн туура айтууда 60% катачылыкка жол берилген. Англис тилиндеги акценттелиштин нормасынан мындай четтөө эне тили болгон казак тилинин таасири менен мүнөздөлөт. Эксперименттин экинчи этабында эне тилдин таасири менен келтирилген фонетикалык каталардын саны 25%га түшкөн. Мындай катачылыктар М.К. Исаев тарабынан англис тилиндеги басымдуу сөздөрдү жетишерлик деңгээлдеги күчтүү басым менен бөлүп көрсөтө албоо, үндүүлөрдү керектүү өлчөмдө дифференциялай албоо катары бааланат. Биринчи курстун аягында нөлдүк этапка караганда студенттерде бир топ прогресс байкалат, себеби англис тилиндеги текстерде окууда жана оозеки айтууда эне тилдин таасири мурдагыдай күчтүү эмес, англис тилиндеги сөздөрдү туура айтууга студенттердин тили интерференция динамикалык кубулуш, ал катачылыктарды четтетүүгө динамикадагы инференцияны үйрөнүү (айрыкча лингвистикалык лингводидактикалык планда) абдан актуалдуу.

В.Д. Аракин англис жана орус тилдеринин фонетикалык системасын, анын ичинде эки тилдеги интонацияларды салыштырат. Орус тилиндеги да, англис тилиндеги да интонациялардын түрдүү белгилери жана касиеттери жетишерлик деңгээлде изделбегенине байланыштуу салыштырма планда интонациянын типтерин бөлүп көрсөтүүдө, анын бирдиктерин аныктоодо негиз болуучу критерийлерди табууда тоскоолдуктар жаралат [4].

Интонациянын тилдер ортосунда салыштырылуучу типологиялык касиеттери, биздин оюбузча, төмөнкүлөр: биринчиден, интонация басым сыяктуу эне тилдин суперсегменттик фонологиялык каражаты болуп саналат. Экинчиден, интонация жалпы тилдик системага эмес, оозеки кепке тиешелүү. Үчүнчүдөн, интонация кептин курамына тикеден-тике катышуу менен оозеки кептин маанилик айырмаланышын да негизги каражаттардын бири болуп саналат. Интонация-курамы боюнча обондуулуктан, же сүйлөм угулган тондун түрдүү кыймылынан, басымдын түрлөрүнөн, тынымдан жана тембрдик варианттардан турган татаал түзүлүш.

Окумуштуу: Интонацияга типологиялык талдоо жүргүзүүнүн бирдиги эмне? деп суроо коет. Интонациялык деңгээлде мындай бирдикти аныктоодо анын бирдиги жана синтаксистик деңгээлдин бирдиги, адатта, бири-бирине дал келбестигин унутпообуз зарыл [4].

Мындай дал келбестиктерге карабай В.Д. Аракин, Л.В. Щерба сыяктуу эле интонацияны изилдөөдө синтаксистик термин болгон "синтагма" жаңы белгилерди киргизүү менен аны колдонууну сунуш кылат "…синтагма контекст ичинде бирдиктүү маанилик бүтүндүктү түзгөн жана интонация менен бөлүнгөн сөздөрдүн тобу" [4]. Синтагмага интонациялык өңүттөн байкоо жүргүзсөк, ар кандай синтагма үч компоненттен: басымсыз бөлүктөн, негизги басымдуу бөлүктөн жана аяктоочу бөлүктөн турары көрүнөт. Окмуштуу интонациялык синтагманын көрсөткүчтөрүнө обондуулукту, басымды, тынымды жана тембрдик варианттарды да киргизет. Салыштырылып жаткан англис жана орус тилдери өз алдынча интонациялык курамдыгы синтагманын өзгөчө типтерине ээ.

Мындан ары кыргыз тилинин башка тилдер менен салыштырылышы жөнүндө сөз кылабыз. Кыргыз тили түрдүү мезгилдерде жана изилдөөчүлөр тарабынан тектеш түрк тилдери жана ошондой эле тектеш эмес орус жана англис тилдери менен салыштырылган. Буга чейин айтылып өткөндөй, кыргыз жана англис тилдериндеги интонацияларды салыштырууга бир гана эмгек арналган [5].

Кыргыз тилиндеги интонацияны салыштырып изилдөөнүн башатында аны башка түрк тилдериндеги интонациялар менен кошо изилдеген Н.А. Басковдун эмгеги турат. Окмуштуу интонациялык жана фразалык басым түрк тилдеринин фонетикасындагы эң аз изилденген маселелердин бири деп белгилейт. Айрым жүргүзүлгөн изилдөөлөр түрк тилдериндеги сүйлөм жана сөз айкаштарындагы логикалык-ыргактык жана интонациялык структуралар жөнүндө толук түшүнүк бере албайт жана интонациалардын тигил же бул тобу жөнүндөгү жекече байкоолор жалпы системага салынбай өз-өзүнчө берилүү менен гана чектелген [6].

Түрк тилдериндеги сүйлөмдөрдөгү интонациялык структура жана фразалык басым сөздүн, сөз айкашынын жана сүйлөмдүн логикалык, грамматикалык жана фонетикалык структурасы менен тыгыз байланышта экендиги дайыма эсте болууга тийиш. Интонацияга,же логикалык обондуулукка ээ түрк тилдериндеги фраза мамиле-катыштын кандайдыр бир конкреттүү милдетин аткарат жана маани-мазмун менен интонациялык структуранын биримдигин өз ичине камтыйт. Түрк тилдериндеги, анын ичинде кыргыз тилиндеги интонация "...кеп агымында пайда болуучу жана ошол фразанын маани-маңызын чагылдыруучу тондун обондуу ыргагынан турат" [6].

Кыргыз тилиндеги интонация баштапкы логикалык-грамматикалык негизди жана аны улап кетүүчү экинчи, интонациялык эмоционалдык-экспрессивдик боекту өз ичине камтыйт. Эгерде интонациянын биринчи жана негизги логикалык-грамматикалык негизине жай баяндоо, буйрук берүү, үндү көтөрүү сыяктуу коммуникативдик типтер жана фразалардын түрлөрү кирсе, экинчисине кубаныч, кайгы, жактыруу, жек көрүү, шаттык, өкүнүч жана башка маанилерди билдирүүчү боектуу интонациялар тиешелүү.

Биз талдоого алган эмгектердин арасынан кыргыз жана англис тилдеринин фонетикалык системасын салыштырган Ж.К. Сыдыковдун изилдөөлөрү өзгөчө орунда. Ал "муун сыяктуу эле үндүү жана үнсүз тыбыштар да кандайдыр бир деңгээлде интонацияга таасирин тийгизет" дейт. Окумуштуу интонацияны сүйлөм түзүүгө катышкан синтаксистик каражаттар сыяктуу эле фонетикалык каражаттардын татаал биримдиги деп эсептейт. Автор интонациянын жардамы менен биздин кебибиз сүйлөмдөргө, ал эми сүйлөмдөр ошол контекстке жана кырдаалга ылайык маанилик бөлүктөр катары синтагмаларга ажырайт деп белгилейт. Бирок да герман, англис, түрк тилдериндеги кептин интонация аркылуу сүйлөмдөргө жана синтагмаларга бөлүнүшү ар түрдүүчө [5]. Оозеки кептин эки тилдеги сүйлөмдөргө жана синтагмаларга бөлүнүшүндөгү айырмачылыктар кыргыз жана англис тилдериндеги интонациялык компоненттер синтагмалык басымдын, обондуулуктун, ыргактын, тынымдын жана алардын өз ара байланыштарынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Ж.К. Сыдыков дал ушул синтагманы интонациянын эң майда бөлүгү деп эсептеп, кыргыз жана англис тилдеринин интонациялык структураларын типологиялык салыштырууда аны негизги бирдик катары карайт.

Биздин пикирибиз боюнча, эки тилде тең интонациялык каражаттардын универсалдуу типтерин бөлүп көрсөтүүгө болот. Мисалы, интонациялык обондуулук кубанууну да, кайгыруу, өкүнүүнү да, таң калууну жана башкаларды чагылдырат, мындай көрүнүш бардык тилдерге да

мүнөздүү. Мына ошондуктан биз түшүнбөгөн тилде сүйлөшкөн адамдын интонациясынан анын маанайын байкап, кандайдыр бир маалымат ала алабыз.

Адабияттар

1. Гатиатуллина З.З. Сравнительная типология родного (татарского) и английского языков: Курс лекций - Казань:Казанск. гос.пед.институт, 1979-108 с.
2. Бакеева Д.Х. Сопоставительная фонетика английского и татарского языков. Учеб. пос.
3. - Казань: Издательство Казанск. ун-та, 1985. - 130 с.
4. Исаев М.К. Некоторые вопросы с акцентуаций в связи с казакско-английской фонетической интерференцией. Фонетика языков Сибирии и сопредельных регионов (ответственная редакция В.М. Наделяев) - Новосибирск: Наука, 1986. 174-177 с.
5. Аракин В.Д. Сравнительная типология английского и русского языков. Учеб.пос. для студ пед.ин-тов по спец. “Иностранный язык”-2-е изд. - М.: Просвещение,1989. - 254с.
6. Сыдыков Ж. Кыргыз жана англис тилинин салыштырма фонетикасы. - Фрунзе: Илим, 1984. -121-128-126-188 беттер.
7. Баскаков Н.А Историко типологическая фонология тюркских языков. - М.: Наука, 1988. - 208 с.

УДК: 41:481-52:493.3-52

Айылчиева Д.Т., Жусупова А.А., ЖаГУ,
Атакулова М.А., ОшТУ

Пословичная инвариантность как объект киргизской лингвопаремиологии

Бул макала инварианттуулук теориясын макал-лакаптардын семантикасын изилөөдө колдонуунун принциптерине арналат.

This article is devoted for principles of using of invariant theory in researching semantics of proverbs.

Профессор А.Н. Лисс, замечательный киргизский паремиолог, выпустил свой труд «Паремиология Кыргызстана. Библиографический указатель по паремиологии» в качестве приложения к материалам межгосударственной научной конференции «Актуальные проблемы паремиологии». См. сборник: Актуальные проблемы паремиологии. Материалы международной конференции, г. Ош, 22-25 сентября 1988 года. - М.; Б.; Ош. - 1992. с.153-254. Он же является инициатором и одним из основных организаторов данной конференции.

В этом библиографическом указателе описано 109 монографий, рукописей, сборников пословиц, статей (газетных, журнальных в сборниках) наших авторов, опубликованных в Киргизии и за рубежом. В нем нашли свое отражение редкие и малоизвестные заметки, статьи различных авторов о киргизских пословицах. Указатель имеет строение:

1. Рукописные фонды АН Киргизской Республики и печатные сборники пословиц на киргизском языке.
2. Киргизско-русские (двуязычные) пословицы.
3. Собрания пословиц на русском языке.
4. Пословицы разных народов в переводах на киргизский язык.
5. Киргизские пословицы и поговорки на русском языке, помещенные в газетах.
6. Пословицы и поговорки киргизского народа, опубликованные в журналах на русском языке.
7. Монографии о киргизских пословицах и поговорках.
8. Статьи по паремиологии Кыргызстана, опубликованные в журналах и научных сборниках.

Состав авторов, собирателей, составителей и комментаторов довольно разнообразен. Среди них есть писатели (Н. Гребнев, И.Н. Баженов, С. Фиксин, Н. Чекменев, Д. Ашубаев, В. Власова и др.), литературоведы (М. Богданова, Б. Керимжанова, Л.И. Климович, С. Шамбаев, Дж. Султаналиев, С. Закиров, Ш. Усупбеков), языковеды (К.К. Юдахин, Х. Карасаев, С. Гапаров, А.Н. Лисс, Н.О. Чечейбаева, А.П. Назаров), философы (Б. Аманалиев, К. Ибраимов), специалисты по педагогике (Ж.И. Койчуманов, О.Г. Симонова, Б.К. Тойбаев) и т.д.

В этих работах проблема инвариантности еще не была предметом изучения исследователей. Исключение составляет книга А.Н. Лисса «Сопоставительный анализ пословичных фразеологизмов английского, русского и киргизского языков в научно-лингвистическом и методическом аспектах» (Ош,1986. – 100 с.). В третьем разделе первой части монографии автор, касаясь проблематики типологии плана пословичного содержания, отмечает общие функционально-позиционные модели пословиц в сопоставляемых языках. Он выделяет пословицы трех народов, эквивалентные в содержательно-структурном планах (См. также труды: Лисс А.Н. 1972. с. 124-128; 1978. с. 24-28; 1992. с. 22-23 и др.).

Проблематика, которая обсуждалась на вышеназванной международной научной конференции, охватывает теорию и практику паремиологии в целом. Назовем те аспекты этой отрасли филологии, которые были предметом рассмотрения на ее секциях:

1) общие вопросы паремиологии (Г.И. Богин, А.М. Бушуй, А.М. Шахнорович, З.Н. Вердиева, В.А. Иванов, З.Б. Ешмамбетова, А.Н. Лисс, А.А. Анарбаев и др.). См.: Актуальные проблемы паремиологии. - М.; Б.; Ош, 1992. с. 3-26;

2) семантика и прагматика паремиологии (Б.А. Аббасова, К. Абдуллаев, Я.Г. Биренбаум, И.М. Деева, М.В. Буковская, З.И. Дубенская, К.З. Зулпукаров, Г.А. Мадмарова, З.К. Караева, А. Назаров, С.И. Розейзон и т.д.). Там же с. 27-57;

3) проблемы паремиологии в индоевропейских языках (З.А. Ахундова, Г.А. Бушуй, А.М. Бушуй, Х.С. Хатамов, З.Д. Тусбекова, М. Эм, К.П. Кадыров и др.) с. 58-78;

4) паремиология в тюркских языках (Э. Абдиев, Ф.М. Ачаева, М.И. Адилов, М.И. Пайизов, С.К. Алимбеков, С.Н. Джавадова, Х.Х. Кучкинов, С.Н. Халилова и др.) с. 79-98;

5) контрастивная паремиология (М.А. Ахунжанов, А.Н. Лисс, Б.К. Бекбаева, В.А. Голван, И.М. Деева, К.Дж. Джуманиязов, Г.Г. Рзаев, Д.У. Саитова, Б. Исмилова, Е. Джалалов и др.) с. 99-120;

6) паремиология в описании языка в учебных целях (М.А. Алексанян, Н.Г. Джайнакова, Т.М. Королева, Л.И. Гончарова, Л.И. Ладохина, А.Н. Лисс, Н.М. Паниткова, Л.Н. Конькова, Ч.М. Мамытова, Ш.В. Мараш-Оглы, Е.Ю. Джалалов и т.д.) с. 121-152.

В ряде исследований проблема смыслово-конструктивной идентичности пословиц и поговорок различных народов объясняется не сходством их ментально-языковой природы, а контактированием. З.Н. Вердиева, в частности, отмечает: «Необходимо раскрывать участие пословиц в межъязыковых коммуникациях, роль этих единиц в обеспечении функциональных возможностей языка. Языки мира на всех уровнях широко взаимодействуют, кочуют из одного языка в другие даже самые неожиданные фразеологические выражения. Тюркские языки тоже принимают чужеродные фраземы, из них распространяются исконные продукты. Представляет большой интерес изучение вопросов взаимообобщения тюркских и индоевропейских языков на уровне фразеологии, в частности взаимообмена пословицами» [5. 1992. с.2.].

Паремийную константу как общее конструктивно-смысловое образование, встречающееся в языках различного строя, азербайджанский лингвист Б.А. Аббасова называет термином правариант. Общность пословиц у разных народов она объясняет «общностью исторических корней отдельных народов, и отсюда общностью образа мышления и языковой картины мира…, - общностью источника, откуда распространяются пословицы…, - распространение большой группы пословиц одного народа среди других путем непосредственного перевода ее в результате развития языковых коммуникаций…

Встречаются общие для языков родственные пословицы, которые составляют наиболее древнюю часть системы пословиц. Эти единицы формально восходят к одному и тому же правариантy. Лишь после становления национальных языков эти пословицы, возможно, отошли от правариантa в силу дифференцированного развития лексики» [1. 1992. с. 28].

В сборнике особое место занимает статья Г.А. Мадмаровой [6. с.46-47]. Она интересна с точки зрения теории инвариантности. Именно в этой работе впервые отмечается заслуга Г.Л. Пермякова в разработке основ паремийных инвариантов. Вслед за Г.Л. Пермяковым Г.А. Мадмарова перечисляет инвариантные пары противоположных сущностей: начало - конец, содержание - форма и т.д. и приводит примеры из разных языков, являющиеся вариантами инварианта «Один плохой элемент портит целое».

Паремийные константы Н.Г. Позднякова называет общими концептами. Такие константы культуры, как *Бог, смерть* и др., являются устойчивыми и необходимыми элементами сознания. Они в паремиях получают дополнительную нагрузку [5. 1992. с. 50].

Таким образом, в материалах конференции «Актуальные проблемы паремиологии» есть идеи, которые прямо или косвенно касаются проблемы константности и инвариантности в содержании пословично - поговорочных изречений.

Под влиянием трудов Г.Л. Пермякова написаны некоторые разделы монографии А. Абдулатова «Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым проблемалары» [2. 2006. с. 149]. Говоря о моделеруемой функции пословично-поговорочных изречений, этот автор пишет: «Паремиялар чексиз көп түрдүү жана көп сапаттуу чын дүйнөнү, анын бөлүктөрүн, белгилерин, кубулуштарын жалпынан, белгилүү сандагы формула-схемаларга бириктирип чагылдырат. Паремиялардын семантикалык негизин жалпыланган моделдер түзөт.

Паремия конкреттүү ситуация-жагдайларды инварианттан, жөнөкөйлөтүп, формула түрүндө берет. Бул формулалардын түрү жана мазмуну саналуу гана, бирок арбын» (с. 38). Здесь особо подчеркивается отражающая, обобщающая и моделирующая функция паремийных изречений, их способность приводить многообразие ситуаций, явлений, свойств к ограниченному числу обобщенных формул, называемых инвариантами.

Ссылаясь на книгу Г.Л. Пермякова «Основы структурной паремиологии» (М.: Наука, 1988. с. 107-133), он приводит перечень логико-семиотических и тематических инвариантных пар: содержание - форма, целое - часть, длинное - короткое, темное - светлое, мужчина - женщина, друг - враг, цель - результат, начало - конец, количество - качество, основное - побочное и т.д. Важно, что автор знакомит киргизского читателя с основными положениями теории Г.Л. Пермякова.

В книге приводится несколько инвариантных значений. Первое - *«Два конкурента не могут делить одно место»*. К нему приводятся примеры: *Эки баш бир казанда кайнабайт «*Две головы не варятся в одном котле» (кирг.). *Эки кылыч бир кынга батпайт* «Две сабли не поместятся в одних ножнах» (кирг.). *Как Земля не терпит Солнца, Азия не терпит двух царей (Плутарх). Две молнии не живут в одном облаке (*руанда). *Два канатоходца не играют на одном канате (араб.). Двум царям тесно в одном дворце* (карел.) и т.д.

Второе - «Одному человеку много два места»: *Эки тоонун чөбүн эңсеген кийик/теке ачкадан өлөт* «Горный козел, мечтавший о траве двух гор, погибнет от голода» (кирг.). *Тот, кто гонится за двумя зайцами, не поймает ни одного* (чех.). *Тот, кто держится за две лодки, утонет* (калм.). *Невозможно быть одновременно и во Франции, и в Ломбардии* (итал.).

А. Абдулатов внес вклад в пропаганду идеи об инвариантном паремийном значении и в привлечении фактов киргизского языка для сравнительного изучения конкретных реализаций пословичной инвариантности [2. 2006. с. 38-41].

С.Б. Эргешова тоже бегло касается паремийной инвариантности. Анализируя широко известную сентенцию *Бетеге кетет - бел калат, Бектер кетет - эл калат, Осмо кетет - каш калат, Оомат кетет - баш калат* букв. Трава погибнет - гора останется, правители уйдут - народ останется, краска для бровей сойдет (осмо) - брови сохранятся, успех уйдет - голова останется. Она выявляет ее инвариантное значение «Временное (меняющееся) исчезает, долговечное сохраняется». Следуя за Е.В. Ивановой, это значение она называет когнитемой [7. 2012. с.118-120]. Когнитема в таком понимании выступает как общее значение ряда паремийных конструкций с инвариантным содержанием.

Когнитема представляется в качестве инварианта в семантике целого ряда пословично-поговорочных изречений в статье А. Калмурзаевой, С. Сейитбековой и К.З. Зулпукарова «Концепт «Кудай-Бог» в провербиально-религиозной картине мира» [3. с. 19-30]. Этими авторами выявлены следующие обобщенные концепты - когнитемы: «Бог один, един», «Бог - повелитель», «Бог - создатель, творец», «Бог - заступник, спаситель», «Бог милосерден», «Бог справедлив», «Бог щедр», «Не во всем надо надеяться на Бога», «Бог не ошибается», «Бог дает и забирает» и т. д.

Таким образом, киргизской лингвистике известны идеи об инвариантности и константности пословичного содержания, но они еще не были предметом специального изучения.

Литература

1. Аббасова Б.А. Общий пласт в системе пословиц//Актуальные проблемы паремиологии. - М., Б.; 1992. - 27-28 с.

2. Абдулатов А. Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым проблемалары. - Ош, 2006. -149 с.
3. Калмурзаева А., Сейитбекова С., Зулпукаров К. Концепт «Концепт-Бог» в провербиально-религиозной картине мира / Сб. науч. тр. фак-та рус. филол. Ошск. гос. ун-та. Вып. 2. - Ош. 2010. - с.19-30.
4. Лисс А.Н. Сопоставительный анализ пословичных фразеологизмов английского, русского и киргизского языков в научно - лингвистическом и методическом аспектах. - Ош,1986. - 100 с.
5. Лисс А.Н., Анарбаев А.А. Подача пословичных фразеологизмов в английских лексикографических изданиях //Актуальные проблемы паремиологии. – М.; Б.; Ош.- 1992.-22-23 с.
6. Мадмарова Г.А. Пословично-поговорочные изречения и их роль в воссоздании «картины мира» в произведениях художественной литературы. // Актуальные проблемы паремиологии. - М., Б.; Ош, 1992. - 46-47 с.
7. Эргешова С.Б. Паремияллардагы антонимдик концепттердин менталдык мазмуну. - Б., 2012. - 160 с.

УДК. 894.341. (0433)

Ф.Э. Алиева, ОшМУ

Мазмуну терең макала

Макалада Ч. Айтматовдун "Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу" деген эмгеги мазмундук жана тилдик иликтөөгө алынды.

В статье анализируется содержание, языковые особенности статьи Ч. Айтматова "Вершина кыргызской духовности".

The article deals with the ahaysis of the contents, linguishic recularitics of Ch. Aitmatov"s article "Top of Kyrgys idea".

Ч. Айтматовдун көркөм, публицистикалык чыгармаларында, маектеринде, сүйлөнгөн сөздөрүндө улут адабияты, жалпы эле улуттук маданият жөнүндөгү ойлору өз мезгилинде кандай резонанс жаратып, актуалдуу болсо азыр да ошондой кабыл алынып, ар кандай багыттагы (филологиялык, философиялык, маданият таануу ж.б) изилдөөлөрдө эске салынып, чечмеленип, тастыкталып келатат. Биздин оюбузча, мындай көрүнүш улуттук баалуулуктардын кечээгисин тереңден үйрөнгөн, бүгүнкүсүн аңдай алган, эртеңки келечегине кам көргөн адамдын эмгегине гана тиешелүү болот. Ч. Айтматов жана фольклор, Ч. Айтматов жана "Манас" эпосу деген теманын тегерегинде атайын изилдөөлөр, айтылган илимий көз караштар, тыянактар өтө көп. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын изилдеп, кыргыз жана союздук, ал тургай дүйнөлүк адабияттын фонунда карап баа берип келген белгилүү сынчы К. Асаналиевдин сөзү менен айтканда, "Манас" менен Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын ортосундагы интегралдык байланыш, "Улуу сөздүн" үзүлбөгөн, тынымсыз кыймыл-аракети, континиумуму, тактап айтканда, синкреттик оозеки искусствонун түздөн-түз синкреттик роман болуп кайра жаралышы" [2. 123 б.].

Ч. Айтматов жана "Манас" эпосу жөнүндө сөз болгондо төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтсөк болот:

- Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы, көркөм ой жүгүртүүсүнүн калыптануусундагы эпостун таасири, орду;
- Ч. Айтматовдун эпостун тегерегиндеги илимий, философиялык, публицистикалык ой-бүтүмдөрү;
- Ч. Айтматовдун манасчылык өнөрдүн феноменин, эпостун дүйнөлүк маданий казнадагы ордун аныктоодогу салымы.

Элдин, улуттун тарыхый тагдырындагы мезгилдердин, доордун тутумдашуу түйүнү – көрөңгөсү катары руханий дүйнөсү сакталган маданияты маанилүү ролду ойнойт. Ушул маселеге арналып жазылган жазуучунун "Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу" деген макаласы 1984-жылы С. Орозбаковдун варианты боюнча жарыкка чыгарылган "Манастын" баш сөзү катары берилген. Андан бери дээрлик 30 жылга чукул убакыт өткөнүнө карабастан анда айтылган ойлор ого бетер актуалдуу, бүгүнкү окурманга керектүү. Автордун бул эмгегинде кургак факты же куру чакырык жок. Тескерисинче, салмактуу илимий негиз, эпоско таасирленген жандүйнөнүн эргүүсү, ой

менен сөздүн поэтикасы, өзүнүн сөзү менен айтканда, “улуу нерсени түшүнгөн улуу маданият” окурманды кошо эргитип, эпостун дүйнөсүнө жетелейт. Ойго ойду, сөзгө сөздү кынаган чыныгы чебердин устаканасынан жаралган эмгек кимди болбосун кайдыгер калтырбайт. Кыргыз элинин маданиятынын өзгөчөлүгүн, башка канатташ элдерден кем калбаган бийиктигин, уникалдуулугун ачып берүүнү көздөп жазылган бул макала публицистикалык деп аталып, окурмандардын кеңири аудиториясына арналган. Жанрына карабастан эмгектин мазмунун тарых, эстетика, адабияттаануу жаатында түшүнүгү, даярдыгы бар адам гана толук аңдап билиши мүмкүн. Макаланын мазмуну көңүл бурууга, тегерегинде ой жүгүртүүгө арзыйт деп тартынбай айтсак болот. Улуу жазуучу, улуттун рухий атасы, даанышман адам арабыздан кетти. Анын артында калган мурастарын, осуят катары калтырган ойлорун чечмелеп, турмушта жетекчиликке алуу, айрыкча жаш муундарга жеткирүү – интеллигенцияга жүктөлгөн маанилүү милдет катары каралышы керек. Кыргыз көчү кайда баратканы белгисиз болуп, карайлап турган ушул чакта бабалардын рух мурастарынын негиздерин так, таамай, кыска, афористтик мазмунда мүнөздөгөн ушундай эмгектерге кайрылуу кемтигибизди толуктап, түшүнүгүбүздү арттырмак.

“Манас” эпосу, манасчылык өнөр жөнүндөгү болгону 10 беттен турган, мазмундуу бул макала – эпосту жөн гана жомок катары кабылдагандар үчүн (андайлар арабызда басымдуу) улуттун рухунун, маданиятынын туу чокусу, адамзаттын асылнарк кенчи экендигин далилдеген кыска, негиздүү жооп. Жазуусу, архитектурасы, театры, сүрөт искусствосу өнүккөн элдерден айырмаланып өз элинин маданиятынын башка формада – оозеки сөз өнөрүндө жаралып, сакталып, бүгүнкү күнгө жеткендигин, анын көз кайкыткан бийиктиги “Манас” эпосун – улуттун рухий туу чокусу эле эмес, дүйнөлүк маданиятта орду бар, эң сейрек поэтикалык үлгү катары көрсөткөн патриоттук макала десек аша чаппайбыз.

Макалада эпос жана тарых, идеялары жана темасы, эпосту жараткан элдин көркөм аң-сезими, эпикалык ой жүгүртүүсү, көркөмдүк жана эстетикалык баалуулугу, улуттук, дүйнөлүк, маданияттагы орду, манасчылык өнөр жөнүндө сөз болот. “Манас” – жазуучунун баасында “кыймыл-аракеттеги тирүү организм”, “жандуу эстетикалык кубулуш”, “эпикалык маданияттын бийик үлгүсү”, “эң сейрек дүйнөлүк поэтикалык эстелик” [1. 10 б.].

Автор эпосту дүйнөлүк асылнарктардын катарынан орун алган чыгарма катары илимий негизде мүнөздөп келип, анын башкы себептери катары төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

- Эпостун идеялык-эстетикалык касиети;
- Гуманисттик идеялары;
- “Улуу чыгармаларга гана мүнөздүү жана жарашыктуу” (Ч.А.) трагедиялуу финалы.

Эпосту адабият таануучу, эстет катары талдоодо илимий терминдерди (эстетикалык кубулуш, көркөмдүк аң-сезим, көркөмдүк түзүлүш, дүйнөлүк фольклор, романтизацияланган көркөм чыгарма, эпикалык жанр, көркөм ойлоо аң-сезими, миф, реализм, фольклор, вульгардык социология ж.б.) кеңири колдонгон. Мисалы, “Көкөтөйдүн ашы” жөнүндө мындай деп жыйынтык чыгарат: “... Көкөтөйдүн ашында сүрөттөлгөн каада-салт эмне деген эстетикалык маниге ээ. Дал ошол көркөмдүктүн күчүнөн улам байыркы турмуштук көрүнүштөр өзүнүн кадыресе этнографиялык алкагынан чыгып, адамдык адилеттүүлүктү, акымандыкты даңазалаган терең философиялык жыйынтыктоолорго келет” [1. 14 б.]. Эпостогу эпизоддор, сүрөттөөлөр жөнүндө айтып келип мындай дейт: ”Маселе бул жерде таамай, так айтылган салыштыруу, эпитетте эмес. Көп, кылымдар бою өз ичине камтыган көп катмарлуу эпостун мазмунга, адам турмушунун ар түрдүү жактарын, социалдык-турмуш, сүйүү-лирикалык, моралдык-этикалык маселелерин, байыркы кыргыздардын географиялык, медициналык, астрономиялык, философиялык түшүнүктөрүн бүтүндөй камтыган эпостук мазмунга, бир учу жомоктон, мифтен, фантастикадан башталып, бир учу реализмге (фольклордук маанидеги) келип жеткен көркөм форманын бипбирдей жанаша өсүп, бир бүтүн гармония түзгөнүндө” [1. 15 б.] Жогорудагыдай ой-бүтүмдөрдү адабият боюнча теориялык билимге эгедер эле эмес, ошол билимине таяна алган адам гана чыгара алат. Ал эми эпостогу аялдардын образына берген баасы да окурманды кайдыгер калтырбайт:” Эпостун бийик гуманизми, имандык сабагы андагы таасын тартылган Аялдын сонун образынан эле сезилет. Ал гана эмес, бүгүнкү күндүн эстетикалык талабы, түшүнүгү менен эле мамиле кылсак, эпостогу Аял анчейин ишмер, колунан көөрү төгүлгөн уз гана эмес, эң оболу ал – өзүнчө сын көз карашка ээ болгон индивид, инсан, ошону менен ал жоокердин теңтайлаш шериги, акылман кеңешчиси, баатырдыгынан кем калбаган жан жолдошу. Ошол түнт заманда, дүйнөлүк маданий прогресстен тышкары шартта таралган элдин эпосунда аялга ушундай баа

берип, аялдын акылын, ыйбаасын, ишмердүүлүгүн, баатырдыгын романтизациялаган көркөм чыгармага азыр да таң калбай кароого мүмкүн эмес [1. 14 б.]. (Келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай (мындай сүйлөмдөр көп), макаланын мазмуну кадыресе публицистикалык деп атаганга жол бербейт. Жазуучу эмгекти эпоско ар кандай деңгээлде берилген бааларга, талаш-тартыштарга, илимий көз караштарга карата өз пикирин билдирип жаткандай, саясий, илимий элитага – интеллигенцияга багыттагандай сезилет. Демек, макаланын жанры дагы да так аныктала элек десек болот. Автор жогорудагылардан тышкары образдар, персонаждар, типтердин ачылышы, трагедиялуулук, манасылык өнөрдүн табияты сыяктуу маселелерге да токтолот. Жыйынтыгында эпосту илимий жактан изилдөөнүн перспективалары жөнүндө сөз козгоп, манастаануучулардын алдына төмөнкүдөй проблемаларды коет:

- "Кыргыз элинин эпикалык көркөм ойлоо аң-сезимин философиялык, эстетикалык, психологиялык, филологиялык-фольклордук жагынан терең, комплекстүү изилдөө" [1.17 б.].
- "Эпостун көркөмдүк структурасын, укмуштуу сүрөттөөлөрдүн табиятын, бир чети куудул сөздөн башталып, бир чети трагизм менен аяктаган татаал стилдик кубулуштардын сырын ачып чечмелеп көрсөтүү" [1. 15 б.].

Жогоруда аталган проблемалар алигиче илимий изилдөөлөрүн обьектисине айлана электиги, албетте, өкүндүрбөй койбойт. Айрыкча комплекстүү изилдөө аркылуу эпосту жараткан элдин көркөм ойлоосунун уникалдуулугу, таң каларлык көркөмдүк фантазиясы, сөздү, музыканы, театрды бириктирген гармония – манасчылык өнөрдүн сыры такталып, ачылмак. Ушул багыттагы илимий иштерди жүргүзүү манастаануучулардын алдына коюлган милдет боюнча турат.

Макала публицистикалык эмгек катары каралганы менен илимий мүнөздөгү ынанымдуу жыйынтыктар арбын. Маселен, "биздин улуттук тилибиз жана эпикалык дастандарыбыз – биздин тарыхыбыз", "Манас" – сөз өнөрүнүн эң таза, эң бийик үлгүсү", "Сагымбай – уникалдуу талант, кайталанбас руханий көрүнүш" ж.б.

Макалага айрым тилдик каражаттар публицистикалык мүнөз берип турат. Мисалы, "...таң калбай койбойсуң", "....десе болоор", "...айтып отуруштун кажаты жок"деген сөз айкаштары менен бүткөн сүйлөмдөр, Аял деген сөздүн сүйлөм ичинде баш тамга менен берилиши ж.б. Ошондой эле автор төмөнкү маселелерге коомчулуктун көңүлүн бурууну көздөгөн:

1. Адамзаттын өткөн мурасысыз коомдук жана маданий турмуштун уланышы мүмкүн эмес;
2. Эпос кыргыз журтунун маданиятынын, тарыхынын жыйындысы, сөз өнөрүнүн жеткен бийик чеги, дүйнөлүк казнага кошкон салымы," байыркы кыргыз рухунун туу чокусу";
3. Сагымбай сыяктуу улуу манасчылар - байыркы кыргыз журтунун бүткүл чыгармачылык кубатын боюна сыйгызган уникалдуу талантка эгедер адамдар, алардын мурасынын китеп турүндө чыгышы улуттук маданияттын алды-артын түшүнгөн адам үчүн кубанычтуу окуя;
4. Эпосту жараткан элдин көркөм фантазиясы, эпикалык ойлоосу - дүйнөлүк практикадагы уникалдуу көрүнүш катары окумуштуулардын изилдөө обьектиси болууга тийиш.

Жазуучу макалада эпос эриккендин жомогу эмес экендигин, "улуу нерсени түшүнүүгө улуу маданият керектигин" белгилейт. Өткөн замандардагы көркөм мурастарга тийиштүү сын көз менен мамиле кылып, ошол кездеги идеяларды азыркы күндөгү идеялардын бийиктигинен ылгап кабылдоого чакырат. Макаланын текстинде илимий мүнөздөгү жыйынтыктуу сүйлөмдөр менен катар мазмундуу да, поэтикалуу да автордун маанайын чагылдырган афористтик фразалар жыш:

"Адамзаттын агып турган тиричилиги дайыма болочокко багытталганы менен, өткөн тажрыйбасы-анын түпкү күлазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчиленген мурасы".

"Сөздөн, ойдон башталып, адамдын ар түркүн жетишкени тажрыйба катары кайра ойго, сөзгө келип бекемделет, аң-сезимди байытат".

"Биздин улуттук тилибиз жана эпикалык дастандарыбыз-биздин тарыхыбыз деп айтууга толук акыбыз бар. Бирок, кантсе да кыргыз элинин мына ошол байыркы ата мурасынын эң туу чокусу-улуу "Манас" эпосу".

"Бул баарынан мурда ошол тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган, улам такталып, тазарып, артыкбаш жүктөрдөн бошонуп, керектүү, зарыл жаңы кошумчаларды кабыл алып, тулку боюна сиңирип, өзүнүн бүгүнкү көз кайкыган бийиктигине жеткен көркөм чыгарма".

"Улуу нерсени окуп моокумун кандырууга улуу маданият керек экени белгилүү".

“Замандан-заманга өтүп, жер үстүндө кыргыз тили жашап тургуча “Манас” биздин улуттук туу чокубуз катарындатура бермек”.

Манастаануу предмети сөзсүз окула турган предмет катары атайын, орто окуу жайларына киргизилди. Мектептерде мурунтан эле адабият курсунда үйрөнүлүп келген. Аталган макаланын окурмандардын кеңири аудиториясына арналганы менен анын маанисин түшүнүп, андан ары чечмелеп кетүүгө даярдык керек. Макала илимий, публицистикалык стилдик бүтүндүктү жаратуучу белгилерди камтыйт. Бүгүнкү күндө “Манас” жөнүндө сөз болгондо кошо айтылчу эң кыска, нуска, мазмундуу “кыргыз рухунун туу чокусу” (Ч.А.) деген учкул аныктама чечмеленген бул макаланы ЖОЖдордо, атайын орто окуу жайларында манастаануу предметинен (же адабият сабагында) окутуу, тилдик-мазмундук жактан тереңдеп талдоо зарыл. Эгер мазмундуу, актуалдуу болсо, макала майда нерсе эмес экендигин далилдеген бул эмгек келечекте да кыргыз элинин рухий маданияты, улуу эпосу жөнүндө сөз кылгысы келгендердин көңүл буруусуна арзыйт деп ишенимдүү айтууга болот.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы.8-том.- Б., 2008.
2. Асаналиев К. Доор менен бирге.- Ф., 1981.

УДК: 800.1:894.341(043.3)

С.М. Амиралиев, ОшМУ

«Ит» фрейминин концептуалдык мазмуну: денотаттын касиеттери, түрлөрү (породалары) жана функциялары

Макалада «Ит» фрейминин концептуалдык мазмуну, касиеттери жана функциялары ачыкталат да, ит жаныбары тууралуу жалпы маалымат берилет.

В статье определяются концептуальное содержание, свойства и функции фрейма «Ит (собака)» и дается общая информация о собаке.

This article clarifies conceptual meaning, characteristics and functions of frame «Ит (Dog)» and will be given general information about a dog.

Ит (Canis lupus f. familiaris) – ит сымалдар тукумундагы сүт эмүүчү үй жаныбары. Ал хордалуулар тибине жана омурткалуулар классына кирет. Ал жер шарынын бардык чөйрөсүндө кеңири таралган, жырткыч айбандардын бардык анатомиялык, физиологиялык, генетикалык жана инстинктивдик касиеттерине ээ. Бардык ит сымал жапайы айбандар латынча «*Canidae Grau*» деп аталган ит түркүмүнө кирген. Бул түркүмдө жапайы болуп кеткен, породасыз *канидае* кошулбаганда, *борлор*, *чөөлөр* (*шакалы*), *койоттор*, *песецтер*, *түлкүлөр*, *енотко* жана *гиенага* окшош *иттер,* ошондой эле иттердин жүздөгөн ар түрдүү породалары кирет. Булардын баары ар кыл популяцияларына, тукумуна, аргындыгына жана породаларынын өзгөчөлүктөрүнө карабастан бир түрдү түзүшөт. Андыктан карышкыр менен иттин сырткы келбети, денесинин түзүлүшү жана организминин функциясынын бирдейлиги, алардын бир тектүү экендигинен кабар берет [2. 2005. -232 б.]. Демек, ит карышкырдан келип чыккан десек боло тургандай. Бул топтун өкүлдөрүнүн баарынын тулку бойлору узундан келип, созулган түрдө болот. Денесин анча чоң эмес 4 буту көтөрүп турат. Манжаларында мыкты, бирок анча курч эмес тырмактары бар. Башы узун формада, тумшугу аздыр-көптүр созулган, көпчүлүк учурда кулагы учтуу болот. Бирок бизде кыргыздарда, айрыкча айыл-кыштак, тоо жерлеринде кулагын күчүк кезинде эле кесип салышат. Себеби узун кулак урушканда, талашканда душманынын эң ыңгайлуу кармай турган жери болот. Куйругу денесиндей эле коюу, үлпүлдөк жүндүү, кээде узун кылдар менен капталат. Жүнүнүн өңү же иттин түсү бир тондуу (однотонный), таргыл, ала, сур, көгүш, чаар, боз, кара, ак ж.б. түстө болот. Жылына эки жолу түлөйт. Тили узун, 42 тиши бар. Айрыкча азуулары жакшы өрчөгөн. Алдыңкы колу 5, арткы буту 4 (5-си кошумча) манжалуу. Мээси дурус өрчүгөндүктөн аны ар кандай максатта үйрөтүүгө болот. Денесинин түзүлүшү аңчылыкта тирүү жандыкты же олжону алганга ылайыкталган. Айрым органдары күчтүү өрчүп, эрте мененки жана кечки күүгүмдө

активдүү иштейт. Карды жөнөкөй, ичегилери бардык жырткыч айбандар сыяктуу чакан формада [1. 1992. - 233 б.].

Ит уганаак, көрөгөч, жытчыл келип, жакшы чуркайт, секирет жана сүзөт. Канчыгы 7-8, дөбөтү (эркеги) 10-12 айлыгында жетилет. Ошондой эле канчыгы бир жылда 2 жолу күүлөнүп, ал 20 күнгө созулушу мүмкүн. Дөбөтү менен канчыгынын кошулганы 9-12 күнгө жакын. Бооздугунун узактыгы 58-65 күн. Ит 1-2, кээде 12-18 ге чейин күчүк тууйт. Алардын кулагы 5-8 суткада, кийинчерээк көзү 10-14 күндө ачылып, сүт тиштери 20-30 күндө чыгат. Эмизүү мезгили 1-1,5 айга чейин. Жашоо узактыгы 10-12 (16-17) жылга созулат. Бирок кээ бир иттер 19 жылга чейин жашай алат. Жаныбарлардын жашоо узактыгы айрыкча өмүрүнүн акыркы жылдарында, жакшы азыктандыруудан жана багуудан көз каранды. Бир жашар ит 15 жаштагы, 2 жашары 24 жаштагы адам менен салыштырылат. Көлөмү чоң иттердин жашоо алыстыгы бир кыйла азыраак. Негизги азыктары: чийки жана бышкан эт, ботко, атала, нан, бүтүн же майдаланган сөөк, балык майы, сөөк уну, жашылчаларды кошумча азык катарында беришет. Картаң иттерди азыктандырууда негизги басым профилактикага жана ар түрдүү оорулардын алдын алууга багытталат [3. 1995. - 104 б.]. Физикалык активдүүлүгү төмөндүгүнө байланыштуу аларга аз калориялуу тамактарды берүү талапка ылайык. Мындай жаныбарлардын азыгы жогорку деңгээлде даамдуу, сапаттуу жана сиңимдүү болуу керек. Иттердин өлүмүнүн негизги себеби катарында узакка созулган рак оорусу, бөйрөгүнүн жана жүрөгүнүн иштен чыккандыгы саналат. Ошондой эле алар адамдарга жугуучу жугуштуу оорулар менен оорушат. Мисалы, *кутурма, котур, ичеги-курт, тери оорулары, чакалай* ж.б. Андыктан иттерди дайыма ай сайын ветеринардык кароодон өткөрүп жана көзөмөлдөп туруу зарыл.

Аткарган функциясына жана колдонулушуна карай иттерди түрдүү жайларда багышат. Алсак, жыгачтан жасалган будкаларда, ит каналарда, кепелерде, таза абалуу, бийик тоолуу жайлоолордо ж.б.у.с. жайларда. Мындан тышкары ит сүйүүчүлөр үйлөрүндө кармашат. Ошоной эле атайын питомниктерде, аңчылык чарбаларында, ишчил ит багуучу клубдарда, аңчылык коомунда өстүрүлөт. Иттердин породаларынын басымдуу бөлүгүн ит ышкыбоздору асырашат [5].

Эзелки убактарда ачкалык менен коркунуч ата-бабаларыбызды ар дайым коштоп келген. Ушул кыйын кезең учурда бардык үй жана жапайы жаныбарлардын арасынан эң ишеничтүү болуп, ит аларга жардамга келген. Ошондуктан алар итти аңчылыкта жана короо жайды кайтарууда көбүрөөк пайдаланышкан. Ошол кезден баштап иттин баалуулугу биздин жашоодо негизги ролду ойноп келүүдө. Учурдан пайдаланып анын адамзат коомундагы маанилүүлүгүн, баалуулугун жана пайдалуулугун белгилей кетсек:

1. Түндүк чыгыш элдеринде, т.а., Сибирде баа жеткис унаа катарында кызмат кылат. Аларда кар көп болгондуктан жол транспортторуна кыйынчылык жаралат. Мындай оор абалдан алар чаналарды иттерге чегүү менен чыгышат.

2. Кыргыз эли илгертеден бери эле көчмөн калк болгондуктан дайыма мал жандыктарын кармап келишкен. Аларды ит талаада болобу, үйдө болобу, айтор, кайсы жерде болбосун ити-куш талаа жырткычтарынан (*бөрү, сүлөөсүн, түлкү* ж.б.) коргоп келген. Ошондой эле түрдүү кырсыктарда адамдын өзүн да сактап, анын жан шериги боло алган. Буга мисал катары К. Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар» чыгармасындагы эпизодду алсак болот. Анда автор белгисиз бир тоодо камалып калганда, ага жалгыз ити гана кат-кабар, азык-түлүк ташып, жанын аман алып калган.

3. Улуу Ата Мекендик согушта да биздин төрт буттуу досторубуз өздөрүнүн жардамдарын тийгизбей койгон эмес. Алар жоокерлер менен кошо душмандарга каршы сокку урушкан. Алсак, Москва шаарындагы ит өстүрүүчү клуб салгылашууга 6000ге жакын ит жөнөткөн. Бул иттер 4 000 000го жакын душмандын жер астына көмүлгөн жардыруучу заттарын таап беришкен. Мунун натыйжасында бир нече базалар, складдар, өнөр жай жана курулуш объектилери, о.э., көптөгөн аскерлердин өмүрү сакталып калган. Санитар иттер жарадар жоокерлерге биринчи медициналык жардам көрсөтүшкөн. Ал эми алыскы аймактарда жашаган малчыларга, чабандарга, зоотехниктерге, врачтарга жана геологдорго чай, ун, нан жана газета-журналдарды жеткирип турушкан.

4. Азыркы мезгилде иттер өзгөчө кырдаалдар министрлигинде, полицияда, соттук экспертизада ж.б.у.с. оперативдик комиссияларда кеңири колдонулууда.

5. Башка жаныбарларга салыштырмалуу иттердин биздин жашообуздагы келтирген материалдык жана моралдык жардамы эч нерсеге теңегис. Бөтөнчө койчу менен аңчыга пайдасы

чоң. Малын кайтарат, жоголгонун таап берет, кыш мезгилинде, бороон-чапкында ысык денеси менен ээсин ызгаар сууктан сактайт. Карышкыр сымал жырткыч айбандарды сескентип, короого кол салдырбайт. Ошондой эле белгисиз жайда өлгөн малдын тарпын тапканга жөндөмдүү. Ал эми аңчыга суу үстүндө, коюу өскөн чөптүн арасында, атылган канаттууларды жана жаныбарларды таап берет, адашса жол көрсөтөт. Мындан тышкары шериги, сакчысы жана жарадар болгон жандыкты тутуп, ээси келгенче кармап турган жардамчысы болот. Иттерди багуу, кароо, өстүрүү - үнөмдүү, сарамжалдуу жана ыңгайлуу.

6. Иттер көптөгөн көркөм жана документалдуу фильмдерде, мультфильмдерде, циркте башкы ролду ойноп, искусствонун негизги бир элементтери катары саналат. Буга иттер катышкан кино тасмалардын көптүгү жана алардын түрдүү кличкаларынын көбөйгөндүгү далил боло алат. Ошондой эле дүйнөлүк адабиятта иттерге арналган миң деген жазуучулардын, авторлордун, акындардын чыгармалары бар экендигин айта кетүүбүз зарыл.

7. Төрт буттуу досторубузду эстетикалык, орнаменттик жана декоративдик жаатта алсак да, бир кыйла мааниге ээ болушат. Алар өздөрүнүн кооздугу, кылыгы жана көркөмдүүлүгү аркылуу адамдарды өздөрүнө тартып алаксытышат. Көргөзмөлөрдө, цирктерде, түркүн оюн-зооктордо көңүлдөрүн көтөрүп, эс алдырып, алардын аң-сезимдеринде позитивдүү көз карашты пайда кылып, бош убакыттарын шаңдуу дем алууга жумшоого шарт түзүшөт.

8. Азыркы күндө кулинария жана элдик медицина тармактарында иттер кеңири колдонулууда. Анткени алардын эти таң каларлык даамдуу жана жагымдуу дешет. Элдик медицинада, эгер кимдир бирөөгө суук тийип калса же суугу ашынып кетсе, иттин этин кууруп беришет. Бул аларга табылгыс дары болот. Анткени иттин денеси жана организми өтө ысык келет. Ошондуктан кыштын кычыраган чилдесине эч кыйынчылыксыз туруштук бере алат. Айрым адамдар иттин терисин таза сыйырышып, суук өткөн жерге басышат экен. Андан кийин оору сен көр, мен көр жок болот дешет. Мындан сырткары алардын терилерин ата-бабаларыбыз мурдатан бери эле астына талпак катары салышып, колдонуп келишет.

9. Мамлекеттик чек араны коргоодо иттердин жоокерлерге көрсөткөн кызматы баа жеткис.

10. Космос аппараттында дагы алгач ит жаныбары эксперимент катары учурулган [1. 1992. - 233 б.].

Дүйнө жүзүндө иттин 450дөн ашуун породасы бар делет. Алардын айрымдарын айта кетели: *азавак, бассет, бигль, бладхаунд, боксер, бульдог, грейхаунд, далматинец, доберман, керн, керри, кокер-спаниель, комондор, лайка, леонбергер, москва догу, мопс, ньюфаундленд, овчарка, пекинес, пойнтер, пудель, ризеншнауцер, сенбернар, сеттер, спаниель, тайган, такса, терьер, хаски, чихуа-хуа, чау-чау, шнауцер, шпиц, япон хини* ж.б. [5]. Кыргыздарда жалпысынан баары эле ит делип, негизинен, *кыргыз тайганы, короочу, кандек* деген аталыштар гана кезигет. Булардын баары кандайдыр бир муктаждыкта адам тарабынан аргындаштырылып чыгарылган. Мезгилдин өтүшү менен жасаган иш-аракетине жана аткарган милдеттерине карай төмөнкү чоң группаларга бөлүнгөн: аңчы, сакчы, күзөтчү, чалгынчы, цирктик жана декоративдик иттер. Ал эми Европада жана Россияда эл аралык кинология федерациясы иттерди породасына карай төмөнкү топторго бөлгөн: *пастушьи и скотогонные собаки (кроме швейцарских скотогонных собак); пинчеры, шнауцеры, молоссы и швейцарские пастушьи собаки; терьеры; таксы; шпицы и примитивные; гончие и родственные породы; легавые; ретриверы*, *спаниели, водяные собаки; декоративные собаки и собаки-компаньоны; борзые* [6].

Ошондой эле күндөн күнгө иттердин жаңы түрлөрү, породалары кинологдор жана эксперттер тарабынан чыгарылып, саны артууда. Алсак, турмуштук муктаждыктан чуркап бара жаткан айбанды кууп жетип кармоого ылайыктуу күлүк, алгыр иттерди жаратышкан. Алардын бардык күчү бир гана тез чуркоого багытталган. Ошондуктан алардын денеси жана буттары узун болгон. Бул күлүктөргө *тайган* деп ысым ыйгарышкан. Чынында эле, алар өтө тез чуркай алышат мисалы, саатына 100 км ылдамдыкта. Булардын сезимталдык, акылдуулук сапаттарына анча көңүл бурулган эмес. Андыктан сезүү органдары начар өрчүп, дрессировкага жетиштүү деңгээлде ылайыктуу болбогон.

Аңчы иттеринен олжону кайсы жерде экендигин анык билүү, табуу жана ээсине алып келүү талап кылынат. Аңчы иттер табиятынан эле өтө сезимтал болушат. Адамдар бул сапатына көңүл буруп, аны андан ары өнүктүрүшкөн. Булар тайгандар сыяктуу тез чуркай алышпайт, бирок өтө жытчыл келишет.

Күзөт жана кызмат иттерин жаратуу менен адамдар бир далай ийгиликтерге жетишишкен. Алар короо-жайды кайтарышат, тайманбастан карышкырды качырышат. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда атайын үйрөтүлгөн иттердин жонуна мина сыяктуу жарылуучу заттарды байлашып, фашисттик танктарды талкалашкан. Кызмат иттери өзгөчө жытчылдыктары менен саперлорго душмандын жашырган миналарын, бомбаларын табууга жардам беришкен. Мындан сырткары водолаз (суучу), санитар, жол көрсөткүч (поводырь) жана жолбун иттер бар. Албетте, ит бир гана кандайдыр бир чектелүү жумушту аткарууга жөндөмдүү тар адис дегенден алыспыз. Мисалы, *овчарка* – кызмат ити (овчарка – кой кайтаруучу. Себеби *овч* уңгусу орус тилиндеги *овца* «кой» уңгусу менен тектешкенсийт). Аны аңчыга жардам берүүгө үйрөтсө да болот. Ал эми аңчы итин короо кайтарууга мажбурлоого жарайт жана ал аракеттенет. Бирок ал атайын үйрөтүлгөн, ошол жумушка арналган короо иттерине караганда азыраак эффекттүүлүк көрсөтөт. Ошондуктан иттерди бир гана ылайыктуу аткарган кызматы боюнча пайдалануу сунушталат.

Иттердин түрлөрүн чыгарууда адамдардын кошкон салымы чоң. Бирок биздин жасаган эмгегибизди алар өздөрүнүн бизге болгон чексиз сүйүүсү, майтарылгыс ишеничтүүлүгү жана чын дилинен берилгендиктери менен эки эсе төлөп беришет [2. 2005. - 232 б.]

Ар бирибиз эч болбоду дегенде бир жолу жашообузда «*Ит – адамдын досу*» деген фразаны уксак керек жана буга ынангандырбыз. Адам колго үйрөткөн жаныбарладын ичинен ит гана кыйышпас досу боло алган. Ал ээсин берилип сүйө алат, түрдүү шарттарга жана атмосферага тез адаптацияланат, дрессировкага бат көнөт. Итти биз өзүбүздүн үй-бүлөбүздүн катарына кошобуз, ал бизди өзүнүн үйүрү катарында кабыл алып, азыркы мезгилге чейин адамга жардамчы, кароолчу, эң башкысы жолдош, дос сыяктуу көмөк көрсөтүүдө. Биз итти сүйөбүз, анын ишеничтүүлүгүн, ак көңүлдүүлүгүн, эч качан кыйбастыгын жана ажардуулугун баалайбыз. Бул сапаттарына карап, аны адам катарында санасак болот. Мындай таң калыштуу жандыкты сатып алышыбыз мүмкүн, бирок анын достугун, сүйүүсүн жана жароокерлигин эч кандай акчага ала албайбыз. Албетте, достуктун баасы ишеничтикте. Күн сайын ит менен алектенип, ойноп жана эркелетип, биз аны тарбиялайбыз. Жер жүзүндө ит сымал жаныбарлар кенен боло берсин.

Адабияттар

1. Варлаков, В.С., Гражданкина, А.Н., Михальская, А.К., Поярков, А.Д. О собаке [Текст] / Варлаков В.С., Гражданкина А.Н., Михальская А.К., Поярков А.Д. - Москва-Ташкент: «Фонд» ИПК. - 1992. – 233 б.
2. Гусев, В., Гусев, Е. Кинология. Пособие для экспертов и владельцев племенных собак [Текст] / Гусев В., Гусев Е. – М.: ООО «Аквариум-Принт», 2005. – 232 б.
3. 100 вопросов о собачьей жизни [Текст] / «Старт» Республиканское общество охраны, природы совместно с кооперативом. - 1995. – 104 б.
4. Чельцов-Бебутов, А.М., Немнонов, Н.Н. Наши верные друзья [Текст] / Чельцов-Бебутов А.М., Немноновдун Н.Н. - М.: Просвещение, 1974. – 159 б.
5. http://www.doggies.ru/articles/.../sayings/
6. http://www.cobaki.ru/list-c-kinologyia/

УДК: 800.1:894.341(043.3)

С.М. Амиралиев, ОшМУ

«Ит» концепти социумдун аксиологиялык парадигмасында

Макалада «Ит» концептинин кыргызча түшүндүрмө сөздүктөрдө маанилик жактан трансформацияланышы жана аныктамаларынын берилиши каралат.

В статье рассматривается выражение семантической трансформации и определений концепта «Ит (Собака)» в толковых словарях кыргызского языка.

This article analyzes the expression of semantic transformation and definitions of the concept «Ит (Dog) » in the explanatory dictionaries of Kyrgyz language.

Ар кандай концепт убакыттын өтүүсү менен өзгөрүп турат: билимдин өркүндөөсү, маданий түшүнүктөрдүн баюусу концептуалдык талааны байытат жана тереңдетет.

Концепттин баалуу түзүүчүлөрүн ачып берүү максатында совет учурундагы жана андан кийинки мезгилде жарык көргөн басылмалардагы *ит* лексемасынын лексикалашуусунун тарыхый перспективасын карап чыгабыз. Бул максатка жетүү үчүн ар кайсы мезгилдерде жарык көргөн кыргыз тилинин үч түрдүү түшүндүрмө сөздүктөрүндөгү «*Ит*» концептинин аныктамаларын анализдеп чыктык жана бул маселени ишке ашырууда Ю.Н. Михайлованын, Е.Ю. Булыгинанын жана Т.А. Трипольскаянын теориялык изилдөөлөрүнө таянганыбызды белгилеп кетмекчибиз [1. 2003. №28. 181-191-бб.; [2. 2007, 125-134-бб.].

Кыргыз ССР илимдер академиясы тарабынан сунушталган Э. Абдулдаев, Д. Исаевдин редакциясы астында 1969-ж басылып чыккан «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» аттуу кыргыз адабий тили боюнча биринчи лексикографиялык ири эмгекте ит түшүнүгүнө төмөндөгүдөй аныктама берилет: *Ит* зат. 1. Сүт эмүүчүлөрдүн тукумуна кирүүчү үй айбандарынын бири. 2. Мүчөлдүн он биринчи жылынын аты. 3. Жаман көргөндүгүн билдиргенде, тилдегенде колдонулуучу сөз [3. 1969, 253-б.].

Биринчи маани толук түрдө аталган концепттин денотатын үй жаныбары катарында аныктап, кыргыз элинин эзелки бир нече кылымдардан берки дүйнө таануусун чагылдырат жана мында *ит* сөзү чыныгы предметтик, номинативдик жана түз маанисинде колдонулуп, аныктама жаныбардын жеке өзүнө шилтенилет. Экинчи аныктамада он эки айбандын аты менен белгиленген кыргыздын элдик календарында жыл сүрүү эсебиндеги он биринчи жылдын аты аталган. Ал эми үчүнчү маанисинде кыргыздардын ой-туюмунда жана аң-сезиминде негативдүү терс боёктуулукту жараткан, басымдуу түрдө оозеки кепте өтмө, коннотативдик мааниде жаныбардын өзүнө эмес адамдарга жана ар кандай терс көрүнүш, кубулуштарга карата айтылуучу баа берилет. *Ит* сөзү бул маанисинде көбүнчө адамдарга карата алардын жорук-жосунун баалоо үчүн колдонулат.

Ит сөзү катышып уюшулган эркин сөз айкаштары бул сөздүктө чектелүү болгондуктан, «*Ит*» түшүнүгүнө берилген сөздүк макалада аз сандагы тагыраак жети гана *ит* компоненттүү фразеологизм кезиктирдик: *ит мурун, ит тартыш, ит арка, итке минип калуу, ит балдак, ит аяк, ит жыгылыш.*

Келтирилген фразеологизмдердин ичинен айрымдары гана азыркы кыргыз тилинин оозеки кебинде колдонулат. Буларда *ит* сөзү өтмө маанисинде колдонулган. Алар аркылуу ит жаныбары чагылдырылбастан белгилүү бир кыймыл-аракеттер, процесстер көрсөтүлүүдө. «*Ит*» концептинин менталдык маанисин чагылдыруучу бул айтылмалардын айрымдары азыркы кептик чөйрөнүн жакабелинде болуп калды. Мисалы, *ит тартыш, ит балдак, ит жыгылыш* сыяктуу туруктуу сөз айкаштары прецеденттүүлүгүн жоготконсуйт. Ушул себептен бул мисалдар коомдук аң-сезимдин периферияснда орун алгандай көрүнөт.

Жогоруда аталган авторлор тарабынан 1984-жылы жарык көргөн 2 томдук «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» ит жаныбарынын аныктамасы мындайча чечмеленет: 1. Адамдар үй, короо кайтаруу үчүн, мергенчиликке алып чыгуу үчүн ж.б. максаттарда пайдалануучу карышкырлар тукумуна кирүүчү үй айбаны. 2. Мүчөлдүн он биринчи жылынын аты. 3. Жаман көргөндүгүн жамандыгын билдиргенде, тилдегенде, жекиргенде ж.б. колдонулат [4. 1984, I том. 411-б.].

1969-жылы басылган сөздүктөн айырмаланып бул сөздүктө экинчи маани өзгөрүүсүз калып, биринчи жана үчүнчү чечмелөөлөр бир кыйла кенен берилген жана иттин коомдогу социалдык абалынын, биологиялык, генетикалык өзгөчөлүгүн жана кызмат функциясынын максатын, маани-маңызын чагылтуучу сөздөр көбүрөөк колдонулган. Үчүнчү негативдүү терс боёктуулукту жараткан өтмө, коннотативдик маанини билдирүүчү сөздөрдүн саны дагы арткан. Мындай баалоодон *ит* сөзү өздүк түз маанисине караганда басымдуу түрдө коннотациялык кыйыр маанисинде колдонуларын баамдоого болот. Мындан сырткары сөздүк макаладагы «*Ит*» концепти катышкан фразеологизмдердин көлөмү дагы бир топ арткан. Маселен, биринчи сөздүктө жети гана бирдик келтирилсе, мында алардын саны жыйырма беш бирдикти түзөт. Бул бирдиктерден *ит* сөзүнүн макал-лакаптарда, фразеологизмдерде жана көркөм адабий чыгармаларда орду чоң экендиги байкалып, чечмеленип жаткан сөз активдүү сөздүк корго таандык экендигин билүүгө болот.

Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясындагы Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту тарабынан сунушталган академик А. Акматалиевдин редакциясы астында 2010-ж басылган «Кыргыз тилинин сөздүгү» аттуу көлөмдүү лексикографиялык эмгектеги «*Ит*» концептинин аныктамасын Э. Абдулдаев, Д. Исаевдин 1984-ж басылган жогорудагы эки томдук

сөздүгүндөгү аныктамасынын өзгөрүүсүз, дал өзүндөй көчүрмөсү деп айтууга болот. Ошондой болсо да, айрым бир айырмачылыктарды көрсөтүп кетүүгө мүмкүн. Белгиленип кеткен совет доорундагы эки сөздүккө салыштырмалуу көп сандагы (55) «*Ит*» компоненттүү фразеологизмдер *ит* сөзүнүн сөздүктөгү макаласына кыстарылбастан өзүнчө, ар бири башка-башка сөздүк макалага жайгаштырылган жана көркөм адабияттан («Манас» эпосу, Айтматов, Касымбеков, Каимов, Бердикеев ж.б.) алынган ар түрдүү иллюстративдик материалдар менен жабдылышкан. Бул контексттердин баары концепттин мазмунун толуктап ачып, сөздүктү окуган окурмандын көңүлүн бул сөздүн күнүмдүк турмушта көбүрөөк колдонулуусуна бурат [5. 2010. - 1458 б.].

Фразеологиялык бирдиктердин санынын бир кыйлага артканды гы элдин дүйнө таанымында «*Ит*» концепти маанилүү, актуалдуу боло баштаганын айгинелеп турат. *Ит* сөзүнүн айкалышуусу аркылуу түзүлгөн жыш колдонулуучу бул сүйлөмдөрдүн көпчүлүк бөлүгүндө (*ит болуу; ит менен мышыктай; итке минип калуу; ит ыркырак кылуу* ж.б.) *ит* сөзү мурдагыдай эле өтмө маанисинде колдонулган, демек, бул мисалдардын орду жазуу кебинде, илимий стилде эмес, күнүмдүк оозеки кепте же карапайым сүйлөмдөрдө, көркөм-адабий тексттерде орчундуу экендигин аныктоого болот. Келтирилген мисалдар ит сөзүнүн идиомалык-метафоралык мазмуну байып бара жатышынан кабар берет. Бул заманбап сөздүктө жогоруда келтирилген 1969-жылдагы сөздүктө кезиккен фразеологиялык бирдиктер баары эле орун алып, тереңирээк чечмеленет, ал эми 1984-жылы басылган сөздүктө учураган *ит сийгек, ит чабак* сыяктуу бирдиктер киргизилген эмес. Демек, бул бирдиктер эскирип, активдүү колдонуудан чыгып, «*Ит*» концептинин алыскы жакабелинен орун алып калгандыгынан кабар берет.

Анализденип чыккан үч сөздүктө тең «*Ит*» концептин аксиологиялык шкалада төмөндөтүүчү: *сүйл.*, *жактбгн., көтөр., эск., өт., диал., сөгн.* сыяктуу стилистикалык белгилер кезикпейт. Үч жолу басылып чыккан жогоруда аталган сөздүктөрдөгү «*Ит*» концептинин аныктамаларын, образдарын обөективдүү жана нейтралдуу деп баалоого болот.

Лексикографиялык материалдарды аздыр-көптүр анализдөө *ит* лексемасынын концептуалдык маанилеринин элдик аң-сезимде жайылуусун, кеңейүүсүн жана өзгөрүүсүн иликтөөгө жол берет.

Акыркы мезгилдерде кинологиялык лексиканы изилдөө активдешүүдө, маданияттын жана социалдык жашоонун бул тармагын чагылтуучу атайын сөздүктөрдү түзүүгө далалат кылынууда, бирок азырынча мындай эмгектер кыргыз тилинде жарык көрө элек. Буюрса, жакынкы мезгилдерде биз сыяктуу тил адистери тарабынан бул маселе жүзөгө ашат деп ишенебиз.

Лексикографиялык эмгектерди анализдөө «*Ит*» концептине константа статусунун ыйгарылуусун шарттайт, анткени Ю.С. Степановдун аныктамасы боюнча: «Константа в культуре – это концепт, существующий постоянно или по крайней мере, очень долгое время». Константа маданияттын кандайдыр бир туруктуу, түбөлүктүү принцибин билдирет [6. 2001, 84-б.]. Демек, бул концепттин мазмуну убакыттын өтүүсү менен өзгөрүлбөй тургандыгын, ар дайым туруктуу позицияда калуусун ишеничтүү айтууга болот. «*Ит*» концептинин мындай касиети көп доордон берки элдик тажрыйба менен бекемделген. Демек, «*Ит*» концепт-константасынын мазмунуна дүйнө сүрөтүнүн дайымкы өзгөрүүсүз фрагменти камтылган.

Адабияттар

1. Михайлова Ю.Н. Об эволюции лексикографического представления концепта // Известия Уральского государственного университета. 2003. №28. 181-191-бб.; 181-191-бб.
2. Булыгина Е.Ю., Трипольская Т.А. Религиозная лексика: лексикографическая интерпретация идеологической семантики // Актуальные проблемы лексикология и словообразования. Вып. X. Труды гуманитарного факультета НГУ. Новосибирск, 2007, 125-134-бб.
3. Абдулдаев Э., Исаев Д. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Фрунзе: Мектеп, 1969. – 776 б.
4. Абдулдаев Э., Исаев Д. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. 2 томдук. Фрунзе: Мектеп, 1984 б.
5. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Бишкек: «AVRASYA PRESS», 2010. – 1458 б.
6. Степанов, Ю.С. Константы: Словарь русской культуры [Текст] / Степанов Ю.С. - М., 2001. – 186 б.

УДК: 495

Г.С. Бакирова, ОГПИ

Т. Сыдыкбековдун жазуучулук чеберчилиги

Бул макалада Т. Сыдыкбековдун жазуучулук чеберчилиги, чыгармалары жөнүндө сөз болот.

В данной статье раскрыто творческое мастерство известного кыргызского писателя Сыдыкбекова Т.

In this article reveals some creative skills of the famous Kyrgyz writer T. Sydykbekov.

Кыргыз Эл жазуучусу, Кыргыз Республикасынын Баатыры, кыргыз профессионал жазма адабиятындагы роман жанрынын баштоочусу, Т. Сыдыкбеков 100 жашта. Элде кеп бар эмеспи, чыгармачыл инсандын эки өмүрү бар деген, ошол сыңары бүгүнкү күндө Түгөлбай атанын экинчи өмүрү эл арасында, анын чыгармаларын сүйүп окуган окурмандар арасында жашап жатат. Өзүнүн чыгармаларынын тилинин жатыктыгы, каармандарынын жупунулугу, жөнөкөйлүгү менен башка жазуучулардан айырмаланган бул жазуучунун көптөгөн эмгектери, чыгармалары, публицистикалары окурмандардын жүрөгүнөн орун таап келүүдө. Т. Сыдыкбековдун чыгармачылыгы мектеп программасында 6-класстан баштап, 11-класска чейин окутулуп келет: 6-класста анын «Көк серек» аңгемеси, 7-класста «Акылман куудул», 9-класста «Тоо балдары» романы, 11-класста «Көк асаба» тарыхый романы. Жазуучунун чыгармачылыгын окутуу маселеси боюнча бир топ эмгектер жасалууга тийиш.

Т. Сыдыкбеков өзүнүн өмүр жолунда көптөгөн чыгармаларды калтырып кетти. Анын калеминен жаралган кыргыз элинин башынан өткөн урунттуу окуяларды чагылдырган «Көк асаба» тарыхый романы, айыл элинин өзүнө бап келген, эч кандай көркөмдүүсүз жупуну турмушунун жүгүн өзүндө алып жүргөн каарманы «Ыманбай пейили» деп аталган романда чагылдырылды. Жаратылыш жана андагы жан-жаныбарлар, алардын турмушу адамдардын турмушу менен параллель коюлуп, бөрү болсо да, адам сымал өз балдары үчүн күрөшкөн картинасы автордун «Көк серек» аңгемесинде сүрөттөөгө алынды. Кыргыз элинин куудулу атанган Куйручук анын куйкумдуу сөздөрү, кеменгерлиги, акылмандыгы «Акылман куудул» чыгармасында баяндалды. Кыргыз профессионал балдар адабиятында алгачкы болуп жазган романын жанрын «Тоо балдары» деп атап, анда орус элинин келиши менен кыргыз элинин башынан өткөргөн оош-кыйыштары кеңири планда сүрөттөөгө алынган. Мындан сырткары мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган адабий макалалары жана публицистикалары топтолуп «Мезгил сабактары» (1982-жыл), андан кийин көп өтпөй эле ар түрдүү жылдарда жазылган, учурунда басма сөз беттерине жарыяланган жана жарыяланбаган макалалары, Түгөлбай атанын коомго болгон жекече көз караштары 1991-жылы «Табылга» деп аталган топтом болуп чыкты. Жазуучунун чыгармаларын кунт коюп, саресеп салып окуган окурман анын тилинин, жазуучулук стилинин бөтөнчө, башкаларга окшобогон нукта өз оюн баяндай тургандыгын баамдай алат. Өз кезегинде Л.Н. Толстой: «Жазуучу өз каарманынын образын түзүүдө, ал эң оболу ошол каармандын образын өзү жон териси менен сезүүсү керек», – деген. Тагыраак айтканда, дыйкандын, шофёрдун, инженердин образын ачууда ал ошол кесиптегилердин иши, бир күндүк жумушу менен тааныш болуусу зарыл экендигин белгилегиси келген. Ушул эле ойду улай Т. Сыдыкбековдун «Мезгил сабактары» деп аталган публицистикалык макалалар жыйнагындагы «Чоң адабияттын өнүмдөрү» деген адабий макаласында адегенде көркөм адабият деген эмне экендигине жана аны кесип тутуунун айрым бир чен-өлчөмдөрүнө токтолуп кеткен. Мисалы: «Көркөм адабият» ал – адамдын өмүрүн, ишин баяндаган, ички дүнүйөсүн, мүнөзүн, кыял-жоругун ачкан, кебете-кешпирин элестеткен, айтор бардык жагынан адамдын адамдык бардык касиеттерин эң кылдат, чебер, эң тасын, элестүү сүрөттө менен кайра адамдын өзүнө тарбия таалим берүүчү, адамдын өзүн эмгекке шыктандырып, алдыңкы жарык өмүрдө күрдөлдүү, туура жашап өтүүгө кызыктырып, ыплас, терс, жаман иштерден сактантып, жакшы, асыл иштерге шыктандырып, ага шексиз жетүүгө чоң үмүткөр кылып, ошону менен адамдын ой-сезимин ойготуп, аны мемиретип, жыргатып, анын көңүлүн көтөрүп, ага акыл, ой кошуп, дайым

жакшылыкка баштап жүрүүчү кеменгердиктин милдетин аткарган асыл курал! Ошондуктан, биз чыгарманы анын темасына, анын мазмундуулугуна, элдик ширелүү бай тил менен көркөм, чебер сүрөттөлүшүнө, маани туюндурган ойду эргиткен кеменгерлигине, көркөмдүүлүгүнө карай баалайбыз. Албетте, мында бирден бир улуу милдеттерди алып жүргөн каармандар адамдын өмүрүн баяндап, элесин ачат. Ушундан улам кээ бир жаш талапкерлер адабият майданында алгачкы ийгиликтерге жетише башташкан кездеринде эле «Эми сонун кесип таптым» дегендей болушуп, өздөрүнүн адистиктерин биротоло таштай салышат.

Атаганат, жазуучу өзүнүн жазуучулук кесибинен сырткары кеминде дагы эки-үч адистикти өздөштүрүп алган болсо, ал баарынан мурда ошол жазуусунда тигил же бул кесиптеги каармандардын элесин кыйналбай таасын сүрөттөөр эле. Айталык, Өскөн өзү инженер болбой, биздин кээ бир башка жаш авторлорубуздай гуманитарлык бир илимге ээлик болуп, диплом алары менен эле өндүрүшкө бурулбай бир билгени жазуу, бир көргөнү басмакана менен редакциялар болсо, сөзсүз ал «Кыздын сыры» повестиндеги тоо кенчилеринин, артыкча жаш инженер Азимдин элесин жаш Өскөн азыркыдай кыйналбай сүрөттөй алабы? Биз, «кыйналбай» дегенди атайы айтабыз. Себеби, жазуучу ар кыл кесиптеги кейипкерлердин элесин туура берүүгө милдеттүү [2.117-118].

Автор баамдагандай, көркөм адабият адамдын жан азыгы, анын туура жолдо, туура багытта жашоосуна түрткү берүүчү руханий азык болууга тийиш, аны окуган ар бир окурман чыгармадан тарбия, сабак алуусу кажет, ансыз чыгарма – чыгарма болуудан калат. Ал эми андагы катышуучу образдар жазуучунун сынына толгон, чыгармадагы жүктү өзүндө алып жүрө алган типтүү каарман болуусу керек. Эгер Ч. Айтматов зооветеринар болбогондо жан-жаныбарлардын элесин, алардын жашоо образын биз таасирленгендей сүрөттөөгө албаган болор эле деген ойго келебиз. Кандай гана жазуучу болбосун, ал эң ири дегенде ар тараптуу билимдерди өзүндө алып жүрө алган көп кыйырдуу талант ээси болуу керек деген бүтүмгө келүүгө туура келет. Ошондо анын чыгармалары түбөлүктүү, тарбияга мол, турмуштук сабактарга бай чыгармалардын катарын толуктаары маалым, ансыз чыгарманын өмүрү узак болбостугун жазуучу өзүнүн көптөгөн адабий макалаларында жана публицистикаларында белгилеп кеткен. Жазуучунун эмгектери бүгүнкү күндө өз окурмандарын таап, мектеп программасында окутулуп келет, ал чыгармаларын нукура эне тилиндеги бал сөздөрдү, сөз берметтерин иргеп алуу менен жазгандыгын баамдоого болот. Анын чыгармаларын окуп жатып, «сөз үйрөнүүгө» боло тургандыгын, нагыз улуттук сөз чебери экендигин көрүүгө болот. Анын 6-класста окутулуп жаткан «Көк серек» аңгемеси жөнүндө сөз кылып, аны окутуу боюнча өзүбүздүн сунуштарыбызды берүүгө аракет жасап көрөлү. Кыргыз адабиятын окутуу программасында «Жаратылыш, жан-жаныбарлар жөнүндө» деп аталган бөлүм Т. Сыдыкбековдун «Көк серек» аңгемесинен башталып, А. Стамовдун «Үч мээрим» повести менен бүтөт, тагыраак айтканда, аталган бөлүм бүтүндөй жаратылыш, жан-жаныбарлар жөнүндө болот. Бул программада чыгарманы окутууга 3 саат бөлүнгөн, анын бир сааты автордун чыгармадагы карышкырлардын образын көрсөтүүдөгү байкоолору жана философиялык жыйынтыктары, экинчи сааты автордун деталдар менен иштөөдөгү чеберчилиги, табияттын бир мүчөсү экендиги, 3-сааты адамдын гумандуулугу, чыгармадагы шарттуулук ыкмасы, жаныбарлардын ой жүгүртүүлөрү, кыялдануулары, аңгеменин тили жөнүндө окутулушу керек [3]. Чыгармада бөрүлөрдүн жашоо үчүн күрөшү көркөм деталдардын жардамында укмуштуудай, дыкаттык менен иштелген. Анда Көксерегинен ажыраган Көк канчыктын бөлтүрүктөрүн жетилтүүдөгү тарткан азаптары, карыган кезде жан сактоо үчүн болгон күрөшү, өз тукумун сактоого, илим-техника өскөн доорго, ага ылайыктуу куралдардан сактанууга, күнүмдүк жан сактоого аракеттенишет, бирок, кандай гана болбосун, бөрүлүк заңын сакташат. Буга Кынжыгыйды жеп коюшу далил боло алат [1. 267]. Ооба, Көк канчык карыды, өзүнүн карылыгын мойнуна алып, Кынжыгыйдын өз ырысын өзү таба албас шордуу болуп калганын байкап, аны балдарынын жеп салуусун буюрду. Бул алардын мыйзамы болчу. Өз оокатын өзү таба алабай кынжыйып жүргөндүктөн улам анын аты автор тарабынан символдуу түрдө Кынжыгый деп аталгандыр, ким билсин… Мындан сырткары чыгармадан бөлтүрүктөрдүн өз оокатын табуу үчүн бир канча айла-амал колдонору, капканга түшкөн бөрү өз сөөгүн өзү кырчып, андан бошонууга далалат кылары, бөрүнүн көз астында кара тамчы тагы эмне себептен экендигин чыгарманы окуп чыккандан кийин билүүгө болот. Ага кошумча катары бөрүлөрдүн анты жөнүндөгү эпизод да берилет, ал төмөнкүдөй: «Баарынан коркунучтуусу: койчунун эң короочу, жанына жакын Байдөбөтү жок. Койлордун тарпын жыйып, жарадарларын короого кийрип коюп, эми Байдөбөтүн издеп чыгып, ал анын өзүн эмес, те жоноюлда карга

сайылып калган куйругун тапты. Бул эң жырткыч бөрүнүн анты. Короочу итке алар кас. Аны ушинтип куйругун карга сайып, өзүн талап жеп кетет деген уламыш, эми чын болуп чыкты» [1. 264]. Айтайын дегенибиз, 6-класстын окуучулары үчүн бул маалыматтар бир топ кызыгууну жаратары бышык, ошол себептүү мугалим ушул сыяктуу жана мындан башка маалыматтарды окуучуларга берүү үчүн өзү чыгарманы толук окуп чыккан болушу керек. Ошондай эле чыгарманы баштаар алдында мугалим окуучулардан «Көк серек» деген эмне маанини түшүндүрө тургандыгын сурап, алардын ойлорун уккандан кийин, өзү ал жөнүндө толугураак айтып бергени дурус болор эле деген ойду айтуу менен жыйынтыктайбыз.

Т. Сыдыкбеков – мыкты публицист-жазуучу, кара сөздүн чоң устаты катары кыргыз элинин жүрөгүндө жашай берет.

Адабияттар

1. Сманбаев А., Ишекеев Н. Кыргыз адабияты 6-класс
2. Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары Ф.:-«Кыргызстан» 1982
3. Кыргыз адабиятынын программалары (жалпы орто билим берүүчү мектептердин 5-11-класстары үчүн)

УДК: 800

Бекмуратов З.Т., ОшТУ

Что такое «направление движения» и как оно выражается в языке

Макалада автор «кыймылдын багыты» түшүнүгүнүн маңызын лингвистикалык көз караш менен талдаган.

В данной статье автор раскрывает суть понятия «направление движения» с лингвистической точки зрения.

This article describes the main meaning of the «direction of movement» with linguistic view of opinion.

В окружающем нас мире нет ничего абсолютно застывшего и неизменного, все находится в движении, переходит из одних форм в другие. «Движение – внутреннее присущее материи неотъемлемое ее свойство (атрибут), способ ее существования» [1. с.65]. Как отмечал Ф. Энгельс, «нигде и никогда не бывало и не может быть материи без движения» [2. с. 59], как нет и движения без материи.

Жизнь представляет собой систему форм движения. В философии выделяют следующие формы движения материи: механическое, физическое, химическое, биологическое и социальное [3. с.179]. Высшим этапом развития материи на Земле является человеческое общество с присущими ему социальными формами движения. Эти формы движения непрерывно усложняются с прогрессом общества.

Как известно, понятия «движение» и «перемещение» неравнозначны. Понятие движения включает в себя все происходящие во Вселенной изменения и процессы, начиная от простого перемещения и кончая мышлением, т.е. понятие «движение» шире, чем понятие «перемещение». Исходя из этого, к понятию «движение» целесообразно будет отнести всякое движение, движение вообще. Перемещение же в пространстве – частный случай движения.

Необходимо отметить, что система направительных форм в ряду других конструкций с пространственным значением – достаточно популярный объект исследования, привлекающий активное внимание лингвистов. Это и понятно: пространственные отношения – постоянный фон, на котором разыгрываются действия человека, и в силу своей коммуникативной значимости они характеризуются в языках мира богато дифференцированными значениями и развернутой системой средств выражения, а также широкой употребительностью.

В зарубежной лингвистике за последние годы в исследованиях Е.Ю. Владимирского, М.В. Всеволодовой, Ю.М. Гордеева, М.С. Евневича, Я.К. Радевича-Винницкого, Л. Бесекирской, Б. Блажева, Р. Павловой, И. Пете и других предпринято широкое изучение системы предлогов и предложно-падежных форм с пространственным значением. Они ставили своей целью описать всю систему пространственных предлогов или предложно-падежных форм русского и других славянских языков, соотнеся план выражения в план содержания в полном их объеме. Это позволит нам говорить, что основные значения русских пространственных (и направительных в

том числе) конструкций замечены и отмечены лингвистами. Но вряд ли можно признать, что в описании парадигмы русских направительных форм в полной мере раскрыты ее внутрисистемные связи, объективно существующие и характеризующиеся национальным своеобразием.

Под направлением движения обычно понимается «характер пространственного отношения между движущейся субстанцией и другой субстанцией, относительно которой отмечается данное движение» [4. с.62].

Основным признаком движения, точнее, движения в пространстве, движения, видимого глазу, является направление. Направленность - общекатегориальный признак концепта движения, моделируемого в языке. Таким образом, категория направленности представлена в сознании и в языке как функция, или отношение движения к определенному ориентиру.

При помощи категории направленности в языке моделируются отношения к начальной точке движения, к конечной точке движения и к пути движения. С ее помощью в языке формируются динамические структуры, и она занимает определенное место в наивной картине мира человека. Данная категория находит отражение в семантике динамического предиката любого языка, в том числе и кыргызского, или, по словам Лайонза, «пронизывает весь язык» [5. с.453]. Собственно в качестве объекта лингвистического исследования направленность как категория, как бытийная и, что важнее, мыслительная универсалия не являлась. До сих пор концепт направленности остается фактически пустым понятием, передающим идею некоей изначально присущей нам данности восприятия и мышления. Процесс передачи движения в языке различными средствами охватывает собой огромный пласт лексики.

Направленность, со своей стороны, объективирует обобщенный смысл движения как любого изменения [6. с.21-31], любой взаимосвязи, взаимодействия как способа бытия. Через направительный компонент значения предиката возможно привести в систему основные формы движения, явленные через язык и описанные еще Аристотелем. Известно, что древний философ считал перемещение самым узким пониманием движения и описал шесть видов движения: возникновение, уничтожение, увеличение, уменьшение, превращение и перемещение [7. с.289-294].

Мы считаем, что проведение исследования кыргызских направительных конструкций на фоне их сопоставления с русскими аналогами, позволит дополнить набор традиционно выявляемых значений и подтвердит мысль о том, что при сравнении «глубже, пластичнее и всестороннее познается и система каждого из сопоставляемых языков сама по себе; яснее проступают характерные черты, дифференцирующие сопоставляемые языки» [8. с.181]. При исследовании нужно опираться на фактический материал, который собирается методом сплошной параллельной выборки по подлинным художественным текстам кыргызских авторов и по их переводам на русский язык. Для анализа отдельных (малочастотных) конструкций можно использовать также материалы из газетных публикаций, словарей, образцов устной и письменной речи носителей кыргызского языка. Собранные и исследованные конструкции обеспечивают достоверность результатов работы и позволяют объективно судить о частотности, языковых особенностях и семантических функциях сопоставляемых форм. Известно, что хорошо переведенный текст является адекватным оригиналу. Такое обстоятельство позволяет при анализе фактического материала использовать на равных правах как оригинальные кыргызские тексты, так и их переводы.

Несмотря на многочисленность различных работ по пространственной проблематике, не существует общих типологических исследований, посвященных направительности с когнитивной точки зрения. Для того, чтобы изучить достаточно тонкие семантические отличия показателей, относящихся к направительным конструкциям, в разных языках, необходима тщательная лексикографическая работа, поскольку их употребление регулируется сложными семантическими правилами, индивидуальными для каждого языка.

Литература

1. Краткий словарь по философии. – М.: Политиздат, 1982. – 431 с.
2. Афанасьев В.Г. Основы философских знаний. – М.: Мысль, 1986. – 399 с.
3. Данильян О.Г. Философия. – М.: Изд-во Эксмо, 2005. – 512 с.

4. Гак В.Г. О функциональном подходе к изучению грамматических явлений// Иностранные языки в высшей школе. – М.,1974. – Вып.8. – С.58-66.
5. Лайонз Дж. Введение в теоретическую лингвистику. – М.: Прогресс, 1978. – 453 с.
6. Падучева Е.В. Отпредикатные имена в лексикографическом аспекте// Науч.-техн. информация. Сер.2. –1991. №5. – С. 21-31.
7. Асмус В. Ф. Античная философия. – М.: Высш. шк., 1976. – 543 с.
8. Мразек Р. Типология славянского простого предложения// Языкознание в Чехословакии. – М., 1978. С. –181-188.

УДК:495

Ж.Т. Джумаева, ОГПИ

Түгөлбай Сыдыкбеков кеп маданиятынын тазалыгы жөнүндө

Бул макалада Түгөлбай Сыдыкбековдун кеп маданиятынын тазалыгы, тилдин өнүгүшүндө башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдү өздөштүрүүдөгү айрым маселелерге илимий көз караштары жөнүндө сөз болот.

В этой статье проведен анализ на научные взгляды Т. Сыдыкбекова о культуре речи кыргызского языка и его развитии на счет других языков, правила освоить инородные слова в кыргызском языке.

In this article the analysis of the scientific views of T. Sydykbekov about the culture of speech of the Kyrgyz language and its development at the expense of other languages, the rules to learn foreign words in the Kyrgyz language.

Адам жошоосунда маданият түшүнүгү бир топ багыттарда колдонулат. Мисалы элдин руханий маданияты, материалдык маданияты, кийинүү маданияты, эстетикалык табиттин өзгөчөлөнгөн маданияты, ж.б. Булардын ичинен адамдар ортосунда, коомдо негизги орунда турганы – сүйлөө маданияты. Демек, тилдин (кептин) маданияты. Тил – карым катнаштын негизги куралы болгондуктан, анын тууралыгы, тазалыгы, тактыгы талапка ылайыктуу болушу зарыл.

Кеп маданияты алгач байыркы Грециянын чечендик өнөрүнөн башат алып калыптанганы менен алгач жолу илим катары XX кылымдын башынан тартып изилдене баштады. Байыркы Грецияда чечендик өнөрдүн теориясын түзгөн Аристотель: «Кеп, бул – адам ишмердүүлүгүндө, жашап өмүр сүрүүсүндө аба, суудай керектүү стимул. Ансыз адам жашоосу барксыз, элессиз, татымсыз», – деп белгилегендей [4. 7 б.] кеп маданияты жаралгандан тартып бүгүнкү күнгө чейин сөздөрдү одоно, өз маанисинен ажыратып, орунсуз колдонуудан арылууну талап кылып келүүдө.

Албетте, мындай зарылдык кыргыз адабий тилине да учур талабына жараша коюлуп келген. Элдин турмушунун коомдук түзүлүшкө, саясий шарттарга жараша өзгөрүп турушу, анын тилине, көркөм чыгармачылыгынын уюткусу болгон оозеки чыгармаларынын өнүгүшүнө орчундуу таасир тийгизди.

Айрыкча советтик мезгилде кыргыз адабий тили өтө тез темп менен өнүктү. Ошону менен катар эле тектеш жана тектеш эмес тилдерден кирип келген жаңы сөздөр улуттук тилди бурмалоого, өз маанисинен тайып, терс мааниде колдонуунун натыйжасында кептин тазалыгы бузулган учурлар көп. Ал эле эмес ошол улуттук адабияттын өзөгү болгон көркөм мурастар, руханий баалуулуктар колдонуудан четтетилип, көз жаздымда калып келди. 1987-жылы шовинизм курчуп «Совет эли бир тилге – орус тилине өтүү керек!» деген чуулгандуу, арты үрөйдү учурган кооптуу ураан көтөрүлүп чыккан [6]. Ошол учурда «улутчул» деген жалаадан чочулабай элдик руханий мурастарды, тарыхты, тилди, маданиятты сактап, өнүктүрүп калууну тынымсыз эскертип айтып отурган чыгармачыл инсандар болду. Айрыкча ачуу чындыкты ачык айткан «Жабыкта жаткан төрт кат», «Тилибиз бөтөнчө эмес», «Тил жана көркөм дүйнө», «Термин жалпыга түшүнүктүү болсун!», «Тил кенчи сөздө» ж.б. ушул сыяктуу каттар, маектер, макалаларын жарыялап турган Түгөлбай Сыдыкбековду баса белгилөөгө болот. Бул жазуучунун тил үчүн күйүп-бышып жазган «Жабыкта жаткан төрт катын» ошол учурдун жаштары жашыруун бири-биринен көчүрүп алып окуп жүрүшкөнү буга далил боло алат. Жазуучу «Табылга», «Мезгил сабактары», «Мен миң жыл жашадым» аттуу публицистикалары, адабий, илимий макалалары камтылган басылмаларында кептин тазалыгына, улуттук тилдин өнүгүшүнө, сөздүк кордун байышына тиешелүү маселелерге токтолуп, бир катар орундуу сунуштарын берип келген. Төмөндө биз жазуучунун айрым сунуштарына токтолобуз.

Сөз кору эки булактан гана байып өнүгөт:
1-Эне тил жана ага тектеш тилдердин сөз казнасы;
2-Эне тилде жана тектеш тилдерде жок сөздөрдү башка тилдерден ооштуруп алуу [1. 74 б.]. Албетте, ар бир тил жогоркудай жолдор аркылуу өзүнүн корун байытып отурат. Бирок тектеш жана тектеш эмес тилдерден сөздөрдү өздөштүрүүдө, аны эне тилде жандуу сөзгө айлантып колдоно билүүдө айрым маселелер жаралып келген. Мисалга алсак, кыргыз адабий тили орус тилинин таасиринде бир топ сөздүк корун байытуу менен өзүнүн составында жандуу сөздөрдү да, өлүү сөздөрдү да кабыл алып келүүдө. Советтик мезгилдин талабы менен мамлекеттик тилдин ролун орус тили аткарып турганда кыргыз тили өзүнүн лексикалык корун тил мыйзамына баш ийбеген, улуттук тилдин жансыз сөздөрүнө айланган көп сөздөрдү кабыл алды. Натыйжада өз тилинде жаңыдан сабатын ачып келаткан калктын караңгы катмарына мындай сөздөр колдонулган маалымат, кабарлар, же жөн гана тексттер жеткилең болбой, коомдо оң-терс пикирлерди жаратты. Айрыкча элдин катмарына таралуучу кабарлар, коомдук басылмаларда жарыялануучу макалаларда журналисттердин жазуу кебинин олдоксондугу кашкайып көрүнүп турган. «…ашыга ишке берилген котормочу журналисттер сөз төркүнүн баамдай албай калганда жаңылбас үчүн: «Жеңилбес легендарлуу советтик армия» дей салып, сөз тизгинин чубалтты… деле тигил сүйлөмгө легендарлуу керекпи? Каарман, жеңилбес дегенде дал ошол легендарлуулуктун касиети бар го» [1. 72 б.] деп, жазуучу басылмалардагы маалыматтарды сынга алды.

Т. Сыдыкбеков жогорудагыдай мисалдар менен орус тилинен эне тилге сөздөрдү кабыл алуу бардык эле учурда өз максатына жете бербестигин далилдейт: «Орус тилинде атап айтууну талап эткен – легендарный, түрк тилинде анын маанисин каарман, жеңилбес камтыйт. Ажырым айтылчу сөздөр бардык тилде карт (адекватный) келе бербейт» [1. 72 б.], – дейт.

The society Islanders supposed at first that the white men blew through the barrel of the gun, and they called it accordingly *pupuhi*, from the verb*puhi*to blow, while the New Zealanders more simply called it a *pu*. So the Amaxosa of South Africa calls it *umpu*, from the imitative sound *pu*! The Chinook Jargon of North West America uses the phrase *mamook poo*(make poo) for the verb" to shoot", and a six-chambered revolver is called *tohum poo*, i.e. a "six-poo". When a European uses the word *puff* to denote the discharge of a gun, he is merely using the same imitative word for blowing which describes a puff of wind or even a powder-puff or puff-ball; and when a pistol is called in colloquial German a puffer, the meaning of the word matches that used for it in French Argot, a "*souffant*". It has often been supposed that the *puff* imitates the actual sound, the bang of the gun, and this has been brought forward to show by what extremely different words one and the same sound may be imitated, but this is a mistake. These derivations of the name of the gun from the notion of blowing correspond with those which give names to the comparatively noiseless blow-tube of the bird-hunter, called by the Indians of Yucatan a pub, in South America by the Chiquitos a *pucuna*, by the Cocamas a *pu-na.*If we look into vocabularies of languages which have such verbs "to blow", it is usual to find with them other words apparently related to them, and expressing more or less distant ideas. Thus Australian *poo-yu, puyu* "smoke"; Quichua puhucuni "to light a fire", *punguini* "to swell", *puyu, puhuyu* "a cloud;" Maori *puku* "to pant," *Puka"*to swell." Let's observe a group of interjections, which are found among the remotest tribes, and thus have really considerable claims to rank among the primary sounds of language. These are simple sibilants, *s! sh! h'sh!* used especially to scare birds, and among men to express aversion or call for silence Catlin describes [2] a party of Sioux Indians, when they came to the portrait of a dead chief, each putting his hand over his mouth with a *hush-sh*! and when he himself wished to approach the sacred "medicine" in a Mandan lodge, he was called to refrain by the same *hush-sh!* Among the wild Veddahs of Ceylon; *iss*! Is an exclamation of disapproval, as in ancient or modern Europe; and the verb-sharak; to hiss, is used in Hebrew with a like sense, "they shall hiss him out of his place."Among other sibilant interjections, is Turkishsusa! Osseticss!Sos! "Silence!", Fernandian "*sia*!" "listen", "*tush*!". Thus, it appears that these sounds, far from being special to one linguistic family, are very wide-spread elements of human speech. Such sounds pass into fully-formed words, as in the verb to hush, which has passed into the senses of "to quiet, put to sleep". Even Latin *silere* and Gothic *silan*, "to be silent," may with some plausibility be explained as derived from the interjectional *s!*of silence. Kyrgyz *чшшш*! Russian*тсс*! ». Besides these obvious formations there are a lot of obvious interjectional element in English and Kyrgyz, both languages are very emotional and expressive ones. As to the more difficult kind which carries the sense

into a new stage, Mr. Wedgwood [3] makes out a strong case for the connexion of interjections of loathing and aversion, such as *pooh*! *Fie!* Etc., with large group of words which are represented in English by foul and fiend, in Sanskrit by the verbs *puy* "to become foul, to stink" and *piy,piy* " to revile, to hate". Further evidence may be here adduced in support of this theory. The languages of the lower races use the sound *pu* to express an evil smell: the Zulu remarks that "the meat says *pu*", meaning that it stinks; the Quiche language has *puh, poh*"corruption, *pus" pohir to turn "bad, rot*". As to the present topic, Prof. Max Muller [4] points out that Latin *pus, putridus*, Gothic *fuls,* English foul, follow Grimm's Law as if words derived from a single root.

Admitting this, however, the question has to be raised, how far pure interjections and their direct derivatives, being self-expressive and so to speak living sounds, are affected by phonetic changes as articulate sounds no longer fully expressive in themselves; but handed down by mere tradition.

The group of words which belong to the closed lips, of which *mum, mumming*, *mumble* are among the many forms belonging to European languages [5], are worked out in like manner among the lower races- Vei mu mu"dumb"; Mpongwe*imamu*"dumb"; Zulu *momata* (from moma,"a motion with the mouth as in mumbling") "to move the mouth or lips, "*mumata* "to close the lips as with a mouthful of water," *mumutamumuza* " to eat mouthfuls of corn, etc., with the lips shut;" Tahitian *mamu* " to be silent", *omumu* "to murmur". The group represented by Sanskrit *t'hut'hu* "the sound of spitting", Persian *thukerdan* (make thu) "to spit," may be compared with Chinook *mamooktoh, tooh* (make toh, tooh). In the Kyrgyz language there are also a row of interjections which pronounced with the closed mouth, used in speech with the meaning of surprise, puzzle, regret, astonishment: - *М-м.* Эми кайда бармаксын? *Ә, мм...* баса, бул эмне деген көпүрө? (Ч. Айтматов) [6]. The meaning of these interjections depend on the intonation; if we pronounce the interjection 'mm' with an exclamation mark, it will mean the surprise, pain; if we pronounce it in affirmative sentence it takes the meaning of puzzle and astonishment (интернет конференция" Радлов и духовная культура тюркских народов); the usage of question intonation gives to the interjection the meaning of regret and surprise.Among the Sanskrit verb-roots, none carries its imitative nature more plainly than *kshu*"to sneeze;" the following analogous forms are from South America: - Chilian, echium; Quichua, *achhini*; and from various languages of Brazilian tribes, *techa-ai, haitschu, atchian, natschun, aritischune*, etc.

Every language reflects the sounds of the world in its own way according to the peculiarities of its phonetic system [7]. That's why sounds of different languages don't coincide with each other. But at the same time sounds in different languages may be similar, because situation where sounds used are mostly identical. Among Kyrgyz words we may find the same example as for the a*kchi*'sneeze','чучкуру'; in Russian *apchhi*'чихать'. Thus, we can observe similarities in the pronunciation of interjections even in non-related languages, probably because people sneeze and cough identically. Another imitative verb is well shown in the Negro- English dialect of Surinam, *njam* "to eat" (pron. njam), *njam-njam* "food" ('en hem *njamnjam* ben de sprinkhannangaboesi-honi'- "and his meat was locusts and wild honey"). In Australia the imitative verb "to eat" re-appears as *g'nam-ang*. In Africa, the Susu language has *nimnim*,"to taste," and a similar formation is observed in the Zulu *nambita* " to smack the lips after eating or tasting, and thence to be tasteful, to be pleasant to the mind." This is an excellent instance of the transition of mere imitative sound to the expression of mental emotion, and it corresponds with the imitative way in which the Yakama language, in speaking of little children or pet animals, expresses the verb "to love" as *nem-no-sha (to make n'm-n').* In more civilized countries these forms are mostly confined to baby-language. The Chinese child's word for eating is *nam*, in English nurseries *nim*is noticed as answering the same purpose, and the Swedish dictionary even recognizes *namnam* "a tid-bit." In Russian language child's word for eating is *njam-njam*, in Kyrgyz it is *ap-ap*. According to the philologists [8], there is too much separation between what may be called generative philology, which examines into the ultimate origins of words, and historical philology, which traces their transmission and change. It will be a great gain to the science of language to bring these two branches of enquiry into closer union.

At present the historical philologists of the school of Grimm and Bopp, whose great work has been the tracing of our Indo- European dialects, have had much the advantage in fullness of evidence and strictness of treatment [9]. At the same time the views of the generative philologists, embody a sound principle, and that much of the evidence collected as to emotional and other directly expressive words, is of the highest value in the argument. But the most open view belongs to Augustine's caustic remark on

the etymologists of his time that the derivation of words is set down by each man according to his own fancy.

References

1. (Charles de Brosses) “Traite de la Formation Mecanique des Langues,” etc. Paris. An ix.,vol.i. p. 238;vol. ii. P. 313 Lazarus and Steinthal, ‘Zeitschrift fur Volkerpsychologie, etc., vol. i. p. 121. Heyse, ‘System der Sprachwissenschaft,’ p. 73. Farrar, ‘ Chapters on Language,’ p. 202.
2. Catlin, “North American Indians,” vol. i. pp. 221, 39,151,162. Baily in ‘Tr. Eth. Soc.,’ vol. ii.P. 318.Job xxvii. 23
3. Wedgwood, Dic.s. v. ‘pigcon;’ Diez, ‘Etym. Worterb.,’s.v. ‘piccione.’
4. Müller, F. Max. Three Lectures on the Science of Language, etc., with a Supplement, My Predecessors. 3rd ed. Chicago, 1899, p.
5. Mpongwepunjina; Basutofoka; Caribphoubac; Arawacappudun (ignemsufflare)..
6. ЧынгызАйтматов - Гулсарат - повесттер « Кыргызстан» басмасы. Фрунзе-1978-644б.
7. Primitive Culture. Edward Burnett Tylor (1832-1917);
8. Bopp,’ Gloss. Sanser.,’s.v.’go’ See Pott,’ Wurzel-Worterb. Der Iudo-Germ. Spr,’ s.v.’gu’, Zahlmeth., p.227.
9. How the Internet is saving the interjection.-Slate Magazine www.slate.com/.../pardon_the_interjection.h

УДК: 943.41:413.0

А.М. Турдубаева, ЖаМУ

Кыргыз тилинде жаңы маанилердин пайда болушу (неологизмдер) жөнүндө

Бул макалада кыргыз тил илиминдеги адабияттарга сереп салуу менен жаңы маанилердин пайда болуу жолдорун ачып көрсөтүүгө аракет кылдык.

В этой статье путем обзора Кыргызской литературы, показать происхождение неологизмы.

This article is about the new meanings of the words and neologisms in Kyrghys litterateur.

Коом өсүп өнүккөн сайын жаңы түшүнүктөрдүн пайда болушу, коомдук аң-сезимдин өнүгүшү, коомдук ар кандай жаңы кубулуштардын, жаңы экономикалык, же болбосо жаңы коомдук саясий түзүлүшкө өтүү менен бирге, жаңы сөздөрдүн же болбосо жаңы маанилердин (неологизмдердин) пайда болушуна алып келет десек туурадай сезилет. Окумуштуулар «новые слова, появляющиеся в языке в результате возникновения новых понятий, явлений, качеств, называются неологизмами (от гр. neos – новый + logos – слово)” деген аныктама беришкен [2. 41-б.].

Басып өткөн тарыхый коомдун ар бир доорунун ошол мезгилдеги жаңы пайда болгон неологизмдери болот. Алсак, кыргыз тилиндеги кыргыз элинин Кокон хандыгынын тушунда пайда болгон неологизмдер: *аталык, удайчы, датка, аптабачы, паңсат, сарбаз, сыпай, саркер, өкүмдар, жаңгер, ясаул, миршаб, кушбеги* ж.б.; Орус падышачылыгына кошулган мезгилдеги жаңы пайда болгон сөздөр: *генерал*, *оез, болуш, старчын, гүбүрнатыр, самоор, батрак* ж.б.; Октябрь революциясынан кийин пайда болгон жаңы сөздөр: *большевик, революция, колхоз, совхоз, кулак, трактор* ж.б.; Совет бийлигинин тушунда пайда болгон жаңы сөздөр: *Жогорку Совет, библиотека, космос, спутник, космонавт, депутат, манифест, партия, комсомол, пионер, вожатый* ж.б.; Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин да кыргыз тилинин лексикасында жаңы сөздөр пайда болгон: *президент, спикер, бартер, брокер, бажыкана, демөөрчү, акционердик коом, менежер, акыйкатчы, клип, айыл өкмөт, премьер-министр, мэр, мэрия, инвестор, кредит, кредиттик союз, кооператив, бизнес* ж.б.

Кыргыз тил илиминде дагы окумуштуулар жаңы маанилердин бир топ пайда болуу жолдорун ачып көрсөтүшкөн. Алсак, кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү Касым Тынстанов алгачкылардан болуп төмөндөгүдөй жолдор аркылуу жаңы сөздөрдү киргизген. 1. Орус тилинен сөздөрдү калькалоо, жарым калькалоо тактап айтканда толук, жана жарым жартылай кыргыз тилинин төл сөздөрүн колдонуп, которуу жолдору менен жаңы сөз киргизген: библиотека –

китепкана, библиография – *китептеме,* биография – *өмүр баяны,* география – *жарапыя*, дезорганизатор – *бузгунчу*, контрреволюция- револютсага *каршы*; 2.Ички булактардын эсебинен сөз жасоо аркылуу дагы жаңы сөздөрдү жараткан: подкласс- *классча*, подвид – *түрчө*, подрод – *урууча*, подсудимый- *соттуу*, аморализм- *маралсыздык*, неовитализм – *жаңы витализм*, неокапитализм- *жаңы капитализм* ж.б. [3. 60-61-б.].

Андан бери деле, кыргыз тилинин лексикасында дагы жылыштар болбой койгон жок. Анткени коомдук турмуш улам өзгөрүп, өсүп, өнүгүп, жаңы техника, илим жана башка толуп жаткан тармактар улам жаңыланып, ал тургай мамлекет өзү мурун Советтер Союзунун курамында болгон болсо, кийин өз алдынча көз карандысыз эгемендүүлүккө ээ болуп, жаңы коомдук-экономикалык түзүлүшкө багыт алышы менен бирге, жаңы аталыштар, ар кандай жаңы кубулуштарды, түшүнүктөрдү атоо менен жаңы сөздөр дагы пайда болду десек туурадай сезилет.

А. Сапарбаев да неологизмдердин пайда болушунун төмөнкүдөй жолдорун көрсөткөн.

1. Семантикалык ыкма аркылуу пайда болгон неологизмдер: Сөздөрдүн маанилеринин кеңейиши, б.а. мурдагы эле сөздөрдүн жаңы түшүнүктү атоо үчүн колдонулушу эски жана жаңы түшүнүктөрдүн окшоштук боюнча ассоциациялык жактан байланышынан, экөөнүн ортосундагы жалпылык-окшоштуктан келип чыгат. Мына ушундай ык менен пайда болгон сөздөгү жаңы маанилер **семантикалык неологизмдер** деп аталат. Мисалы, талкулоо – мурунку мааниси чылгый терини ийлөө болсо, кийин колдонулуш чеги кеңейип, маселени талкулоо, илимий иштерди талкулоо деген сыяктуу жаңы мааниге ээ болгон. Ошондой эле кара – мурда көр маанисинде колдонулса, кийин маселени кароо, сотто ишин кароо деген сыяктуу жаңы маани менен толукталды.

2. Неологизмдердин морфологиялык жол менен жасалышы: кыргыз тилинде мурдатан эле колдонулуп жүргөн сөздөргө –**чы** мүчөсүнүн жалганышы менен кесипти билдирүүчү төмөндөгүдөй жаңы сөздөр жасалган: *изилдөөчү, сынчы. (“сынчы”* деген сөздү биз семантикалык неологизмдерге кошмокпуз, бул кесип мурда эле болгон, мисалы А.Осмоновдун Толубай сынчы дегендей да мурун жылкы-куштарды сындаган, адамдын жеке мүнөзүн сындаган да сынчылар болгон, кийин мааниси кеңейип адабий сынчылар пайда болгон (автор Т.А.)), *ширетүүчү, тилчи, адабиятчы, саясатчы, куруучу ж.б* . Ошондой эле **–ым, -ма, -гыч, -ыш,-ооч** ж.б. көптөгөн мүчөлөр аркылуу *чыгарма, котормо, башкарма, сүрөттөмө, баяндама, уюм, ийрим, сүйлөм, келишим, өндүргүч, өндүрүш, күчөткүч, аныкталгыч, өзгөрүш, байланыш, баяндооч, бышыктооч* ж.б.

3. Неологизмдердин синтаксистик жол менен жасалышы: Октябрь революциясынан кийин пайда болгон көптөгөн жаңы түшүнүктөр тилде мурдатан колдонулуп келе жаткан сөздөрдүн жаңы тизмеги аркылуу аталып, жаңы мааниге ээ болушкан: *өнөр жай, кириш сөз, жарыш сөз, өмүр баян, ишеним кат, басма сөз,окуу китеби ж.б.* Синтаксистик жол менен жасалган кыргыз тилиндеги неологизмдердин дагы бир түрү орус тилинин үлгүсүндө пайда болду: **самокритика** – *өзүн өзү сыноо,* ***треугольник****- үч бурчтук,* ***производственные средства*** *– өндүрүш каражаттары ж.б.* Ошондой эле кош сөз түрүндөгү неологизмдердин дээрлик бардыгы орус тилинен калькалоо жолу менен жасалды: *жасалма спутник, турмуш-тиричилик, диван-кровать, илимий-популярдык, лабораториялык практикалык* ж.б. жаңы сөздөрдүн пайда болуу жолдорун көрсөткөн. Ж.Мукамбаевдин да жаңы сөздөрдүн пайда болуу жолдорун, анын ичинен калькалоонун бир нече түрлөрүн көрсөткөн, морфологиялык, синтаксистик, ички жана сырткы булактардын эсебинен пайда болуу жолдору тууралуу да ой пикирлери бар [1. 147-148-б.] Жогоркудай жалпы тилдеги неологизмдер менен катар, акын-жазуучулар көркөм каражат катары стилистикалык максатта өздөрүнүн индивидуалдык неологизмдерин да жаратышат. Мындай мүнөздөгү неологизмдер жалпы тилдеги неологизмдер сыяктуу жаңы пайда болгон түшүнүктү, нерсени атоо зарылдыгынан келип чыкпастан, мурдатан эле тилде аты белгилүү болгон түшүнүктү жаңыча атоо менен, ага күчтүү эмоция, стилистикалык тактык берүү максатын көздөйт да, көпчүлүк учурда жеке гана чыгарманын же жеке жазуучунун энчиси болуп кала берет. Ошондуктан буларды **стилистикалык** неологизм же **эстетикалык** неологизм деп атаса да болот. Мисалы, Р. Шүкүрбеков аракты «жинди суу» деп атаган. М. Алыбаев «Ак чүч» деген чыгармасында жалкоо, эрке талтаң аялдарды «ак чүч» деп атаган. А. Токомбаев болсо, **-чылык** аффиксин стилистикалык максатта колдонуп, аны он деген сан атоочко жалгоо аркылуу «ончылык» деген индивидуалдуу неологизмди түзгөн жана аны *тууганчылык, досчулук, журткерчилик, уруучулук, улукчулук* деген сыяктуу турмуштагы терс

көрүнүштөрдү мыскылдоо үчүн пайдаланган [5. 185-188-б.] деген өзүнүн көз караштарын билдирип кеткен.

Ж. Мамытов да жаңы маанилердин пайда болуу себептерин тереңирээк изилдөөгө алгандыгы байкалып турат. Окумуштуу кыргыз тилиндеги неологизмдер эки булактын негизинде пайда болуп жатат деген изилдөөсүнө сереп салсак: 1. Ички булактын эсебинен, б.а.кыргыз тилинен мурдатан колдонулуп келе жаткан тилдик каражаттарын пайдалануу менен жасалууда деген көз карашын билдирген. Буга чейинки изилдөөчүлөрдөн айырмаланып, ички булактын эсебинен пайда болгон неологизмдерди экиге бөлүп көрсөткөн: а) жалпы тилдик булактын негизинде пайда болгон неологизмдер: *демөөр, демөөрчү (*спонсор*), ишкер, ишкердик (*предприниматель, предпринимателдик*), дыйкан чарба, эмкана* (поликлиника) ж.б. б)диалектилик булактын негизинде пайда болгон неологизмдер: ижара (аренда), буйрутма (заказ), астана (босого), маара (финиш) ж.б. 2. Сырткы булактын эсебинен пайда болгон неологизмдерди да экиге бөлүп талдоо жүргүзгөн: а) Совет бийлигинин мезгилиндегидей эле азыркы кезде деле орус тили аркылуу көптөгөн башка тилдерден кирген сөздөр басымдуулук кылып жаңы сөздөр пайда болууда: *премьер-министр, вице-премьер министр, Саммит, мэр, акция, акционер, брокер, имидж, боевик, триллер, сериал, компьютер ж.б.* б) Тектеш тилдерден жана алар аркылуу башка тилдерден (көбүнчө иран араб тилдеринен) кирген неологизмдер. Атап айтсак казак тилинен *ардагер* (ветеран), *аялдама* (остановка), *балмуздак* (мороженое), *эгемендик* (суверенитет), *эгемендүү* (суверенитеттүү), *мунай, мунайзат* (нефть); түрк тилинен *учак* (самолет), *пайыз* (процент); өзбек тилинен *минбар* (кафедра), расмий (официалдуу), рух, рухий (дух, духовный), ахлак (этика, мораль), амалий (практикалык), назарий (теориялык) сыяктуу сөздөр [4:189-б.].

Жаңы түшүнүктөрдү туюнтуу үчүн тилде бүтүндөй сөз пайда болдубу, же мурдатан эле колдонулуп келе жаткан сөз гана жаңы маниге ээ болдубу, ушуга карай Ж. Мамытов лексикалык жана семантикалык неологизмдер деп экиге бөлгөн. Анын ичинен лексикалык неологизмдердин пайда болушун морфологиялык жол менен тактап айтканда уңгу жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн жаңы биригүүсү аркылуу жасалат: *ишкердик, ишкердүүлүк, демөөр, демөөрчү.* Ошондой эле, синтаксистик жол менен да тактап айтканда уңгулардын жаңы кошулуусу аркылуу жасалат: *мамлекеттен ажыратуу, дыйкан чарба, кичи ишкана, орто ишкана, биргелешкен ишкана, аралаш менчик, айыл өкмөтү* деген мисалдар менен бышыктаган. ... Ал эми, жаңы түшүнүктөрдү туюнтуу үчүн, тилде бүтүндөй жаңы сөз жасалбастан, мурдатан колдонулуп келе жаткан сөз жаңы маниге ээ болушу менен башкача айтканда семантикалык неологизмдер пайда болот деген да пикирин айткан. Мындан сырткары, жаңы сөздөр калька аркылуу да пайда болот деген көз карашын билдирген [4. 190-191-б.].

Жаңы маанилердин пайда болушу тууралуу Б. Юнусалиев (1959), Ж. Мукамбаев (1978), К. Сейдакматов (1982), К. Дыйканов (1992), А. Жалилов (1996), Э. Абдулдаев (1998) ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектери да арбын макалабыз чектелүү болгондуктан ар биринин пикирин толук бере алганыбыз жок.

Макалада талданган окумуштуулардын ойлорун эске алып төмөндөгүдөй тыянак чыгарууга аракет кылдык. 1. Сөздөр жаңы маанилерге ээ болуп, семантикалык жол менен да пайда болду. 2. Жаңы сөздөр сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу- морфологиялык жол менен да жаралды. 3. Тилде мурдатан өз алдынча ар башка маниге ээ болгон сөздөр, жаңы маанидеги татаал сөзгө айланып, синтакистик жол менен да жасалды. 4. Кыскартылган сөздөр да кыргыз тилиндеги неологизмдерди пайда кылды. 5. Орус тилиндеги сөздөрдү кыргыз тилиндеги мурдатан колдонулуп жүргөн сөздөр аркылуу которуу жолу менен жүргүзүлдү. 6. Жаңы сөздөр тилдин өзүнүн ички каражаттарынын эсебинен (сөз жасоонун ар түрдүү типтери аркылуу) да жаралды. 7. Сырткы булактын эсебинен, башка тилдерден даяр сөздөрдү кабыл алуу жолу менен пайда болду.

Жалпысынан кыргыз тилиндеги жаңы маанилер лексикалык неологизмдерден, семантикалык неологизмдерден жана автордук неологизмдердин эсебинен жаралды деген пикирлерге кошулабыз.

Адабияттар

1. Ахматов Т., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, лексика. Ф.:Мектеп, 1978. - 176 б.

2. Валгина Н.С., Розенталь Д.Э., Фомина М.И. Современный русский язык учебник для вузов. – Изд.6-е, перераб. И доп. – М.:Логос, 2003. –528с.
3. Кошуева М. Ж. «Касым Тыныстанов – Кыргыз тил илиминин негиз салуучусу» деген темада филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация кол жазмасы. Ил.жет. Б.Ө. Орузбаева.Б.2006
4. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили: Фонетика жана лексикология – Б: «ЖЭКА» Лтд., 1999
5. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. – Б.: «Кыргызстан – Сорос» фонду. 1997. – 328 б.

УДК: 41:943.41:82

А.М. Турдубаева, ЖаМУ

К. К. Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” жыйналган сөздөрдүн ичинен, адамдардын социалдык абалын, туугандык катышын билдирген сөздөрдүн архаизмдерге өтүп кеткендери

Бул макалада К .Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” активдүү сөздөрдүн катарында жыйналып, азыркы учурда колдонуу чөйрөдөн алыстап, эскирип бараткан сөздөрдүн ичинен адамдардын социалдык абалын, туугандык катышын билдирген архаизмдерди иргеп алып талдоого аракет кылдык.

В этой статье среди активных слов из словаря К. Юдахина среди устаревших слов мы проанализировали, архаизмы обозначающие социальные положение людей их родственные связи

In this article we triad to explain about the archaic words from the dictionary of K. Ydahins and the words which words out of use.

К.К. Юдахин бул сөздүктү түзгөндөн бери жарым кылымдын жүзү болду. Андан бери бир топ өзгөрүүлөр жүрүп, К.К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө активдүү колдонулган сөздөрдө лексика-семантикалык жылыштар болуп, коом өзгөргөн сайын, аны менен бирге жаңы сөздөр кошулса, бир чети коомдо ошол түшүнүк жашап, пайдаланылып, бирок атоосу гана башка сөзгө орун берип, бошотуп, эскирген сөздөргө-архаизмге айлангандары да жок эмес. Коомдук турмуштагы түрдүү өзгөрүүлөргө байланыштуу тилдин сөздүк составында жаңы сөздөр менен толукталып, ошону менен катар эле айрым бир сөздөр, анча өнүмдүү болбой, бара-бара лексикадан колдонуудан чыгып, унутулуп, башка атоого өтөт да, мурунку аталышы эскирип калат.

Э.Абдулдаев өзүнүн эмгегинде “Айрым эскирген сөздөрдүн бара-бара колдонуудан чыгып калышы, же тил практикасында сейрек колдонулуп, пассивге өтүп кетиши да тилдин лексикалык системасындагы өзгөрүүлөрдүн өзүнчө бир түрүнө жатат. Мындай эскирген сөздөрдүн жана жалпы элдик лексиканын карамагына толук өтүп кете элек жаңы сөздөрдүн тил практикасындагы колдонулуш мүмкүндүгү анчалык кеңири боло бербейт. Ошондуктан алар жалпысынан *пассивдүү сөздөрдүн тобуна* кире турган лексикалык каражаттардан болуп саналат”, – деген оюн айткан [1. 215-б.].

Окумуштуу архаизм сөздөр аркылуу туюндурулган нерселер, түшүнүктөр мурдагы турмушта жана кийинки турмушта да жок болуп кетпейт, жашай берет. Бирок алар жаңы сөздөр менен аталып, эски аттары архаизмдерге айланат. Тактап айтканда, ошол сөздөр менен аталып келген нерселер, түшүнүктөр эскирбестен, алардын мурдагы гана аталышы эскирип, колдонуудан чыгып калат же пассивдүү колодонула байштайт. Мындайынча айтканда, архаизм сөздөрдүн өзүнө маанилеш синонимдери болууга тийиш. Алар архаизмге караганда тил практикасында активдүү колдонулат деп жогорудагы оюн толуктап кеткен [1. 218-б.].

Ж. Мамытов да эски коомдук-саясий түзүлүшкө, жашоо тиричиликке байланыштуу болгон сөздөр коомдук формациялардын алмашышы менен өтө көп санда эскирүүгө дуушар болот. Октябрь революциясынан кийин кыргыз тилинде эң көп сөздөр эскирип, активдүү сөздүк курамдан чыгып калган. Ошондой эле, СССРдин кыйроосу менен Кыргыз Республикасынын көз-карандысыз эгемендүү мамлекет болуп, экономикалык структурасынын жаңыланышы да мурдагы коомдук-саясий түзүлүшкө байланыштуу көптөгөн сөздөрдүн акырындык менен пассивдешип, эскире башташын шарттады [6. 173-б.] деген көз караштарына толук кошулабыз. Ошондуктан биз бул макалада окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып, К.К. Юдахиндин “Кыргызча-орусча

сөздүгүндө” активдүү сөздөрдүн катарында жыйналып, азыркы учурда колдонуу чөйрөдөн алыстап, эскирип бараткан сөздөрдүн ичинен адамдардын социалдык абалын, туугандык катышын билдирген архаизмдерди иргеп алып талдоого аракет кылдык.

Кыргыз эли октябрь революциясына чейин бай, кедей болуп жиктелген. Кыргызда “баатыр алтоо, бай төртөө, кедей сегиз, бий жалгыз, кул тогуз” деген эски макал бар. Баатырлар алтыга бөлүнгөн: адамдын шери, көкжал, илекор баатыр (кирген жеринен олжо алган), жеке баатыр, ээрчиме баатыр, алтынчысы мен да кем калбайын деп, анык баатырларды туурап, жоону качырып, дайым жоого түшөт, “айласыз баатыр чочкого чабат деген макал ушундан калган. Бай төртөө: чоң бай (март), сараң бай, сасык бай, жеке мерез бай. Кедей сегиз: 1. эч нерсеси жок томаяк, орочу 2. кедей же кара кашка кедей 3. малай, жалчы, 4. Жылкычы, булардын даражасы башка кедейлерден бийик болгон 5. Коңшу-колоңчу 6. Жакыр кедей 7. Аштыкчы 8. Койчу [5.596-599-б.]. Жогоруда көрүнүп тургандай, алардын социалдык абалына, турмуш-тиричилигине, колунда бар, жогуна карата катмарларга бөлүнгөн. Сөздүктө ушул сыяктуу социалдык абалын, туугандык катышын билдирген активдүү сөздөрдүн катарында берилген сөздөрдүн архаизмге айлангандарын карап көрөбүз.

Апа: **чоң апа-** атасынын улуу аялына балдары **чоң апа** деп кайрылат; **кичи апа-** атасынын кичүү аялына (токол) балдары **кичи апа** деп кайрылат [7. 60-б] деген түшүндүрмө берилген. Мурда эки же андан көп аял алуу кадыресе көрүнүш болгон. Ошол заманга карата бул сөздөр (**чоң апа, кичи апа**) колдонулган. Азыр андай көрүнүш жок, ошондуктан ошол маанилердеги **чоң апа, кичи апа** деген сөздөр, башкача айтканда, ошол маанилер унутулуп эскирип кетип, архаизмге өтүп кеткен. Бирок, атасы менен бир тууган агаларынын аялына **чоң апа** деп кайрылганын Өзгөн, Алай, Каракулжа райондорунда жолкутуруп жүрөбүз. Ал эми, апасынын бир тууган эжелерине жана атасынын эжелерин **чоң апа** деп атаганын Ала-Бука районунан кездештирүүгө болот, ал эми **кичи апа** деген сөз азыр дээрлик колдонулбайт.

Бакыр бедняк, бедный *(о неимущем человеке)* [7. 101-б.]. Сөздүктө түшүндүрмөсү *кедей, жакыр* деп берилип, **бакыр** болуп калыптыр (*он беднял)* деген мисал келтирилген. Х. Карасаев “**Бакыр** – арабдын “**факыр**” деген сөзүнөн, кедей колунда жок деген мааниде. Маана – фарсынын “**пенаах**” деген сөзүнөн *калка, көлөкө* деген мааниде. Бул сөз кыргыз тилинде: *баана, маанек, паана* түрүндө колдонулууда. Кедей да фарсынын “**гедай**” деген сөзүнөн. Кыргыздын төл сөзү - **томаяк** деп түшүндүрмө берип, кеңири түшүнүк берип кеткен [3. 168-б.]. Мисалы, “*Ошон үчүн да, анын үстүнө жыты тууган болгону үчүн да ал Жанжигиттин золобосун карапайым* ***бакырлардын*** *алдында көтөрүп койгонду наркты баалаган сакалдуулук жолум деп эсептейт*” [М. Абакиров,61].

Илгери заманда, алсыз адамдар, алдуу, малдуу, бийликтүү адамдын кол алдында багынып, ошол адамдардын көзүн карап оокат кыла турган. Кээде андай адамдардын карамагындагы эси жок кедей да элөөрүп, өзүнө окшогон кедейлерге корсулдап калчу. Андай адамдарга карата эл – “байы чоңдун – кулу да чоң” деп макал да чыгарган. Бирөөнүн калкасында жан бакпаган шордуулар кор да болгон. Аны адамдар теңине да алган эмес. Ошон үчүн өзүнө паана боло турган адамды издеген, ошонун карамагында жан баккан [2. 44-б.]. Кыргыз тилинин сөздүгүндө да бул сөздүн маанисин *материалдык, же руханий жардамга муктаж адам. (Кедей, жарды)* [4. 165-б.] деп берилген. Жогоруда айтылган ойлордон активдүү сөздөрдүн арасында катталган “**бакыр**” деген түрү анча өнүмдүү болбой, унутулуп баратат десек жаңылышпайбыз. Азыркы учурда макал-лакаптардын гана тутумунда гана сакталып калган. Мисалы, *“Түн-* ***бакырдыкы****”, “Эки* ***бакыр****- бир тукур”.* **Олок** женск. слепой на один глаз[7. 566-б.]. Кыргыз тилинин сөздүгүндө бул сөздүн мааниси *Сокур, олойгон* [4. 981-б.] деп берилген. **Олок** деп айтылган маанисин азыркы лексикадан учурата албадык, демек, унутулуп калган сөз болуш керек. **Өксүз редко** сирота [7. 589-б.]. Азыркы учурда **өксүз** деген варианты колдонулбай, мааниси түшүнүксүз болуп, азыркы кыргыз тилинде **жетим, тоголок жетим** деген варианты гана айтылып жүрөт. Кээ бир учурларда орус тилинен калькалоо жолу менен которулуп, башкача айтканда сөзмө-сөз которуп **жарым жетим, (полсирота)** деп да айтылып жүрөт. Мисалы, “*11-12 жашар кийиминде тамтыгы жок бүжүрөгөн* ***жетим*** *бала вагондун эшигинде отуруп алып (тышка чыга бериш жерде) бирдемелерди жерге жайып коюп бурдугуп, кызганып жеп жатат”* [М. Элебаев,96]. *Ар кандай себеп менен мектеп-интернаттарында тарбияланган* ***жетим, жарым жетим*** *балдар да бар* [“Ош жаңырыгы”, 01.12.06]. *Таанышып кой. Аты жөнү - Алыкул Осмонов. Бу да сендей* ***жетим*** *өсүптүр* [К. Сактанов,63]. *Анан Чүкөдөй апаң экөөбүз кызылдай он бир* ***жетимди*** *бала кылып*

алдык!... [Т. Абдымомунов, 60]. *Эми мындан ары элибиздин арасында кары картаң,* ***тоголок жетим, жарым жетим****, жалгыз бой энелерге, өнөкөт ооруларына чалдыккандарга материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүүдө ыктыярдуу салым кошуучуларды биздин коом такай күтөт* [“Мезгил үнү”,11.09.06].

Туу бийне или [**туубийне**] девица, родившая до замужества [7. 772-б.]. Кыргыз тилинин сөздүгүндө **Туу бийке** деп катталып, мааниси *күйөөгө тийгенге чейин эле төрөп койгон кыз, бийкеч* [41. 224-б.] болуп берилген.

Азыркы учурда күйөөгө тийбей туруп, төрөп койгон кыз **туубийне** деп айтылбайт. Бул варианты эскирип, унутулуп калган десек жаңылыштык болбос. Ощондой эле, **пиянкеч, олоң(көп) журт, сал (жаш жигит)** ж.б. сөздөр архаизмге айланып баратат.

Ошентип, өз оордун жаңы сөздөргө бошотуп берген тилдин сөздүк составынан бир отоло чыккан сөздөр жана сөз айкаштары, элдин өткөндөгү жашоо турмушунун ар түрдүү доорлорун, ар бир басып өткөн коомдук түзүлүшүнө мүнөздүү эскирген сөздөр, сүрөттөлүп жаткан учурдун тарыхый калоритин берүүнүн, ошол доорду чагылдыруунун баалуу каражаты болуп, тарыхый чыгармаларда, эпостордо стилдик максатта, чыгарманын көркөмдүк сапатын артыруу үчүн колдонула берет.

Адабияттар

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили: Фонетика. Орфоэпия. Графика жана орфография. Лексикология жана фразеология. –Б.: «Кыргызстан»,1998. -256 б.
2. Карасаев Х. Накыл сөздөр: Тил казынасынан баян – Ф.: Кыргызстан, 2-китеп .-1987. -344 б.
3. Карасаев Х. Камус наама (Карасай сөздүк). – Б.:Шам, 1996. – 856 б.
4. Кыргыз тилинин сөздүгү /ред. А.Акматалиев, Ж.Мамытов, С. Мусаев ж.б. –Б.: «Avrasya Jayincilik», 2010. – 1460 б.
5. Кыргыздар. /түз. К.Жусупов. – Б.:Кыргызстан, 1991. – 576б.2-китеп
6. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили: Фонетика жана лексикология – Б: «ЖЭКА» Лтд., 1999 – 256 б.
7. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. –Б.: Шам, 1999. -976 б.

УДК: 497/498

Ыбрайымова Э.Н., ОшТУ

Лингвопоэтический анализ произведения Джека Лондона «Белый Клык»

Джек Лондондун бул чыгармасындагы тил анализи -жазуучунун өзгөчөлүгү 3 жактан: тилдик (салыштырма), когнитивдүү (интеллектуалдык күчтөр), прагматикалык (таасир) аркылуу аныкталгандыгын көрсөттү.

Лингвопоэтикалык анализ, жекелештирүү, салыштырма, патетика.

Анализ языка указанных произведений Джека Лондона показал, что языковая личность писателя репрезентируется посредством трех составляющих: языковой (сравнения), когнитивной (интеллектуальные усилия), прагматической (воздействие).

Лингвопоэтический анализ, персонифицирование, сравнение, патетика.

Analysis of the language of the work of Jack London showed that the linguistic identity of the writer represented through 3 components: linguistic (comparisons), cognitive (intellectual forces), and pragmatic (influence).

Linguistic-poetric analys, personify, comparison, pathetic element.

Художественные особенности

В качестве материального окружения героев книги выступают природные пейзажи и просторы северных земель, бесконечные дороги, волчьи стаи, прибрежные посёлки и т. д. При этом законы природы у автора суровы, но справедливы и беда приходит именно тогда, когда человек отступает от этих законов. Джек Лондон подробно описывает психологию, мотивы поведения и поступки Белого Клыка. Писатель показывает, как доброе отношение и ласка по

отношению к живому существу учит его платить за любовь любовью, а когда потребуется, даже жизнью. Для Белого Клыка любовь была дороже жизни.

Одна из отличительных черт прозы Дж. Лондона, посвященной природе, – персонифицирование живой (чаще) и неживой природы. Нередко именно животные становятся главными героями его пронзительных по эмоциональному накалу произведений. Разумеется, направленность таких книг – человеческая; посредством создания «очеловеченных» образов животных писатель стремится гармонизировать, одухотворить мир людей, сделать его более добрым, в полной мере «человечным». «Образ каждого персонажа – это своеобразная концептуальная модель личности, которую хочет преподнести автор своему читателю». В произведениях Дж. Лондона при описании живой и неживой природы особую эстетическую нагрузку несут сравнения. В этом аспекте можно выделить следующие четыре группы: а) сравнение животных с человеком; б) сравнение животных с неживой природой; в) сравнение человека с неживой природой; г) сравнение человека с живой природой; д) сравнение живой и неживой природы с предметами. Чаще всего в произведениях Дж. Лондона о животных встречается сравнение с молнией. Например, волк Белый Клык *"would he flashed from his hiding-place" – «с молниеносной быстротой выскакивал из своей засады»*; *"a lightning-flash of slaughter" – «убивающий, как молния, с одного удара»*, *"lightning quickness"* – ему помогала его *«молниеносная быстрота»*, *"lightning snaps" – «молниеносные укусы»*.

Если Дж. Лондон приписывает животным черты человека, то делается это для того, чтобы максимально «одухотворить», придать хорошие качества зверю. А если человек сравнивается с животным, то это, как правило, говорит о его плохих сторонах, отрицательных чертах характера, внешности, поведения. Для подчеркивания отрицательных черт в животном обычно используются сравнения с тёмными силами.

При описании живой и неживой природы автор художественного произведения преследует, помимо передачи фактуальной информации, также и этические цели: опосредованно выразить свое отношение к природе; вызвать у читателя определенные чувства и эмоции, направленные, как правило, на пробуждение сочувствия к животным и, как результат, более бережного к ним отношения; посредством описания тягот и страданий, которые приходится переживать животным, вызвать у читателя своего рода катарсис с целью нравственного очищения, духовно-нравственного прозрения, появления или усиления доброты по отношению к окружающему миру. Чем более сильные интеллектуальные усилия предпринимает при этом автор, тем более сильным оказывается этическое и эстетическое воздействие, воспитывающее влияние на читателя. В итоге можно сказать, что чем больше человек понимает и жалеет животных, тем больше он становится Человеком. Именно такое взаимодействие всего живого нередко придает силы, возможность и желание жить. Нередко, однако, взаимосвязь живой и неживой природы становится злой, пугающей силой.

Иногда автор прибегает к приему отстраненности, показывает взгляд на живое существо со стороны – то, как оно воспринимается сторонним наблюдателем. Но и в этом случае присутствует эстетическое событие и этический поступок автора, что заключается в тонком чувствовании, умении выявить множество оттенков, нюансов поведения и эмоций животного для эмоциональной вовлеченности читателя, создания эффекта сопричастности и сопереживания. Наибольшей силы эстетические поступки автора достигают тогда, когда он ведет повествование не только от имени животного, но и как бы изнутри самого его существа – описывая переживания, специфику мировидения, представления, сомнения, то есть то, что может чувствовать только само живое существо и никто вместо него:

"The wall, inside which he had thought himself, as suddenly leaped back before him to an immeasurable distance. The light had become painfully bright. He was dazzled by it. Likewise he was made dizzy by this abrupt and tremendous extension of space… A great fear came upon him. This was more of the terrible unknown… He was very much afraid. Because it was unknown, it was hostile to him [White Fang, p. 73]. – «Стена, внутри которой, как ему мнилось, он находился, неожиданно отошла неизмеримо далеко. От яркого света стало больно глазам, он ослеплял волчонка; внезапно раздвинувшееся пространство кружило ему голову... На волчонка напал ужас. Неизвестных и грозных вещей стало еще больше… Как страшно! Всё неизвестное казалось ему враждебным» [Белый Клык, с. 418].

Джек Лондон наделяет животных следующими свойствами и чертами человека: наличие души; зависимость от настроения; способность предчувствовать; ощущение внутренней связи с предками, связи времен; мистика, суеверие, способность к обожествлению; некоторые черты расизма, присущие во времена Дж. Лондона американцам; дружба; лидерство, способность управлять, навязывать законы; предвзятость, разнообразнейшие чувства. Это чрезвычайно обширная группа с удивительно широкой палитрой оттенков, тонов и полутонов.

Поскольку диким (да и домашним) животным свойственна злоба – кровожадная, яростная, свирепая, постольку трудно чётко и однозначно определить – «животное» это чувство или же человеческое: видимо, оно присуще всем живым существам, равно как и чувство инстинктивной жажды жизни. А следующий перечень ясно свидетельствует о стремлении Дж. Лондона поведать о близости, похожести чувств, которые способны испытывать как люди, так и животные. По Дж. Лондону, для животных характерны следующие чувства: блаженство, удовольствие; вожделение; любовь, преданность, радость; нежность; уважение; ревность; смущение, застенчивость; надежда; обида, ненависть, желание отомстить обидчику; унижение; гордость, достоинство; чувство долга; горе, отчаяние, тоска; любопытство, удивление, растерянность; одиночество; презрение; подозрительность; доверие и недоверие; наглость; подлость.

Следующий контекст содержит в себе динамическое описание того кардинального изменения, которое привело к смягчению характера ранее угрюмого, сдержанного а иногда и чрезвычайно злобного животного:

"Laughter had affected him with madness, made him frantic with rage. But he did not have it in him to be angry with the love-master, and when that god elected to laugh at him in a good-natured, bantering way, he was nonplussed. He could feel the pricking and stinging of the old anger as it strove to rise up in him, but it strove against love. He could not be angry; yet he had to do something. At first he was dignified, and the master laughed the harder. Then he tried to be more dignified, and the master laughed harder than before. In the end, the master laughed him out of his dignity. His jaws slightly parted, his lips lifted a little, a quizzical expression that was more love than humor came into his eyes. He had learned to laugh" [White Fang, p. 248]. – «Смех приводил его в бешенство, заставляя терять рассудок от ярости. Но на хозяина Белый Клык не мог сердиться, и, когда тот начал однажды добродушно подшучивать и смеяться над ним, он растерялся. Прежняя злоба поднималась в нем, но на этот раз ей приходилось бороться с любовью. Сердиться он не мог, – что же было ему делать? Он старался сохранить величественный вид, но хозяин захохотал еще громче. Он набрался еще больше величия, а хозяин всё хохотал и хохотал. В конце концов Белый Клык сдался. Верхняя губа у него дрогнула, обнажив зубы, а глаза загорелись не то лукавым, не то любовным огоньком. Он научился смеяться» [Белый Клык, с. 540].

Здесь чувства животного проходят практически всю гамму – от резко отрицательных (*ярость, бешенство, потеря рассудка*), через «состояние нуля», нейтральности (*растерялся, сдался*), до полного приятия положительных чувств (*мягкость, любовь, смех*).

Очень пронзительно описывается чувство любви у животных: оно в произведениях Дж. Лондона не столько плотское, агрессивно-чувственное, как это можно было ожидать, сколько большей частью возвышенное, самоотверженное, близкое к божественному – это и преданность, и нежность, мягкость, и забота, стремление оберегать, всеобъемлемость чувства:

"As the days went by, the evolution of like into love was accelerated. White Fang himself began to grow aware of it, though in his consciousness he knew not what love was… At such times love was a joy to him, a wild, keen-thrilling satisfaction" [White Fang, p. 209]. – «Время шло, и любовь, возникшая из склонности, все крепла и крепла. Белый Клык сам начал чувствовать это, хотя и бессознательно… В эти минуты любовь становилась радостью – необузданной радостью, пронизывающей все существо Белого Клыка» [Белый Клык, с. 513].

"That he allowed the master these liberties was no reason that he should be a common dog, loving here and loving there, everybody's property for a romp and good time. He loved with single heart and refused to cheapen himself or his love" [White Fang, p. 249]. – «Если Белый Клык разрешал хозяину такие вольности, это вовсе не значило, что он расточает свою любовь направо и налево, как обыкновенная собака, готовая возиться и играть с кем угодно. Он любил только одного человека и отказывался разменивать свою любовь» [Белый Клык, с. 541].

В произведениях Дж. Лондона очень ярко представлены щемящие описания чувства гордости, собственного достоинства у животных. Примеры:

"They had hurt only the flesh of him; beneath the flesh the spirit had still raged, splendid and invincible. But with the master the cuff was always too light to hurt the flesh. Yet it went deeper. It was an expression of the master's disapproval, and White Fang's spirit wilted under it" (White Fang, p. 238). – «Их побои были ощутимы только для тела, а дух, гордый, неукротимый дух Белого Клыка продолжал бушевать. Удары нового хозяина были чересчур слабы, чтобы причинить боль, и все-таки они проникали глубже. Хозяин выражал свое неодобрение Белому Клыку и этим уязвлял его в самое сердце» [Белый Клык, с. 533].

"And again he knew, and more bitterly, the enfeeblement of oncoming age. His attempt to maintain his dignity was heroic. Calmly turning his back upon young dog and shin-bone, as though both were beneath his notice and unworthy of consideration, he stalked grandly away" [White Fang, p. 142]. – «И снова, с еще большей горечью Бэсик почувствовал приближающуюся старость. Его попытка сохранить достоинство была поистине героической. Спокойно повернувшись спиной к молодой собаке и лежавшей на земле кости, как будто и то и другое совершенно не заслуживало внимания, он величественно удалился» [Белый Клык, с. 465].

Столь широкая, богатая палитра эмоций и чувств и их разнообразных оттенков, обнаруживаемая у героев Джека Лондона, завораживает и притягивает читателей всех времен и народов. Труд распредмечивающего понимания читателя вынуждает лучше понимать мир природы, сопереживать жизненным перипетиям животных, воспитывает и собственные чувства читателя, позволяет лучше разобраться в его эмоциях. Еще одна особенность в том, что природа, по Лондону, не просто испытывает какие-то чувства, но еще и предпринимает определенные действия, свойственные человеку, которые эти чувства вызывают. Ментальные процессы и их следствия также являют собой обширный перечень, хотя и несколько меньший, чем чувства. Они тесным образом взаимосвязаны: многие чувства, особенно высшие – интеллектуальные, моральные, эстетические – не существуют без интеллектуальной деятельности. Животным в произведениях Джека Лондона присущи такие особенности мыслительной деятельности: память, воспоминания; понимание; способность к умственному развитию; умение продумывать свои действия, поступки; умение проводить умозаключения, делать выводы; умение пользоваться плодами своих умозаключений; умение мысленно отделять внешнее от внутреннего, кажущееся от истинного; умение подстраиваться под обстоятельства и под других существ; умение обманывать. Примеры:

"Denied the outlet, through play, of his energies, he recoiled upon himself and developed his mental processes" [White Fang, p. 108]. – «Лишенный возможности давать выход своей энергии в игре, он (волк) ушел в себя и стал развиваться умственно»[Белый Клык, с. 443].

"His conclusion was that things were not always what they appeared to be" [White Fang, p. 82]. – «И волчонок пришел к выводу, что вещи не всегда таковы, какими кажутся» [Белый Клык, с.424].

Сильнее всего этический поступок автора проявляется в тех случаях, когда он говорит о желаниях и намерениях, испытываемых животными – он как бы предугадывает их настрой, вскрывает причину их поступков:

"Weedon Scott was in truth this thumb. He had gone to the roots of White Fang's nature, and with kindness touched to life potencies that had languished and well-nigh perished. One such potency was love" [White Fang, p. 207]. – «В сущности говоря, все зависело от Уидона Скотта. Он добрался до самых глубин натуры Белого Клыка и лаской вызвал к жизни все те чувства, которые дремали и уже наполовину заглохли в нем. Так Белый Клык узнал, что такое любовь» [Белый Клык, с. 512].

При описании *законов природы* Дж. Лондон преследует ряд стратегий: внешне, на поверхностном уровне – стратегия объясняющая. Но, поскольку подробные и яркие описания законов природы он адресует людям, то более важным является то, что лежит на глубинном уровне, а именно – стратегия воспитательная.

Джек Лондон, не навязывая читателю ничего, намеренно пользуясь приемом контраста, все же подводит его к необходимости выбора, и выбор этот носит глубоко нравственный характер: либо человек выбирает для себя, своего существования «законы джунглей», законы безжалостной природы, либо, осознавая их жестокость, стремится к «очеловечиванию» самого себя, то есть к иным, нравственным принципам жизни и взаимодействия с окружающими.

Патетика Дж. Лондона также преследует нравственные цели: показать величие природы, ее сильное и непреложное влияние с тем, чтобы вынудить людей подчиняться ее тысячелетним

законам, принимать их как неизбежность, относиться к ним с уважением и терпением. Поэтому писатель не просто даёт описания природы, но и свидетельствует о том влиянии, которое испытывают на себе люди и животные со стороны друг друга, неживой природы, жизненных обстоятельств. В этом плане мы выделили три группы: а) влияние неживой природы на все в ней существующее; б) влияние условий и обстоятельств жизни на животных; в) влияние человека на животных, например:

"Laughter had affected him with madness, made him frantic with rage. But he did not have it in him to be angry with the love-master, and when that god elected to laugh at him in a good-natured, bantering way, he was nonplussed. He could feel the pricking and stinging of the old anger as it strove to rise up in him, but it strove against love. He could not be angry; yet he had to do something. At first he was dignified, and the master laughed the harder. Then he tried to be more dignified, and the master laughed harder than before. In the end, the master laughed him out of his dignity. His jaws slightly parted, his lips lifted a little, a quizzical expression that was more love than humor came into his eyes. He had learned to laugh" [White Fang, p. 248]. – «Смех приводил его в бешенство, заставляя терять рассудок от ярости. Но на хозяина Белый Клык не мог сердиться, и, когда тот начал однажды добродушно подшучивать и смеяться над ним, он растерялся. Прежняя злоба поднималась в нем, но на этот раз ей приходилось бороться с любовью. Сердиться он не мог, – что же было ему делать? Он старался сохранить величественный вид, но хозяин захохотал еще громче. Он набрался еще больше величия, а хозяин всё хохотал и хохотал. В конце концов Белый Клык сдался. Верхняя губа у него дрогнула, обнажив зубы, а глаза загорелись не то лукавым, не то любовным огоньком. Он научился смеяться» [Белый Клык, с. 540].

Сабактын 3-бөлүгү ой жүгүртүү. Студенттер дептерлерине өз алдынча Венндин диаграммасын түзүшөт. Дагы бир сынчыл ойломду өстүрүү стратегиясынын бири-Венндин диаграммасы. Ал түрдүү факторлорду, көрүнүштөрдү, идеяларды салыштыруу үчүн колдонулуучу эки кесилишкен айланадан турган схема. Айланалардын кесилишкенге чейинки эки бош жайларына салыштырылып жаткан эки предметтин жалпы белгилери, ал эми кесилишкенден пайда болгон айланага экөөнүн жалпылыктары жазылып салыштырылат. Диаграмма англиялык ойчул Джон Венндин атын алып калган. Муну жеке да топтук да иштерде пайдаланса болот. Мугалим теманы түшүндүрүп бүткөндөн кийин, сабактын ой жүгүртүү бөлүгүндө колдонсо болот.

1-сүрөт. ***Клизмага жасалган кластер***



2-сүрөт. ***Веннди диаграммасы***



Студенттер жыйынтыгында төмөнкүдөй Венндин диаграммасын жазып чыгышат жана аны талкулап сабакты жыйынтыкташат [2] (2-сүрөт).

Аталган стратегияларды колдонуунун натыйжалуулугу: ар бир студенттин кабыл алуу жөндөмдүүлүгү калыптанат, ой жүгүртүүлөрү өсөт, активдүүлүгү артат, пасивдүү угуучудан активдүү жаратуучуга айлана баштайт, тапшырмадагы башкы идеяны салыштуруу жана аларды топтоштуруу көндүмдөргө ээ болот, алар өз алдынча иштегенди үйрөнө алат. Алардын сабакты талкулоо менен бири-бирин сыйлоо, урматтоо сезими пайда болот, жакындан биргелешип сабак окууга шарт түзүлөт, теориядан алган билимдерин кайра тажрыйбада колдоно алганды үйрөнөт, «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» технологиясын медицина багытындагы сабактарда колдонуу мугалимдер үчүн ыңгайлуу жана жакшы натыйжа берет.

Адабияттар

1. В.Р. Вебер, Г.И. Чуваков, В.А. Лапотников. Основы сестринского дела. Москва, 2000-ж, 221-228-б.
2. Т.П. Обуховец, Т.А. Склярова, О.В. Чернова. Основы сестринского дела. Ростов на-Дону, 2001- ж,388-б.
3. Ниязовская И.А «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын сөздүгү: Окуу-методикалык китеби Бишкек 2003ж, 96 –б.
4. М.М. Эсенгулова, Ж.Д. Асекова. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын хрестоматиясы. Бишкек 2004-ж 89-94-б.

УДК: 371.3

Т.Ш. Ысаков, ОГПИ, Шарип кызы А, М. Ысакова, ОшМУ

Мектеп окуучуларына педагогикалык инновациялык усулдарды колдонуу менен сабактарды уюштуруунун эфективдүүлүгүн жогорулатуу

В этой статье рассмотрены проблемы использования инновационной технологии в школе.

This article discusses the problems of using innovative technology in the school.

Интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен сабак өтүүдө пландаштыруу негизги орунду ээлейт. Сабактын планын жазуу үчүн бир теманы алып, ар бир суроого жооп жазуу менен сабаккка чейинки даярдыктар бекемделет.

Эгерде окуучуга сабак жакпаса, берилген маалыматты өздөштүрө албайт. Ушуга байланыштуу окуучулардын сабакты өздөштүрүү процессинде сабактын мотивациясынын ролу чоң.

Сабактын мотивациясы өтүлүүчү темага байланыштуу болот. Планда берилген материалдар боюнча сабактын мотивациясын мугалим өзү жазат.

Сабактын мотивациясы – өтүлгөн тема окуучу үчүн эмнени берет? Бул сабактын маңызы эмнеде? Берилген материалдардын ичинен окуучуну эмнелер көбүрөөк кызыктырат? Окуган жана окуй турган материалдар менен турмуштук мисалдардын ортосундагы байланыштарды ачып көрсөтүү.

Сабактын ийгиликтүү натыйжасы – бул окуучунун кызыгуусун арттыруу. Кызыгуу-бул мотивация. Мотивация окуучунун каалоосу, сабакты чыгармачылык менен өтүү үчүн окула турган жана окуган материалдардын байланышы [4].

Мисалы: Көп орундуу сандарды өтүүдө «Цифралардын катар келиши же туш келди колдонулушу санды пайда кылабы?» деген суроону коеобуз. Албетте, цифралардын удаалаштыга белгилүү мааниге ээ болуусу үчүн негизги ролду ойной тургандыгын, көп орундуу сандар цифралардын удаалаштыгынан жасаларын айтуу менен темага жакындоо.

Окуучулардын таяныч билими. Сабак окуучуларга пайдалуу болушу үчүн окуучу эмнени билиш керек жана эмнени жасай алышы зарыл? Сабакты пландаштырганда мугалимдер жаңы түшүнүктү пайда кылуучу өбөлгөлөр жөнүндө ойлонуп, сабактын структурасын жана мазмунун түзүүсү маанилүү. Сөзсүз кандайдыр бир тема боюнча окуучуда жок дегенде бир идея же

божомол, ассоциация, же сезимдер пайда болушу мүмкүн. Кийинки сабакка мурунку сабак өбөлгө түзөт [1].

Көбүнчө, мугалимдер сабактарында окуучуларга белгилүү маалыматты айтып ашыкча убакыт кетиришет. Мунун баары мугалимдин өбөлгөнү (таянычты) эске албагандыгы болуп саналат. Мугалим сабактын өбөлгөсүн көмүскөдө калтырбашы керек. Мында окуучулар билгендерин айтышып, мугалим менен баарлашат. Сынчыл ойлом программаларында сабактын эки максаты белгиленет.

1. Сабактын конкреттүү максаты.
2. Сабактын конструктивдүү максаты.

Сабактын конкретүү максаты – окуучулар бул сабакта кандай билимге, билгичтиктерге жана көндүмгө жетишет. Окуучулар ошол алган билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн кантип колдоно алышат. Мындан мурдагы этапта алынган түшүнүктөр теориялык деңгээлде конкреттештирилет. Конкреттешүүнүн ыкмасы – белгилүү бир натыйжага алып келген аракетти көрсөтүү.

Сабактын конструктивдүү максаты – бул изилдөө, маанисин чечмелөө, аргументтештирүү боюнча жеке ишмердүүлүктөн баштап өз билимин бышыктоо процессиндеги окуучулардын активдүү ролуна басым жасоо. Конструктивдүү таанып билүүнүн теориясы – окуучулардын жаңы алган билимдеринин негизи болуп калган схемалар, структуралар, моделдер [2].

Сабактын жүрүшү үч баскыч менен башталат.

Бул **чакыруу баскычы, түшүнүү баскычы** жана **ойлонуу баскычы.**

Чакыруу баскычында мугалим азыраак сүйлөп, окуучуларга сүйлөөгө көбүрөөк мүмкүнчүлүк берилет. Мугалим тарабынан суроо берилип, суроого жооп алынат. Мээ чабуулу аркылуу окуучулардын билген нерселери же билем деп эсептеген билимдери тизмеленип жазылат. Убакытты мугалим темага жараша өзү белгилейт.

Түшүнүү баскычы – маалымат берүү менен чектелет. Маалыматты мугалим гана бериши керек деген түшүнүктөн алыс болуу керек. Азыркы мезгилде маалымат алуунун жолдору көп. Алар: газета-журналдар, радио-телевидениелер, интернет ж.б. аркылуу ар бир окуучу үйүндө отуруп эле дүйнөлүк адабияттар ж.б. түрдүү маалыматтар менен тааныша алат. Интерактивдүү усулдар менен сабак өтүүдө берилген материалды түшүнүү негизги орунду ээлейт. Түшүнүү процесси татаал жана көп жактуу.

Түшүнүүнүн да түрлөрү болот. М: Илимий текст менен көркөм текстти түшүнүү. Илимий текстер фактылар менен берилет. Көркөм текстти түшүнүү окуяны чагылдырат, ал эми анализ түшүнүктү тереңдетет. Текстерди түшүнүү – ошол эле мезгилде өзүнүн ички дүйнөсүнө кайрылууну мүнөздөйт.

Түшүнүү инсандык өзгөчөлүктөргө байланыштуу болот. Түшүнүү баскычында мугалим текст, видеофильм, компьютер, китеп ж.б. материалдарды пайдаланат. Ошол даярдалган материалга карата убакыт бөлүнөт.

Ойлонуу баскычында – окуучу өз оюн эссе, концептуалдык карта, схемалар менен жыйынтыктаса болот. Салттуу усулдарда мугалим суроо берип, жообун заматта айта албаган окуучуну “начар окуучу” деп четке кагышы биздеги окуу системасында белгилүү көрүнүш. Суроого жооп берүү үчүн ойлорду топтоо, жообун формилировкалоо кадамдарын иштөө керек [3].

Бул процесс убакытты талап кылат. Мугалимдер окуучуларга демилге берип, ар бир ойдун “туура” же “туура эмес” деген гана чечими бар проблемалуу суроолордун үстүндө биргеликте иштешкенде гана сабак бүтүн жемиштүү процесске айланат. Мугалимге ар бир сабак өз учурунда жыйынтыкталып бүтүшү керек деген ой тоскоол болот. Ошондуктан улам балдарга ойлонууга эч кадай убакыт берилбейт жана шарт түзүлбөйт. Мугалим кандайдыр бир темага байланыштуу ойлонуу процессин сабактан кийин да улантса, бул сабактын ийгилигин шарттайт. Ошондуктан сабакка бөлүнгөн убакытта сабактын максатына жетүү окуучунун табиятына карама – каршы келген процесс. Окуучулар сабакты ошол убакыттын ичинде эмес, андан бир канча убакыт өткөндөн кийин түшүнүшү мүмкүн. Окуучулар ойлонуу баскычында билимдерди бекемдеп, жаңы түшүнүктөрдү калыптандырат.

Баалоо билим берүү процессиндеги бир жактуу чечилбеген проблемалардын бири. Бааны кантип койсо болот? Ар түрдүү предметтер үчүн текшерүүнүн атайын усулдары барбы?

Интерактивдүү усулдардын баалоо үчүн колдонуучу бирдиктүү критерийлери жок деп айтууга болот. Анткени окуучунун билимин сан жагынан баалого аракет кылуу – бул карым-катнаш маданиятына, же болбосо инсандын калыптанышына баа берүүгө аракеттенүү сыяктуу эле болуп калат.

Биринчиден, суроонун туура жообу болбогон жана болушу да мүмкүн эмес болгон маселелер тууралуу кеп болгондо, окуучулардын билимин баалоо абдан кыйынчылыктарды туудурат.

Экинчиден, мугалим окуучунун жообунун тууралыгын эмес, анын жообунун логикалык маанисин башкы орунга койгондо, окуучунун иш-аракетинин натыйжасы гана эмес, анын иш-аракет процесси да негизги мааниге ээ болот. Демек, мында окуучу жетишкен натыйжа эмес анын кандайча ой жүгүрткөнү да бааланат. Мисалы, азыркы мезгилде Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайларына тапшырууда колдонулуп келе жаткан жалпы республикалык тестирлөөдө баалоонун ушул системасы колдонулат. Мында окуучунун конкреттүү жообуна эмес, анын логикалык ой жүгүртүүсүнө маани берилет.

Үчүнчүдөн, мугалимдер эгерде окуучулар окууга жоопкерчилик менен мамиле жасап, предметти мыкты өздөштүрүшсө, анда алар баа коюу мугалимдерден гана көз каранды эместигин жакшы түшүнүшөт. Анткени, мында окуучулар өзүлөрү эмнени билүүгө тийиш экендигин жана эмнени жасай аларын сезишет, өздөрүнүн жетишкендиктерин баалашып, аны менен чектелип калбастан, андан ары да өсүп-өнүгүүнүн зарылдыгын түшүнүшөт.

Демек, сабакта инновациялык усулдарды өз орду менен пайдалануу окуучулардын терең билим алуусуна, сабака кызыгуусуна жакшы шарттарды жаратат.

Адабияттар

1. Муратов А. Окутуунун технологиялары деген эмне? Кутбилим.- 2005.- 4-март.- 3 -б.
2. Педагогикалык изденүү (Ш.А. Амонашвили, С.Н. Лысенкова, И.П. Волков ж.б.: ред. И.Н. Баженова).- Ф.: Мектеп, 1989.- 605 б.
3. Орто мектептердин башталгыч класстарынын окуу пландары. Кутбилим.-2007.-май. - 4 -б.
4. Райымбекова М. Башталгыч класстарда синтаксистик материалдарды окутуунун методикасы. (Канд.дисс.автореф.).- Бишкек, 2006.
5. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А., Курбанова Н.У. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы.- Бишкек: ЖЧК Атлантикс, 2005.- 212 б.

УДК: 958:300

А.Т. Бердиев., БатМУ

А. Масалиевдин башкаруу мезгилиндеги тил маселесинин актуалдуулугунун жогорулашы

Макалада А. Масалиевдин башкаруу мезгилиндеги тил, мамлекеттик тил маселелери жана мектептердеги окутуунун тили, кош тилдүүлүк маселелери каралган.

В статье рассматриваются проблемы языка, государственного языка, двуязычия, языка обучения в школах во время руководства первого секретаря ЦК КП Киргизии А. Масалиева.

This article deals with A. Masaliev`s high quality at the head of the government as the model for current leaders of the country: as being accurate adequate, simple, modest, honest.

А. Масалиев 1985-1990-жылдары Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы катары иштеп турган мезгилде, өлкөдө кайра куруу жана тездетүү реформаларынын жүрүшү элдин улуттук аң-сезиминин өсүшүнө алып келген. Улуттун негизги белгилеринин бири тил болгондуктан, тил маселелери алгачкы негизги маселелердин бири катары актуалдуулугу жогорулаган.

Улут өзөгү – тил. «Адеп башы-тил» – деп Махмуд Кашкари да жазган. Тил, тарых, ата мурастары-элдин көөнөрбөс кенчи. Кыргыз Эл Баатыры, Эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков буларды айткан: «Ар бир элдин касиети-эне тили. Башканы даңкташ үчүн эне тилдин сыйкырын

качырышка эч кимдин акысы жок. Күчү да жетпейт. Биз өзүбүздүн да, башканын да замандар бою жараткан асыл байлыгын акылмандуулук менен баалоого милдеттүүбүз. Тил – ар бир элдин башкы байлыгы» катары эсептейт [8.209].

А. Масалиев Кыргызстан Компартиясынын XIX курултайындагы докладында “Борбордук Комитеттин бюросу Кыргызстанда жашап жаткан улуттардын жана элдердин достугун, биримдигин чыңдоо маселелерине” өзүнүн көңүлүн бурган, пленумдарда каралган Улуттар аралык мамилелердин негизинде келип чыккан проблемалар кылдаттык менен талкууланган. Мамлекеттик тил жөнүндө Кыргыз ССРинин Закону жүзөгө ашырылып, орус тилин ошондой эле башка элдердин тилдерин жана маданияттарын өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлгөн [9].

XX кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымында башталган коомдогу улуттук кыймыл улуттук маселелердин ичинен биринчи иретте кыргыз тилинин ошол мезгилдеги абалы, коомдогу орду, келечек тагдыры жөнүндө курч маселелерди көтөрүп чыкты. Чындыгында, А. Масалиев Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы болуп турганда, өлкөдө бардык улуттар, коомдун бардык чөйрөсүндө тең укукка ээ болгону менен Кыргыз ССРи кыргыз элинин атын алып жүрөт, демек, кыргыз эли ушул аймактын ээси болгон соң улуттар аралык проблеманы чечүүдө ага негизги жоопкерчилик жүктөлөт. Ошондуктан кыргыз тили негизги тил катары кызмат кылуусу керек. Коммунистик партиянын идеологиялык талаптарына ылайык Совет коомунда элдерди жана улуттарды жакындаштыруу, эл достугун күчөтүү саясаты жүргүзүлүп, натыйжада, союздук республикалардын, дээрлик, бардыгында жергиликтүү элдердин тилдери басмырланган. Коомдук турмушта жергиликтүү элдердин тилдеринин колдонулуу чөйрөсү жылдан-жылга тарып олтуруп, ал үй-бүлөдө жана карапайым турмуш-тиричилик деңгээлинде гана колдонулган тил абалына жеткен. Мындай жагдай мурдагы союздук республикалардагы улуттук тилдердин көпчүлүгүнө мүнөздүү эле. Ал эми кыргыз тилинин өнүгүшү начар абалда экендигин, кыргыз жаштарынын эне тилин билбей калышын, дегеле жергиликтүү элдин тилинин өнүгүшүнө тоскоолдуктар болуп жатканын айткан белгилүү инсандар расмий бийлик тарабынан улутчул катары кабыл алынган [1]. XX кылымдын 80-жылдарынын аягында, 90-жылдарынын башында кыргыз тили адабий, сүйлөшүү жана диалектилик мүнөздөгү тейлөө кызматы жактан алганда, республикадагы 96 чөйрөнүн 23 чөйрөсүндө гана колдонулуп калган. Ошондой эле республиканын расмий ишмердүүлүгүндө 59 райондун ичинен, 11 райондо кыргыз тили иштетилген [2. 68]. Мына ушул жогорудагы сандык көрсөткүчтөр кыргыз тилинин колдунулушу канчалык тарыгандыгынын жана оор абалынын айкын далилдери болуп эсептелет.

Республиканын борбор калаасында жана өнөр жайлуу шаарларында кыргыз тилинде билим берүүчү мектептер өтө аз санда болгон. Алсак, 1986-1987-окуу жылында борбордо жалгыз №5 мектеп окуу-тарбия иштери кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектеп болгон. Кыргыз тилинде билим берүүчү мектептердин жоктугу же аздыгынын айынан чоң шаарлардагы кыргыз жаштары жалаң орус тилинде окуп билим алышкандыктан, кыргыз тилин билбей же начар билип калышкан [3].

1990-1991-окуу жылындагы статистикалык маалымат боюнча, Бишкек шаарында 77 орто билим берүүчү мектеп болсо, алардын 7% гана кыргыз тилинде, 39% орус-кыргыз тилдеринде, 54% нагыз орус тилинде билим берүүчү мектептер болгон. Ал эми 1996-1997-окуу жылында Бишкек шаарындагы орто билим берүүчү мектептердин 12,5% кыргыз тилинде, 62,5% орус-кыргыз тилинде, 25% орус тилинде билим берүүчү мектептер болуп, кыргыз тилдүү мектептердин пайдасына өсүш берген. Мындай көрүнүштөр республиканын түштүгүндөгү шаарлар үчүн да мүнөздүү эле. Мисалы, Жалал-Абад шаарында бир гана мектеп орус-кыргыз тилинде, калгандарынын баары орус жана өзбек тилдеринде билим-тарбия берген. Кызыл-Кыя шаарында бардыгы 8 орто билим берүүчү мектеп болсо, алардын экөөндө гана кыргыз тилинде сабак өтүлгөн [4.45].

Кыргызстандагы тил маселесинин оор абалга келишинин төмөнкүдөй көп себептери бар эле:

1. Эң негизгилеринин бири согуштан кийинки этаптан тартып 80-жылдардын ортосуна чейинки Коммунистик партиянын жана Совет өкмөтүнүн жүргүзгөн саясаттарынын негизинде келип чыккан. Шаарларда жергиликтүү улуттардын өз эне тилиндеги бала бакчалары жок болуп, кыргыз тилинде билим алуусуна шарт түзүлбөгөн .

2. Орус мектептерине кыргыз тилин окутуу киргизип, окуучуларга бекер тамак бердиргендиги үчүн алысты көрө билген жетекчи, Кыргызстан Коммунистик партиясынын

Борбордук Комитетинин биринчи катчысы И. Разаковго улутчул деген жалган жалаа жабылып кызматтан алынгандан кийин, орус мектептеринде кыргыз тилин окутуу токтотулган. Кыргыз тилинин баркы төмөндөгөн.

3. Орус тилиндеги мектептерди бүткөн кыргыз жаштарын кыргыз тили, адабияты, тарыхы, маданияты, жалпы эле улуттук руханий баалуулуктары жөнүндө маалымат жок болгон, болсо да абдан аз эле. Тескерисинче, орус жана совет элдеринин адабиятын жана тарыхын жакшы өздөштүрүп чыгышкан. Натыйжада, кыргыз болуп туруп, кыргыз рухунан ажыраган муун тарбияланды.

4. Орус тили улуттар аралык тил катары саналып, аны СССРдеги бардык улуттардын терең өздөштүрүүсүнө жакшы шарттар түзүлгөн. Республикаларда орус тилинде сүйлөө ар тараптан колдоого алынып, орус тилин мыкты билген адистер өз карьерасында жакшы ийгиликтерге жетишип, жакшы кызмат орундарды ээлешип, натыйжада, турмуш-шарттарын тез оңдой алышкан.

5. Бийликтин бардык деңгээлдеринде чогулуш-жыйындар орус тилинде өтүп, кыргыз тили, дээрлик, пайдаланылбай калган.

Кыргыз эл жазуучусу Ч. Айтматовдун ою боюнча, кыргыз жаштарынын орус тилинде сүйлөшү, бир жагынан, утук болду, анткени алар орус тили аркылуу көптү билүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү деп эсептейт [3]. Анын үстүнө, Кыргызстан – көп улуттуу республика, титулдуу улут республикадагы калктын жарымын гана түзүп, калган бөлүгү орустар, өзбектер жана башка улуттун өкүлдөрү болуп, бардыгы 80ден ашык улуттун өкүлдөрү жашашкан. Мындай көп улуттуу өзгөчөлүк өлкөдө официалдуу тил катары орус тилинин колдонулушун шарттаган.

1987-1988-жылдары республикада кош тилдүүлүк маселеси, айрыкча улуттук тил маселеси жөнүндө басма сөз беттеринде, радиодо, телевидениеде, илимий форумдарда катуу талкуулар жүрөт. Кыргыздар орус тилинин басымдуулук кылышы, кыргыз тилинин колдонулуудан чыгып баратышы тууралуу өздөрүнүн мыйзам ченемдүү кооптонууларын билдиришкен. А. Масалиев жетектеген Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитети жана кыргыз өкмөтү тил маселесин чечүү үчүн алгачкы кадамдарды жасаган. Мунун далили, 1988-жылы октябрь айында Кыргызстан Коммунистик Партиясынын Борбордук Комитетинин бюросунда, тил маселелери талкууланып, жыйынтыгында «Республикада улуттук жана кош тилдүүлүгү, кыргыз, орус жана башка СССР элдеринин тилдерин окутууну андан ары өнүктүрүү жөнүндөгү» токтом кабыл алынган [6]. 1989-жылы май айында, Ч. Айтматов, Т. Сыдыкбеков, Б. Орузбаева жана башкалар башында турган кыргыз илимий, чыгармачыл интеллигенциясынын 50гө жакын өкүлү А. Масалиев башында турган Кыргызстан Коммунистик Партиясынын Борбордук Комитетине кайрылышкан. Анда Кыргызстан Коммунистик Партиясынын Борбордук Комитетинин жогоруда сөз кылынган токтомуна, сын-пикир айтылып, кыргыз тилинин колдонулуш чөйрөсүнүн төмөндөшүн мындан ары токтотуу, аны колдоого алуу зарылчылыгын жана мыйзам түрүндө конституцияда бекемделиши талап кылынган. Эне тилди өнүктүрүү боюнча комитетти түзүү зарылдыгын белгилешкен.

1989-жылы 23-сентябрда, Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңеши элдин катуу жана курч талабын эске алуу менен “Кыргыз тилинин мамлекеттик статусу” жөнүндө мыйзамын бир добуштан “Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндөгү Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын мыйзамын” кабыл алды [6]. Бул мыйзам кыргыз тилинин совет доорундагы өнүгүшүндө орун алган кемчиликтерди жоюга, мындан ары анын мамлекеттик, коомдук турмуштун бардык чөйрөсүндө мамлекеттик тил катары ар тараптуу жана толук түрдө колдонулушун камсыз кылууга багытталган зор тарыхый мааниси бар документ болгон.

Тил мыйзамын ишке ашырууга байланыштуу Жогоку Кеңеш “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамын колдонууга киргизүү тартиби тууралуу” Кыргыз ССР Министрлер Совети 1989-жылы 27-октябрда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамы”, “Кыргыз Республикасынын тил мыйзамын ишке ашыруу боюнча иш чаралар жөнүндө” жогорку деңгээлдеги токтомдорду кабыл алат. Кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 1992-жылы 21-апрелде республиканын аймагында мамлекеттик жана мамлекеттик эмес ишкана-мекемелерде, окуу жайларда жана башка бөлүмдөрдө иш кагаздарын кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүү менен кыргыз тилине толук өтүүнүн мөөнөтү 1997-жылга чейин белгиленип, ага керектүү шарттарды түзүү көрсөтүлгөн.

Катуу жана курч күрөштүн натыйжасында Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинде 1989-жылы 23-сентябрында “Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндөгү Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын мыйзамынын” кабыл алынышы менен аяктаган.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Жаштарга айтар сөз: Интервью. // «Советтик Кыргызстан» 1990.- 8- февраль;
2. Акматов К. Окуялар, адамдар («Миң бир күн»). - Бишкек, 1998. - 36-б.
3. Асанканов А. Кыргызы: Рост национального самосознания. – Бишкек: Мурас, 1997. -68-б.
4. Айтматов Ч. Жаштарга айтар сөз: Интервью. // «Советтик Кыргызстан» 1990.- 8-февраль;
5. Айтматов Ч. Живи сам и дай жить другим: По поводу проекта закона о языках народов СССР. // Литературная газета. – 1989. -22 ноябрь.
6. Айтматов Ч. Жаштарга айтар сөз: Интервью. // «Советтик Кыргызстан» 1990.-февраль.
7. Сыдыкова К. Ата Журтум-ардагым. Б., 2008.209-б.
8. «Советтик кыргызстан» №136 1990-ж., 15-июнь

УДК: 958:300

А.Т. Бердиев, БатМУ

А. Масалиевдин мамлекетти башкаруудагы адамдык жогорку сапаттары бүгүнкү, эртеңки жетекчилер үчүн үлгү (А. Масалиевдин 80 жылдыгына арналат)

Макалада А. Масалиевдин мамлекетти башкаруудагы инсандык жогорку сапаттары:тазалыгы, калыстыгы, жөнөкөйлүүлүгү, кичи пейилдүүлүгү, чынчылдыгын чагылдыруу менен бүгүнкү жетекчилерге үлгү катары көрсөтүлгөн.

В статье показаны личностные высокие качества в управлении государством А. Масалиева как пример нынешним руководителям: чистоплотность, адекватность, простота,скромность, честность.

This article deals with A. Masaliev`s high personal quality at the head of the government as the model for current leaders of the country; as being accurate,adequate,simple,modest, honest.

Эгемендүүлүк доорундагы коомду демократиялаштыруу процесси көп жылдар бою өкүм сүрүп келген идеологиялык басмырлоонун жоюлушуна мүмкүндүк түздү. Натыйжада, элибиздин басып өткөн тарыхый жолундагы бурмаланып келген көптөгөн тарыхый фактылар, анын ичинде Улуу инсандарыбыздын адилетсиздик менен айтылбай келген ысымдары калыбына келтирилип, тарых барактарынан татыктуу орундарын ээледи. Кыргыз мамлекетинин бекемделишине, анын экономикалык жактан чыңдалышына, калкыбыздын жашоо деңгээлинин жогорулашына, маданиятынын өсүшүнө өмүрлөрүн арнап, зор салым кошкон мамлекеттик жетекчилердин арасында Искак Раззаков, Турдахун Усубалиев, Апсамат Масалиевдер өзгөчө орунда турат.

Абсамат Масалиевичтин аты кыргыздын тарыхында эл тарабынан берилген "Таза, калыс адам" деген баасы менен калды. Эл – тараза. Эл гана ушундай таамай баа бере алат. Ал эми элдин алкоосуна, бийик баасына жетүүгө бардык эле коомдук ишмерлер, саясатчылар татыктуу боло бербейт.

"Калк камы деп, жан сабаган азамат, Элде айтылат: "жүз жылда бир жаралат". Балким бирөө бизден мурда келгендир, Бирөө келээр, бизден кийин сабалап". А. Хакани: (1122-1195-ж.ж.) Чыгыштын улуу акыны жазгандай, Абсамат Масалиев кыргыз элинин келечеги, жыргалчылыгы үчүн жанын сабаган, акыйкатчыл, кара кылды как жарган калыс, карапайым, эл мүдөөсү дегенде, ичкен ашын жерге койгон элибиздин тарыхындагы сейрек туула турган чыгаан атуулдардын бири эле, ал тирүү болгондо быйыл 80 жашка чыкмак.

Оомалуу-төкмөлүү бул жарык дүйнөгө келгендин баары акыры бир күнү аны таштап, түбөлүк жайына кетээри турган иш. Бул адам эркинен тышкары табияттын Улуу мыйзамы. А бирок, азбы-көппү, өзүнө берилген мөөнөттү кандай жашап өтүү – бул адам баласынын өз эркиндеги. Ансыз дагы ченелүү ошол өмүрдү бирөөлөр ойлонбостон, оңду-солду чачып жүрүп өтөт. Бирөөлөр чалынып-чалыштабай, кадимки адамдык эреже-ченем менен, түз басып, түз сүйлөп, сарамжалдуу, санжыралуу жашап кетишет.

Баштагы акыл-эси тунук, денеден кайрат-күчү тая элек, ой-санаасы эмгектен жадай элегинде эртерээк о дүйнө салган саясий, коомдук жана мамлекеттик ишмер Абсамат Масалиевдин жаркын өмүрү буга даана мисал. Өзүн-өзү андап билгенден берки аң-сезимдүү өмүр жана эмгек жолун тоо инженеринин так, татаал жумушунан баштан, табиятындагы зиректиги, акылынын тетиктиги, турмушту терен билгендиги жана уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасында ал өз учурунда партиялык, мамлекеттик ишмердиктин эң бийик баскычына чейин көтөрүлдү.

Бүтүндөй доорду башаламан түшүргөн кайра куруунун жышааны утурлап, турмуш олку-солку, эл ичи толкундап аламан боло баштаган 1985-1991-жылдары ал бүтүндөй элдин тагдыр-түйшүгүн, жоопкерчилигин мойнуна алып, Кыргызстан КП БКны жетектеп жана республиканын Жогорку Кеңешин башкарып турду. Кийин Совет өлкөсү кулап, Кыргызстан өзүнчө эркин өлкө болуп жашап калганда дагы ал Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайланып, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүн ийгиликтүү улантты. Кандай кызмат аткарбасын, жаштайынан жашоого, жумушка бышкан мээнеткеч адам катары, бардыгында ак ниет менен жан аябай иштеп келди. Ал эми, республиканын башында турган жетекчи үчүн эң оболу кара кылды как жарган калыстык, саясий жана башкаруучулук көрөгөчтүк, кыраакылык, өзүнүн жана жакындарынын эмес, жалпы эл кызыкчылыгын биринчи планга коюу эң башкы талап экени түшүнүктүү го. Абсамат Масалиевич дал ушул эрежелерден тайбай, өз тажрыйбасында аларды сактоого өтө катуу аракеттенди.

Табиятында жөнөкөй, кичи пейил, ички-тышкы маданияты бирдей, чоң абийирдүү адам катары, ал карапайым калктын турмуш-шартына көбүрөөк көңүл буруп, анын үнүн угуп, бардык учурда таза жашап, таза иштеди. Өзү таза болгон адам башкалардан дагы, эң оболу жогорку чиновниктерден, ошону кылчагы жок, чечкиндүү талап кыла алат да. Таза бололу демекчи, айрыкча биздин доордо эл башкарган жетекчинин таза болушу бул бир чоң таңсыктык, аны үмүт менен карап турган элге барандуу чоң үлгү, чоң таасир, ал тургай, бул өзүнчө эле бир эрдик. Себеби, бардык нерсенин түйүнү дал ушунда жатат. Айрыкча ушул эрдиги, чынчылдыгы, талаптуулугу Абсамат Масалиевичти элге көбүрөөк жакындатып, ага элдин ишенимин арттырды.

Экинчиден, бул инсан республиканы башкарып турган кезде адамдар эч кандай кысынбай, эркин дем алып, бирөөлөрдүн аркасынан аңдытып, беймаза кылган күңүрт көрүнүштөр, нааразылык толкундоолор жок, өлкөдө бейкуттук, тартип болуп, эл тынч жашады. Өлкөнүн ички абалынын туруктуулугу жана анын алдыга жылышы үчүн бул дагы мааниси аз эмес, кала берсе, чечүүчү фактор деп эсептейм. Ошол кездеги биринчи катчынын кийинкилерге үлгү болорлук иш тажрыйбасындагы дагы бир мыкты сапатын канааттануу сезими менен белгилөөгө болот. Бул – коррупция, алдым-жуттум маселеси. Масалиевдин тушунда коррупция, паракорлор, аны менен бирге кошоматчылык дегендер азыркыдай күч алган эмес болчу. Бул тууралуу эл арасында көп мисалдар айтылып келет.

Ошондой эле Абсамат Масалиевичтин арбагына таазим менен белгилей турган анын ишмердигиндеги дагы бир алгылыктуу жагдай кийинки учурларда өнөкөт болуп кеткен жогорку орундагы жетекчинин бийик даража беделин төмөндөтүп, бийликке элдин ишенимин кетирчү, жумшак айтканда, жагымсыз иш мамлекетти үй-бүлөлүк ыкма менен башкарууга жол койгон жок. Ал кыраакы жетекчи катары бул сыноодон дагы татыктуу өттү. Ал өз учурунда өлкөнүн экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүшү, элдин жашоо-турмуш деңгээлинин жогорулашы үчүн колунан келгендин баарын таза жана аянбай жасады. Ал эми калганын мезгил айтат, анткени баарынан мезгил калыс эмеспи. Абсамат Масалиев куру убада бергенди жеринен жек көргөн. Убада бердиби, анын өтөөсүнө чыкмайынча, жаны жай алган эмес. Аты бар, заты жок "демократия аралчасы" атыккан Кыргызстандын бийлик башындагы жетекчилеринин кетирип жаткан кемчилдиктерин ал таамай айтып, көзгө сайгандай сындап келди. "Айткандын оозу жаман" болуп, ошол замат бийлик аны төө бастыга алып, колдон-буттан тушады. Ошентип, мурдагы өкүмдар бийлик башчысы колдо бар жакшыбызды да тирүүсүндө түзүктөп сыйлай албай, минтип өзү да сыйдан куржалак калып, акыры бөлөк эл, бөтөн жерге куулуп тынды.

Абсамат Масалиев айрыкча жер маселеси көтөрүлгөндө, аны сактап калуу жөнүндө ачуу чындык сөздөрүн жашырбай, таамай коюп, далай чондорго жок жеринен жакпай калып, жаман көрүнгөн.

Өз учурунда өлкөсүнө, эл-журтуна кошкон опол тоодой салымы калыс бааланбай, бааланмак турсун, жогору жактан тоскоолдуктар болуп, Акаевчил көр пенде саясат муну да көрө албай, убагында депутаттар бир ооздон көрсөткөн сыйлыкты колдоп койгонго да жараган жок.

Албетте, Абсамат Масалиевге Акаевдин жарым барак жарлыгы эмес, элдин нукура сыйлоосу эле жетиштүү болчу. "Ак ийилет, бирок сынбайт", – дейт, кеч болсо да, а кишинин төө көтөргүз ак эмгеги акыйкат бааланып, Курманбек Бакиев өлкөнүн Президентинин милдетин аткарууга киришер замат өзүнүн жарлыгы менен ага "Кыргыз Республикасынын Баатыры" деген эң жогорку мамлекеттик наамды ыйгарды [2.8 б.].

А. Масалиев, негизинен,өтүп кеткен XX кылымга тиешелүү болгон ири саясий ишмер. Ал эми ар бир тарыхый доорго мамлекеттик ишмерлердин өзүнчө түрү, өзүнчө үлгүсү ылайык келери белгилүү. Абсамат Масалиевичтин бүтүндөй акыл-эстүү жашоо-турмушу, көп кырдуу эмгектик жана саясий ишмердиги дал ошол кечээки өтүп кеткен кылымга тушма-туш келип, Совет доорунда уламдан-улам өнүгүп-өөрчүдү. Социалисттик система, коммунисттик түзүлүш анын бардык өздүк сапаттарын, мыкты жактарын: жөндөмдүүлүгүн, артыкчылыгын, өзгөчөлүгү менен дараметин ар тараптан далилдеп бериш үчүн ыңгайлуу болгон бардык шарттарды түзүп бергендиги анык. Мунун негизинде, өлкөбүздүн эң четки аймактарынын биринде өсүп чоңойгон зээндүү, зирек, намыскөй элеттик жигит катардагы тоо устатынан-республиканын биринчи даражадагы жетекчисинин деңгээлине чейин өсүп жете алган.

Ага көрсөтүлгөн мындай бийик камкордук менен ишенимге жооп кылып, А. Масалиев бүтүндөй өмүрүн, билими менен тажрыйбасын, иш аракеттери менен ой-тилектерин коммунисттик идеалдар, элинин түпкү кызыкчылыгы үчүн сарптады. Анын акыркы жылдардагы 15 жылга чамалаш ишмердиги Кыргызстан эгемендиктин шарданасы астында жашап жаткан маалга туура келди. Президенттик экинчи шайлоодо жен ичинен жүргүзүлгөн ар кандай жагымсыз аракет, ыплас технология, кысым көрсөтүү, бурмалоолордун залалы менен жеңилишке кириптер болгонуна карабастан, ал өзүнүн саясий күрөшүн токтотуп койбостон, тескерисинче, кайра күчөтүп, Акаевдик бийликке каршы кулач жая баштаган элдик кыймылдын көч башында турду.
Кыргызстан коммунисттер партиясынын башчысы катары, ал ошол үстөмчүл бийликти аны колдо болгон бардык мүмкүнчүлүктөрдү билгичтик менен пайдалануу аркылуу парламенттин трибунасынан, басма сөз беттеринен, калайык менен жолугушууларда көзгө сайгандай кылып, өтө кескин, бирок туура жана акыйкат сындап келди. Бул өз кезегинде карапайым калктын саясий ан-сезиминин ойгонушуна, өкүмчүл режимге каршы чечкиндүү аракеттерге баруусуна жана андан арылуунун жолдорун издеп табууга чоң өбөлгө түзгөнү талашсыз.

А. Масалиевди жакшы тааныган, бирге иштешкен, айткан акыл-насааттарына, берген кенештерине назар салгандардын баарысы аны партиянын облустук жана Борбордук комитеттеринин биринчи катчысы, Жогорку Кеңештин төрагасы, парламенттин мүчөсү, Кыргызстан коммунистеринин жетекчеси катары өзүн ар дайым өтө жөнөкөй алып жүргөн, бирок жекече өзүнүн жүрүш-турушу, адеп-ахлагы, абийир-парасаты, ички маданияты боюнча башкалардан сезилээрлик денгээлде кескин түрдө айырмаланып, түбөлүккө чоң тамга менен жазылап кала турган чыныгы Адам катары кабыл алышканы баарыбызга маалым [2.5].

А. Масалиевдин жөнөкөйлүгүн 1970-жылдын Октябрдын башында ал шаардын активин чогултуп, баарыңар эртең "Ташкөмүр" совхозуна пахта теримге өз жамаатынар менен чыгасыңар деген тапшырма берген. Эртеси ал жерге келсе, Абсамат Масалиевич өзү баш болуп, үстүнө купайке, бутуна керзовый өтүк кийип, фартук байланып, бюро мүчөлөрү, өзүнүн кызматкерлери менен пахта терип жүрүптүр. Ал киши башына жүз килограммдан пахта терсеңер кутулуп, ишиңерге бара берсеңер болот деп, өзү баарынан арбын терип, биринчи орун ээлеген эле. Ошондо Кыргызстан КП БК биринчи секретары Т.У. Усубалиев менен пахта талаасынан жолуккан, кийин пленумдарда, чогулуштарда Т.Усубалиев айтып жүргөн [1.71 б.].
Бирок, чындык үчүн айта кетүү абзел, кээ бир жетекчилерге мындай катуу талаптар жаккан жок. "Көч бара бара түзөлөт", – дегендей, кийинчерээк шаар жетекчилери анын мүрөктөй тазалыгы, жөнөкөйлүгү, маданияттуулугу, интеллектуалдык деңгээлинин бийиктиги айкын-ачык билине баштаган сон, анын чечкиндүү талаптарына тез эле көнүп кетишти.

А. Масалиевге мүнөздүү болгон өзгөчө бир касиет ал өзүнүн кесиптештеринен айырмаланып, артыкча жасанып-түзөнүп кийинбей, кызматына жараша бой көтөрбөй, кол астындагы кызматкерлерге сын пикир айтып, көңүлүн оорутчу эмес. Тескерисинче, аны менен аңгемелешип калган адамдын аң-сезимине Абсамат Масалиевичтин турмушка болгон көз карашы

мөңгү суусундай тунук, ойлогон ою терен турбайбы деген пикир туудуруп, мыкты жетекчи, такшалган уюштуруучу, чебер саясатчы катары эстен кеткис таасир калтырган. Анын чынчылдыгы, адилеттүүлүгү, кечиримдүүлүгү айтпаса деле, бизге белгилүү. Кокусунан, мейли иште, мейли жекече турмушта болсун, кокус жерден кемчилик кетирип алгандарды кечирип, билбегенин үйрөтүп, аны жоюп, аягына чейин так аткарууну алардан талап кылган.

Жакшы жетекчи болгуң келсе, таза иштеп, таза жүргүн, ичимдик ичкендерден алыс болгун, андан жакшы аттуу болбойсуң, деп насааттарын калтырган. Абсамат Масалиевич тууганчылык, жердешчилик, улутчулдук сыяктуу терс көрүнүштөргө жол бербей, адамдардын баарына бирдей калыс мамиле жасоо, интернационалист болуу, элдин биримдигин сактоо жөнүндө талаптарды дайыма коюп келген. Элди урук-урукка, жек жаатка бөлүп-жарууга түп тамырынан каршы болгон, Абсамат Масалиев: "Менин бир эле уругум бар – ал кыргыз", – деп айткан сөздөрү бүгүнкү күн үчүн сабак."Өткөн өмүр, баскан жол артка кайтпайт", – дегендей, эми арман кылгандан көрө, биз сабыр кылып, көп улуттуу элибиздин биримдигин сактап, бакубат турмушка жетүү үчүн "жабыла көтөргөн жүк жеңил", – демекчи, баарыбыз белсенип иштесек, өлкөбүздүн өнүгүү жолунда "Кризис", "Кыйынчылык" "өзгөчө кырдаал" деген опурталдуу жагдайлар жоголуп, жаш мамлекетибиз алдыңкы өлкөлөрдүн катарына кошулса, жетекчилерибиз туруктуу саясатка кадам шилтеп, эли-журтубузда бай, кедей деген ажырым болбой, жарыша эмгектенүүгө жол ачылса, Абсамат Масалиевичти өмүрүнүн акырына чейин түйшөлткөн ой-максаттары орундалган болоор эле деп ойлойм [2. 6 б.].

Ал кызмат абалынан пайдаланып, артыкча жайыл дасторкон уюштурууну жагымсыз көрүнүш катары жоюуну бардык жетекчилерден талап кылчу. Кокустан ошондой жагдайга туш келсе: Эмнеге силер азык-түлүктү төгүп, чачып, ысырап кыласыңар? Минтип жүрсөңөр, кантип эл башкарасыңар? Эгерде элдин баарында кененчилик болсо, анда мейли эле. Азырынча, андай мүмкүнчүлүк жок деп, шаан-шөкөт куруп, жеп-ичкенге каршы пикирин айтып, мындан көрө, өз ордунарда, тартипти колго алсаңар, артынардан эл ээрчийт. Эгер сүйлөгөнүңөр менен жасаганынар төп келишпесе, ишиңердин жыйынтыгы жакшы болбойт деген кеңешин дайыма айтып келген.

Чындыгында, мындай тартипке Абсамат Масалиевичтин бүт үй-бүлөсү энеси Жумагул баш болуп, биротоло көнүп калганын, анын аялы Кайрынса эже көчөдөгү карапайым адамдарга аралашып, кызмат машинаны да пайдаланбай, базардан, дүкөндөрдөн өздөрүнө керектүү азык-түлүк, кийим-кечек сатып алып жүргөнүн, жөнөкөй эле тигүүчү болуп иштеп, чоңдун аялындай менменсинбей, өз жумушун так аткаргандыгын, мектепте окушкан балдарынын да адептүүлүгүн жакшы жагынан сөз кылып, бардык жетекчилер ушундай болсо, элге бир топ жеңил болот эле деген пикирлерди биз ардайым угуп жүрдүк деп замандаштары эскеришет.

1985-жылдын жай айларында ал КПСС Борбордук Комитетинин аппаратына инспекторлук кызматка бекитилип, кайра ошол эле жылдын ноябрында Кыргызсган КП БКнын биринчи катчысы, андан къп узабай, М.С. Горбачевдун кайра куруу саясатынын талабына ылайык Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагалыгына шайланып, жогорку жоопкерчилик менен иштеди. Бирок ал өтө татаал шарттарга туш келди. Иш башталышында эле тышкы жана ички карама-каршылыктар, тоскоолдуктар менен коштолуп жүргүзүлгөнү азыркыга чейин коомчулуктун эсинде.

Бийликке байланыштуу тарыхый бир окуя эске түшөт, учурунда Н.С. Хрущев Казакстанга келгенде, Д.А. Кунаев менен болгон аңгемесинде И.В. Сталиндин аялы Н. Аллилуевага жылуу пикирин айтып, ал аркылуу Сталин менен таанышканын кеңири сөз кылат. Бирок ал "жакшылыкка жамандык" дегендей, кийин партиянын XX курултайында Сталинди каралап, бүт дүйнөгө жар салган эле. Анын сыңарындай, өз убагында Абсамат Масалиевичтин көмөгү менен бийик кызматтарга көтөрүлгөн айрым жетекчилер менен депутаттар эки жүздүүлүк менен, анын талапкерлиги Жогорку Кеңештин сессиясында сунушталганда толук колдобой, ага бар болгону төрт депутаттын добушу жетпей калганы белгилүү [3. 70 б.].

Кыргызстандын бүгүнкү экономикалык, саясый, социалдык абалына 1990-жылдагы алгачкы президенттик шайлоого катышкан, добуш берген 350 депутаттын түндүк, түштүк болуп бөлүнүүсү, трайбализмге жол бериши болду. Башка Орто Азия Республикалары сыяктуу эле, жок дегенде алгачкы беш жылдыкта президент болуп иштеп бергенде, биздин экономикалык абалыбыз мындай кризистик абалга туш болбойт эле. Айыл чарбасы, мал чарбасы, өнөр-жай

тармактарындагы туура эмес реформалар жүрбөйт болчу. Коншу өлкөлөр Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан сыяктуу эле өнүгүүнүн жолуна түшмөкпүз.

Эртедир-кечтир ар бир саясий ишмердин орунду бошотуу мезгили келерин Абсамат Масалиевич туура түшүнүп, аны кадыресе турмушта боло турган окуядай эле кабылдап, кызматтан кеткенине эч кайгырган эмес экен. Андан кийин эл арасында бийик урмат-сый менен жүрүп, эки жолу Жогорку Кеңештин депутаты болуп кайрадан чоң саясатка аралашып, омоктуу ойлорун ортого салып, өмүр жолунда топтогон иш тажрыйбасын жаш саясатчыларга үйрөтүп, эл-журттун кызыкчылыгын коргоп, ат көтөргүс салым кошуп, өзүнүн сүттөй ак абийири менен элдин, коомдун, өзүнүн үй-бүлөсүнүн алдында таза жашап, татыктуу өмүр сүрүп өттү.

«Арбак ыраазы болбой, тирүүлөрдүн иши жүрүшпөйт» – деген эреже, акыл кылымдардан бери айтылып келет, ошондуктан өткөн акылмандарыбызды, ойчулдарыбызды, мамлекеттик, коомдук ишмерлерибиздин ишмердүүлүктөрүнө туура баа берүү менен таазим этүү биздин ыйык парзыбыз.

Адабияттар

1. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр. -Б. 1996. - 71 б.
2. Масалиев И. Элибиздин сыймыгы, ата журттун ардагы. - Б. 2008. - 5-6-бет]
3. Акматов К. Окуялар, адамдар (Мин бир күн). - Б., 1998. – 70 б.
4. Исаев К. 2005-жыл Кыргызстандын кайра жаралуусунун башаты. - Б. 2005. – 70 б.

УДК:15

Закиров А., Каримбекова Г.Т., ОшГУ

Этнический стереотип: семейно-бытовых стереотипов на материале кыргызского этноса

Проведенное исследование продемонстрировало возможность анализа стереотипов студенток - кыргызок в сфере семейной жизни.

The conductch showed the possibility of the of stereotypes of Kyrgyzstudents in sphere of family life.

В научный обиход понятие «социальный стереотип» было введено Уолтером Липпманом, который рассматривал его как упорядоченный, схематичный, детерминированный культурой образ (или «картинку») мира в голове человека. Липпман выделял следующие основные причины, по которым люди прибегают к стереотипизированию: во-первых, по принципу экономии усилия, они не стремятся реагировать каждый раз по-новому на окружающие явления, а подводят их под уже имеющиеся категории; во-вторых, таким образом они защищают групповые ценности и свои права. Основными свойствами стереотипа, таким образом, являются: устойчивость (или существование одних и тех же стереотипов у разных поколений людей внутри одного этноса), ригидность, избирательность восприятия информации и эмоциональная наполненность. Этнический стереотип в этой связи можно определить как «упрощенный, схематизированный, эмоционально окрашенный и чрезвычайно устойчивый образ какой-либо этнической группы или общности, с легкостью распространяемый на всех ее представителей» [11].

В приведенном определении не учитывается один важный аспект, связанный с социальными стереотипами: их существование определяется не только и не столько представлениями отдельного индивида, сколько фактом «группового согласия» Австралийские ученые отмечают, что исследователи стереотипов обычно исходят из понимания стереотипа как индивидуального, «частного» явления. Тем не менее, сама возможность возникновения и воздействия стереотипных представлений на межличностное восприятие, а также интерес к ним науки и необходимость их изучения определяется свойством стереотипов возникать не просто в «головах» отдельных людей, а в сознании целых групп: «Стереотипы могут стать социальными, только когда они разделяются большой группой людей внутри социальной общности – разделение означает процесс эффективного проникновения данных стереотипов в сознание людей». Аслам, Тернер и др. вслед за Тэджфелом предлагают свой взгляд на эту проблему, утверждая, что «согласованность стереотипов является результатом особого выделения роли групповой идентичности, деиндивидуализации «Я» (самостереотипизации) и

соответствующего с этим изменения восприятия и поведения». Они рассматривают выдвижение на первый план факта принадлежности группе в качестве следствия так называемой «категоризации в контексте», способствующей унификации взглядов членов группы путем поддержания их представлений об ингрупповой сплоченности или оказания прямого давления с целью достижения необходимого единства. Авторы подчеркивают, что признание факта «группового согласия» жизненно важно для подлинного понимания стереотипа как явления социального порядка [5].

Интересный аспект воздействия стереотипов на межличностное и групповое общение затрагивает Н. Лебедева: она выделяет 4 основные характеристики стереотипов, влияющие на коммуникативное поведение.

1. Стереотипизирование – результат когнитивного «отклонения», вызванного иллюзией связи между групповым членством и психологическими характер-истиками (например, англичане – консервативны, немцы – педантичны).
2. Стереотипы влияют на способ прохождения информации, ее отбора (например, об ингруппе обычно запоминается наиболее благоприятная информация, а об аутгруппе – наиболее неблагоприятная).
3. Стереотипы вызывают ожидания определенного поведения от других, индивиды невольно пытаются подтвердить эти ожидания.
4. Стереотипы рождают предсказания, склонные подтверждаться (поскольку люди невольно «отбирают» модели поведения других людей, согласные со стереотипами) [5].

Целесообразно рассмотреть понятие «стереотип» в соотношении с близкими по смыслу категориями установки, предубеждения и предрассудка. Г. Солдатова включает эти понятия в ряд межэтнических установочных образований, которые «содержат эмоционально-оценочное отношение к различным этническим группам и характеризуют уровень готовности к соответствующим поведенческим реакциям в межэтническом общении» Этнический стереотип, по мнению ученого, представляет собой «в первую очередь, «культурное» образование, естественное и неизбежное до тех пор, пока будут существовать народы и этнические группы». В свою очередь, предубеждение и предрассудок – это как бы более «социальные» установки: их формирование в значительной степени зависит от конкретной общественно-исторической ситуации». Предубеждение характеризуется негативным эмоциональным зарядом и «соответствует таким формам поведения как избегание общения или уклонение от межэтнических контактов в определенных сферах жизнедеятельности». Предрассудок в свою очередь отличает большая концентрация негативных эмоций, «чрезмерное восхваление достижений и качеств своей нации в сочетании с высокомерным отношением и неприязнью к другим народам». Предрассудок в реальном поведении уже не ограничивается стратегией избегания, а проявляется в конкретных поступках дискриминирующего характера [13].

И. Кон рассматривает установку как «определенное направление личности, состояние готовности, тенденцию к определенной деятельности, способной удовлетворить какие-то потребности человека» [3]. Таким образом, установка представляет собой как бы некий угол зрения или призму, через которую человек рассматривает мир и происходящие в нем события. Как отмечает С. Рыжова, «установки формируют стиль отношения человека к ситуациям с ярко выраженным этническим контекстом и создают психологическую базу для соответствующего поведения в этнонапряженной ситуации» [12]. Согласно И. Кону, установка связана с определенной системой ожиданий и эталонов, в сравнении с которыми мы рассматриваем любое явление. Стереотип, в свою очередь, является уже сформированным выражением той или иной социальной установки по отношению к определенному явлению. И. Кон рассматривает стереотип как «неотъемлемый элемент обыденного сознания», помогающий индивиду «ориентироваться в жизни» и «направляющий его поведение» (это соображение имеет прямое отношение к представлениям героя Ф. Сологуба о поляках и евреях). Неизбежность стереотипизирования И. Кон объясняет универсальностью склонности людей рассматривать явления чужой культуры сквозь призму культурных традиций и ценностей своего собственного народа. Сам по себе этноцентризм не опасен; проблема возникает тогда, когда реальные или мнимые различия между людьми возводятся в абсолют и превращаются в негативную или даже враждебную установку по отношению к другому народу, которую Кон определяет как этническое предубеждение. Стереотипы и предубеждения автор относит не

столько к явлениям психологическим, сколько социальным: «Чтобы понять природу этнических предубеждений, нужно изучать не столько предубежденного человека, сколько порождающее его общество» [3].

В связи с анализом понятия «стереотип» исключительно важным представляется рассмотрение стереотипизации как одного из механизмов социального восприятия. Необходимо четко разграничивать эти понятия, тем более, что за стереотипом в обыденном сознании прочно закрепилась негативная оценка. Но если корни стереотипа уходят в факторы социального порядка, то стереотипизация является, прежде всего, универсальным психологическим процессом. Явление стереотипизации обусловлено принципом экономии, свойственным человеческому мышлению, его способностью двигаться от единичных конкретных случаев к их обобщению и обратно к этому факту, понятому уже в рамках общего правила. Как пишет С. Агеев, «стереотипизация выполняет объективно полезную функцию, поскольку грубость, упрощенность, схематизм – это оборотная сторона медали, неизбежные «издержки» таких необходимых для психической регуляции человеческой деятельности процессов как селекция, ограничение, стабилизация, категоризация» [1].

Таким образом, ни сам стереотип, ни, тем более, процесс стереотипизации, не могут рассматриваться как однозначно негативные явления социальной жизни. Только формирование этнических предрассудков и предубеждений, по определению несущих в себе отрицательный заряд и ведущих к усилению межэтнической напряженности, является серьезным препятствием к взаимопониманию между народами.

В механизм формирования стереотипов вовлечены не только схематизация, категоризация и т.п., но и другие когнитивные процессы, прежде всего каузальная атрибуция, или приписывание причин поведения и достижений индивидов на основании групповой (в частности, этнической) принадлежности. Люди объясняют поведение влиянием внутренних (личностных, субъективных) и внешних (ситуативных, средовых, объективных) факторов. При этом они склонны свои успехи объяснять своими внутренними качествами, а неудачи – внешними обстоятельствами. Напротив, успехи других чаще объясняются внешними, а неудачи – внутренними факторами. Этот феномен неразрывно связан с функцией, которую выполняет в психологической структуре личности «Я-образ», складывающийся как результат взаимодействия базовых оценочных отношений человека к миру, себе и другим людям. Эта функция состоит в защите положительной самооценки самыми разнообразными способами: от завышения своей самооценки до занижения оценки других.

Чрезвычайно интересна в этой связи проблема происхождения и формирования стереотипов, уже косвенно затрагиваемая нами ранее: являются ли социальные стереотипы следствием индивидуально-психологических особенностей человека или вызваны иными причинами. В психологии существует ряд теорий, пытающихся по-своему ответить на этот вопрос. Одной из них является теория фрустрации и агрессии, разработанная в русле необихевиоризма. Неудовлетворенное, заблокированное стремление человека создает в психике состояние напряженности, фрустрации, которое в поисках разрядки часто находит ее в акте агрессии. На уровне общественной психологии объектом вымещения оказывается расовая или национальная группа. В рамках психоаналитической школы сходный механизм имеет теория проекции, основная идея которой состоит в универсальности бессознательного приписывания другим собственных стремлений и импульсов, не совместимых с сознательной установкой индивида:

